unesco

# ММС ААЛАМЫНА САЯКАТ



**Медиа жана маалыматтык сабаттуулук**

Жаштар уюмдары үчүн колдонмо

Бириккен Улуттар Уюмунун Билим, илим жана маданият мекемеси тарабынан 2026 жылы басылып чыгарылган, 7, place de Fontenoy, 75352, Париж 07 SP, Франция жана ЮНЕСКОнун Алматыдагы Регионалдык кеңсеси, Казакстан.

© ЮНЕСКО 2026

ISBN 978-92-3-000286-2
DOI 10.58338/MRPP1112

Бул басылма Attribution-ShareAlike 3.0 IGO (CC-BY-SA 3.0 IGO) лицензиясынын шарттары боюнча ачык жеткиликтүү (http://creativecommons.org/licenses/by-sa/3.0/igo/).
Басылманын мазмунун колдонуу менен, колдонуучулар Ачык жеткиликтүүлүк боюнча Репозиторийинин колдонуу шарттарын сактоого макул болушат (https://www.unesco.org/en/open-access/cc-sa).

Түпнуска аталышы: Journey through the MILtiverse: media and information literacy toolkit for youth organizations.
2024-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун Билим, илим жана маданият боюнча уюму (ЮНЕСКО) тарабынан басылып чыккан.

Жылдызча (*) менен белгиленген сүрөттөр CC-BY-SA лицензиясынын алкагына кирбейт жана автордук укук ээлеринин алдын ала уруксатысыз колдонууга же кайра басып чыгарууга болбойт.

Бул басылмада колдонулган белгилер жана материалдардын берилиши ЮНЕСКОнун эч бир мамлекеттин же аймактын укуктук статусу боюнча же анын чек араларын же чек араларын делимитациялоого карата кандайдыр бир пикирин билдирбейт.

Басылмадагы ой-пикирлер авторлорго таандык жана сөзсүз түрдө ЮНЕСКОнун расмий көз карашын чагылдырбайт жана уюмду милдеттендирбейт.

Бул басылманын иштелип чыгышы Европа Биримдигинин тынчтыкка жана туруктуулукка салым кошуу инструменти тарабынан каржыланган ЮНЕСКОнун "Social Media 4 Peace" (SM4P) ("Социальные медиа во имя мира"/"Тынчтык үчүн социалдык медиа") долбоору аркылуу жарым-жартылай колдоого алынган. Кыргыз тилине которуу Европа Биримдигинин каржылык колдоосу менен "Тынчтык үчүн социалдык медиа" долбоорунун алкагында ишке ашырылды. Бул басылмадагы ой-пикирлер Европа Биримдигинин идеяларын жана пикирлерин чагылдырбайт.

Европа Биримдиги
тарабынан каржыланат

**Редакторлор:** Сандра Асеро Пульгарин жана Моника Мартинович.

**Салым кошкон авторлор:** Сандра Асеро Пульгарин, Наталия Гонсалес-Гил, Алехандро Сантамария Вирвиескас – CIVIX Колумбия.

**Мукаба дизайны, графикалык дизайн, калыптоо жана иллюстрациялар:** Лаура Гомес Карденас "Хоррипилина" - CIVIX Colombia.

Мукабанын дизайны, бөлүм беттери (миссиялар) жана 39- жана 44-беттердеги сүрөттөр дизайнер тарабынан Adobe Firefly колдонулуп жасалган.

**Кыргыз тилине которгон:** Жамал Папиева, «ПРОФЛИДЕР» Жоопкерчилиги чектелген коом.

**Кыргыз тилинин редактору:** Жанетта Төрөмырзаева.

**Дизайндык калыптоо:** Илья Ефремов, “Line-Print” Жоопкерчилиги чектелген коом.

# КЫСКАЧА БАЯНДАМА

## Медиа жана маалыматтык сабаттуулук жаатында жаштар уюмдарынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү

Санариптик өз ара аракеттер үстөмдүк кылган доордо жаштар жөн гана негизги санариптик сабаттуулук менен чектелбестен, андан да кеңири билимге ээ болушу керек. Медиа жана маалыматтык сабаттуулук (ММС) бүгүнкү күндө негизги компетенцияга айланып, жаштарга ыкчам өзгөрүп жаткан жана татаал маалыматтык экосистемадагы маалыматтын агымын сынчыл көз караш менен талдап, аңдап-түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Интернет колдонуучуларынын жаш курагы күн санап төмөндөп жаткан шартта — маалыматтарга ылайык, интернет колдонуучулардын ар бир үчүнчүсү жаш бала. Ошондуктан дүйнө жүзү боюнча өлкөлөр ММСди билим берүү системаларына интеграциялоо боюнча иш алып барууда. Бул жетишкендиктерге карабастан, көптөгөн жаштар дагы эле жалган маалымат, кастык тили жана башка зыяндуу онлайн контент сыяктуу көйгөйлөргө туш болууда. Мындан тышкары, жаңы технологиялар үзгүлтүксүз пайда болуп, алардын таасири азырынча толук белгисиз болгон жаңы чакырыктарды жаратууда. Мисалы, 10 жаштан 24 жашка чейинки жаштардын 80%ы билим алуу, көңүл ачуу жана башка максаттар үчүн жасалма интеллектти (AI) күнүнө бир нече жолу колдонушат.

**10 жаштан 24 жашка чейинки жаштардын**
**80%ы**
күнүнө бир нече жолу AI-ды колдонушат

Дүйнөлүк жаштар уюмдары ЮНЕСКОнун жаштар арасында ММСди формалдуу эмес билим берүү аркылуу жайылтуу аракеттеринин алдыңкы сабында турат. Бул куралдар топтому аталган уюмдарга ММСди өз стратегияларына, саясаттарына жана ишмердүүлүгүнө интеграциялоого көмөктөшүүчү негизги ресурс болуп саналат. Анын максаты — ММСти уюмдардын ишмердүүлүгүнүн жана ошондой эле "тең-тең"принциби боюнча иштеген билим берүү программаларынын туруктуу компонентине айлантуу.

ММС ааламы аркылуу бул саякатка биз менен бирге аттанып, ММСти жаштар үчүн негизги жашоо компетенциясына айлантуу менен келечек муундун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтиңиз.

unesco

*“Согуштар эркектердин жана аялдардын аң-сезиминде башталгандыктан, тынчтыктын коргондорун да эркектердин жана аялдардын аң-сезиминде куруу зарыл.”*

# ММС
# ААЛАМЫНА САЯКАТ

**Медиа жана маалыматтык сабаттуулук**
Жаштар уюмдары үчүн колдонмо

# АЛГЫ СӨЗ

Бүгүнкү жаштар мурунку муундардыкынан кескин айырмаланган дүйнөдө өсүп келе жатат. Социалдык тармактар, агымдуу кызматтар жана онлайн коомчулуктар алардын күнүмдүк турмушунун ажырагыс бөлүгүнө айланып, жаштар дал ушул мейкиндиктерде билим алып, баарлашып жана өз ойлорун, көз караштарын эркин билдиришет. Ошол эле учурда, чоң мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон бул санариптик мейкиндиктер бир катар олуттуу чакырыктарды да камтыйт: дезинформация өтө ылдам тарайт, онлайн мейкиндикте кастык тили күч алат, ал эми зыяндуу баяндоолор (нарративдер) көп учурда тамыр жайып, реалдуу жашоодо олуттуу кесепеттерге алып келет. Ыктымалдуу, бирок жалган мазмунду жарата алган генеративдик жасалма интеллекттин өнүгүшү чындык менен жасалмалуулуктун ортосундагы чек араны андан ары бүдөмүктөтүүдө. Ошол эле маалда дүйнө жүзү боюнча миллиондогон жаштар ишенимдүү интернетке жеткиликтүүлүктүн жоктугунан улам бул санариптик дүйнөнүн мүмкүнчүлүктөрүн да, анын чакырыктарын да толук пайдалануу мүмкүнчүлүгүнөн четтеп калышууда.

ЮНЕСКОдо биз бул татаал санариптик дүйнөдө багыт алуу, технологияны колдонуу ыкмаларын билүү менен гана чектелбеши керек деп эсептейбиз. Бул үчүн медиа жана маалыматтык сабаттуулук (ММС) — адамдарга маалымат менен ойлонуп, жоопкерчиликтүү иш алып барууга мүмкүндүк берген сынчыл көндүмдөрдүн маанилүү жыйындысы — зарыл. Азыр контентти пассивдүү түрдө кабыл алуу жетишсиз болуп калды; адам укуктарынан толук кандуу пайдалануу үчүн жашоонун бардык тармактарында негиздүү чечимдерди кабыл ала алган активдүү катышуучулар болуу талап кылынат.

Жаштар уюмдары формалдуу эмес шартта жаштарга ММС боюнча көндүмдөрдү жана компетенцияларды жайылтууда өзгөчө маанилүү роль ойношот. Алардын миссиясы айкын: жаштар үчүн жана жаштар менен бирге иш алып барып, санариптик мейкиндикте сын көз караш менен жана аң-сезимдүү ой жүгүртүү аркылуу багыт алууга жардам бере турган куралдар менен камсыз кылуу. Бул, "ММС ааламына саякат: Жаштар уюмдары үчүн медиа жана маалыматтык сабаттуулук боюнча колдонмо" — дал ушул миссияны колдоо максатында даярдалган. Ал жаштар уюмдарына ММСти өз саясаттарына, стратегияларына жана ишмердүүлүгүнө интеграциялоого мүмкүнчүлүк берген динамикалык ресурс болуп саналат.

Адвокация, билим берүү, жаштарды өнүктүрүү же айлана-чөйрөнү коргоо багытында иш алып барганына карабастан, бул колдонмо ММСти өз ишинин өзөгүнө айландырууну көздөгөн бардык жаштар уюмдары үчүн арналган. Ал ММСти уюмдун ишмердүүлүгүнө киргизүү үчүн зарыл болгон үлгүлүү саясаттар, стратегиялар, текшерүү тизмелери, билим берүү боюнча сунуштар жана башка ресурстарды камтыйт.

Бул үйрөнүү саякаты кызыктуу жана тартуучу болушу үчүн колдонмо ММС ааламы аркылуу укмуштуу саякат форматында түзүлгөн. Ар бир миссия ММСтин негизги аспектилерин камтыйт. Компас жана карта менен жабдалып, кызыктуу тапшырмаларды аткарып, кыйынчылыктарга туш болуп, чечимдерди таап, уюмуңардын интерактивдүү форматта практикалык куралдар менен камсыздай аласыңар.

Биз силерди изилдөөгө, активдүү катышууга жана ишке өтүүгө чакырабыз. Санариптик татаалдыкка бай дүйнөдө бизге адилеттүүлүк менен багыт ала алган, кызыгуусу жогору жана чындыкка берилген лидерлер керек.

✦ Анда эмесе, **сапарга аттаналы!**

**Тауфик Джеласси,**
ЮНЕСКОнун Коммуникация
жана маалымат боюнча башкы
директорунун орун басары

# **Санариптик доор:** биз адамзат тарыхындагы өтө маанилүү учурдун башкы каармандарыбыз

Биз мурда эч качан мынчалык тыгыз байланышта болгон эмеспиз; дүйнөнүн башка тарабындагы адамдар менен таанышып, баарлашуу мүмкүнчүлүгү бир гана баскычты басуу аралыгында турат. Бирок санариптик доордун алып келген кызыктуу мүмкүнчүлүктөрү менен катар, мурда эч качан кездешпеген чакырыктар да бар.

**Дезинформация интернетте өрт сыяктуу ылдам тарап,** ишенимди азайтып, чындык менен жалганды айырмалоону кыйындатат. **Кастык тили социалдык тармактарды камтып,** коомчулуктарды бөлүп-жарып, адамдарды экстремалдык позицияларга түртөт. Бүгүнкү күндө зомбулук учкуну бир эле социалдык тармактагы пост менен тутанып кетиши мүмкүн. Мындай булганган маалыматтык экосистемада чындыкты табуу жана башкаларга урмат көрсөтүү жолун табуу адашып кетүүдөн алда канча кыйын.

**Ошондуктан, азыр медиа жана маалымат сабаттуулугунун (ММС) – ММС ааламы[1] аркылуу эпикалык үйрөнүү саякатын баштоо зарыл.**

Бул саякаттын жүрүшүндө силер ММСтин күчүн түшүнөсүңөр: ал силерге күн сайын социалдык тармактар, массалык маалымат каражаттары жана ар түрдүү санариптик платформалар аркылуу жетип келген маалыматтын зор ааламын сынчыл баалоого керектүү компетенциялар — билим, көндүмдөр жана көз караштарды — берет. ММС көз караштары менен силер маалыматты коопсуз кабыл алууну гана эмес, өзүңөрдү контент жаратуучу катары таанып, бул дайыма кеңейип жаткан онлайн мейкиндикте өз ой-пикирлериңерди жана максаттарыңарды билдирүүнүн куралы катары колдонууга мүмкүнчүлүк аласыңар.

Бул колдонмо силерге сынчыл ой жүгүртүүнү өздөштүрүү көндүмдөрүн алуу үчүн жардам берүү максатында түзүлгөн жана ММС принциптерин уюмуңардын саясаттарына жана стратегияларына, ошондой эле санариптик доордун жараны катары күнүмдүк жашооңорго туура интеграциялоого керектүү ресурстарды сунуштайт.

**ММС ааламында эч ким “оюндан сыртта калбайт”, тескерисинче, баарыбыз башкы каармандын ролун ойнойбуз!**

Демек, бул саякат — онлайн чакырыктарга толгон ааламда этикалык жол менен багыт алууну үйрөнүү гана эмес; ошондой эле алардын кыйынчылыктарын жеңип, өз коомчулуктарыңарда адам укуктарын, чындыкты, тынчтыкты, сый-урматты, адилеттүүлүктү жана позитивдүү өзгөрүүлөрдү колдогон лидер болууну да камтыйт.

## ✦ Учууга даярсызбы?

[1] Медиа жана Маалыматтык Сабаттуулук (ММС) – бул жарандарга контент жаратуучулар менен натыйжалуу иштешүүгө жана социалдашуу, активдүү жаран болуу үчүн сынчыл ой жүгүртүү жана өмүр бою үйрөнүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берген негизги компетенциялардын (билим, көндүмдөр жана мамиле) топтому. ЮНЕСКО. 2021. Сынчыл ой жүгүртүп, акыл менен бас! Мугалимдер жана үйрөнүүчүлөр үчүн медиа жана маалыматтык сабаттуулук боюнча окуу программасы. Париж, ЮНЕСКО. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000377068

# КАРТА

Мазмуну


Кыскача баяндама 03.

Алгы сөз 05.

Карта 07.

Компас 09.


Саякат 10.

Сапар алдында 12.





4 - миссия 30.
Дезинформация, туура эмес жана зыяндуу маалыматтардын астероиддери






3 - миссия 25.
Кастык тили жана зыяндуу контеттин метеорлору





1 - миссия 15.
Маалыматка жетүүнүн галактикасын изилдөө


2 - миссия 20.
Сөз эркиндигинин толкундары




5 - миссия **36.**

Интернеттеги гендердик негиздеги зыяндуу контенттин тузагы





6 - миссия **42.**

Генеративдик ЖИ мейкиндигиндеги аныктыктын Түндүк жылдызы





7 - миссия **47.**


Этикалык контент жаратуунун жаркын





8 - миссия **51.**

Санариптик мүмкүнчүлүктөр галактикасы


9 - миссия **57.**

Интернет аркылуу тынчтыкты куруу портуна жетүү

Второй раздел **62.**

Саясаттар жана стратегиялар үчүн ММС идеяларынын кубаттандыруучусу

Третий раздел **68.**

Саясатка жана стратегияларга ММСти киргизүүнүн этаптары боюнча көрсөтмө

Четвертый раздел **69.**

ММСти уюмдун ишмердүүлүгүнө киргизүү боюнча практикалык колдонмо

Колдонулган адабияттар **71.**

# КОМПАС

## Медиа жана маалыматтык сабаттуулуктун (ММС) **негизги баалуулуктары жана принциптери**

ММС ааламына саякатка аттанып жатып, биз жашап жаткан санариптик мейкиндиктин кең ааламында туура багыт алууга жол көрсөтө турган компаска — биздин жетекчи принциптерибизге ээ болуу маанилүү. "Медиа жана маалыматтык сабаттуулуктун (ММС) негизги баалуулуктары жана принциптери" бул саякаттын өзөгүн түзүп, уюлдук жылдыз сыяктуу жол көрсөтүп, бүгүнкү коом туш болуп жаткан чакырыктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү аңдап-түшүнүүгө жана туура багыт алууга өбөлгө түзөт.

Бул бөлүмдө биз ММСтин[2] негизин түзгөн фундаменталдуу баалуулуктар менен таанышабыз. Бул баалуулуктар жөн гана абстракттуу түшүнүктөр эмес; алар силерге сынчыл ой жүгүртүүгө, этикалык негизде аракеттенүүгө жана санариптик маалымат экосистемасында өз коомчулуктарыңарга адилеттүүлүк жана жоопкерчилик менен багыт берүүгө мүмкүнчүлүк бере турган принциптер болуп саналат. Ушул негизги баалуулуктарды кармануу менен, биз адаштыруучу жана зыяндуу маалыматка каршы турууга жакшыраак даяр болуп, сый-урматка негизделген диалогду өнүктүрүп, интернет мейкиндигинде да, андан тышкары да, маалымдуулугу жогору жана тынч коомду түзүүгө өз салымыбызды кошо алабыз.

Бул принциптерди жолубузду жарык кылып, бизди фактыларга таянган жана башкаларды урматтоого негизделген санариптик доорго жетелеген топ жылдыздар катары элестетип көрөлү.

**Адам укуктары жана кадыр-барксы:**
ММС адамдарга жоопкерчилик менен аракет кылууга жана интернет дүйнөсүндө — өз укуктарын жана кадыр-баркын, ошондой эле санариптик байланыш аркылуу өз ара аракеттенген башка адамдардын укуктары менен кадыр-баркын коргоого мүмкүнчүлүк берет.

**Сөз эркиндиги жана маалыматка жетүү:**
ММС адамдарга кастык тилинин жана зомбулукка үндөөнүн чектерин түшүнө билүү менен, өз ойлорун эркин билдирүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ошондой эле ал маалыматка жетүүнү негизги адам укугу катары коргоону көздөйт, анткени бул негизделген чечимдерди кабыл алуу жана коомдук турмушка натыйжалуу катышуу үчүн абдан маанилүү.

**Өзүн-өзү таануу:**
ММС өзүн-өзү таанууга, ошондой эле жеке ишенимдерди жана калыптанган көз караштарды сын көз менен кайра карап чыгуу жөндөмүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзүп, сынчыл ой жүгүртүүнү бекемдейт.

**Тилектештик жана тынчтык:**
ММС өз ара тыгыз байланышкан — жана көп учурда карама-каршылыктуу дүйнөдө биримдиги бекем, кызматташууга негизделген коомдорду куруу үчүн абдан маанилүү.

**Маданий ар түрдүүлүктү урматтоо:**
ММС компетенциялары толеранттуулукту жана башкаларды урматтоону бекемдеп, ар түрдүү коомдо тынч жана ынтымактуу бирге жашоо үчүн маанилүү көз караштарды калыптандырууга өбөлгө түзөт.

**Маданият жана дин аралык диалог:**
ММС аркылуу маданият жана дин аралык диалогду жайылтуу ар башка коомчулуктардын ортосунда өз ара түшүнүүнү жана сый-урматты бекемдеп, глобалдык тынчтыкка өбөлгө түзөт.

[2] ЮНЕСКО. Медиа жана маалыматтык сабаттуулук боюнча эл аралык санариптик платформага кош келиңиз [Веб-сайт] https://www.unesco.org/mil4teachers/en

# САЯКАТ

## Бул колдонмону кантип колдонуу керек

Бул колдонмо силерди жана уюмуңарды Медиа жана маалыматтык сабаттуулуктун (ММС) эң маанилүү жана практикалык аспектилери аркылуу саякатка алып чыгуу үчүн иштелип чыккан. Силер элестеткендей, ММС — кең аалам, ошондуктан биз анын бардык аспектисин камтый албайбыз. Юнесконун Эл аралык медиа жана маалыматтык сабаттуулук боюнча электрондук платформасында аны толук изилдеп, кызыккан темаларыңар боюнча тереңирээк маалымат ала аласыңар.

Биринчи бөлүм — **"ММС ааламына саякат"**. Бул бөлүмдө силер ММСтин кызыктуу ааламын ачууга алып бара турган тогуз миссиядан турган укмуштуу саякатка чыгасыңар.

Жылдыз аралык саякатыңарга кадам таштаардан мурун, **"Сапар алдында"** деген кичи бөлүм силердин космос кемеңерди ММС саякатыңардан максималдуу пайда алуу үчүн зарыл болгон бардык ресурстар менен жабдыйт. Бул бөлүм силерге, жеке саякатчы же уюм катары, өзүңөрдү талдоого мүмкүнчүлүк берет:

- Силедин максатыңар эмне?
- Келечекке көз-карашыңар (кыялыңар) кандай?
- Кайда барууну пландап жатасыңар
- Саякат учурунда ала турган идеялар силердин багытыңар менен канчалык шайкеш келет?

Бул суроолор сапарга чыгардан мурун өзүңөрдү таанып-билүүгө жардам берет.

Тогуз миссиянын ар биринде силерге санариптик маалыматтын кең ааламында жоопкерчиликтүү, сынчыл менен, коопсуз жана аң-сезимдүү түрдө багыт алуу үчүн жаңы билимдерди, көндүмдөрдү жана куралдарды сунуш кылган сценарий берилет. Ар бир миссия жеке же уюмдун ичинде иштөө үчүн иштелип чыккан, миссиянын максат кылган билимдерин, көндүмдөрүн жана куралдарын өздөштүрөсүңөр. Мындан тышкары, миссиялар башкаларды, мисалы командаңарды, бенефициарларды же катышуучуларды окутуу үчүн да ылайыкташтырылган. Силер жана уюмуңар колдонмонун таасирин жана жеткирүү чөйрөсүн кеңейтүүдө маанилүү роль ойнойсуңар.

Бул бөлүмдүн түзүлүшү менен таанышып алгыла! Ар бир миссия төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Миссиянын негизги темасын ачып берүүчү **аталышы.**
- **Миссиянын максаты** — силер же уюмуңар ушул миссияда кандай жетишкендикке жетериңерди сүрөттөйт. Бул максатты сунушталган темага байланыштуу аткаруу талап кылынган "өзгөчө тапшырма" катары карагыла.
- **ММСтин баалуулуктары жана принциптери** — кыска, бирок маанилүү бөлүм. Ал миссиянын мазмунун бүгүнкү глобалдык коомдо карап чыгуу маанилүү экенин эске салат: "Биз кастык тилине каршы турууну миссия катары кабыл алабыз, анткени тилектештик жана тынчтык өкүм сүргөн дүйнөдө жашоого умтулабыз".
- Миссиянын мазмунунун маанисин түшүндүргөн жана миссияга жалпы сереп берген **маалымат.**
- Миссияны маңыздуу кылган маанилүү аныктамаларды берген **негизги түшүнүктөр**. Бул түшүнүктөр бизге тактык берип, санариптик доордо теманын актуалдуулугун түшүнүүгө жардам берет.
- Ар бир миссия **"Ичине баш багалы"** чакырыгы менен башталат. Упай топтой турган суроолорго жооп берүү аркылуу силер ММСти күнүмдүк иш-аракеттериңерге же уюмуңардын ишмердүүлүгүнө канчалык интеграциялап жатканыңарды баштапкы баалоого мүмкүнчүлүк берет.

Упайларды төмөнкү таблицага ылайык окугула. Бул силерге ММСти өз тажрыйбаңарга натыйжалуу интеграциялоо үчүн кантип алдыга жылуу керек экенин көрсөтөт.

**Жыйынтыкты**
кантип түшүнсө болот!

Эгер жыйынтыктоочу упай **1ден 3кө чейин болсо,** силерди жана уюмуңарды миссиянын жүрүшүндө үйрөнгөн түшүнүктөрдү тереңирээк изилдөөгө чакырабыз.

Эгер упай **4төн 6га чейин болсо,** силерди жана уюмуңарды миссияны кызыгуу менен изилдөөгө, өз күчүңөрдү кайсы жагын өркүндөтө алаарыңарга бурууга чакырабыз.

Эгер упай **7ден 9га чейин болсо,** силер жана уюмуңар башкаларды шыктандырууга даярсыңар! Түшүнүктөрүңөрдү бөлүшүп, коомчулугуңарда маданий өзгөрүү үчүн кантип аракет кыла аларыңарды изилдөөнү уланткыла.

[3] ЮНЕСКО. 2021. Сынчыл ой жүгүртүп, акыл менен бас! Мугалимдер жана үйрөнүүчүлөр үчүн медиа жана маалыматтык сабаттуулук боюнча окуу программасы. Париж, ЮНЕСКО. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000377068

× **Келгиле,** ар бир миссиянын өзөгүнө өтөлү. Дал ушул жерде санариптик маалымат экосистемасынын бир бөлүгү катары өз тажрыйбаларыбызга таянып, негизги түшүнүктөрдү тереңирээк карайбыз. Бул жерден ММС ааламында коопсуз, сынчыл жана этикалык жол менен багыт алуу үчүн зарыл болгон билимге, түшүнүктөргө, куралдарга жана көндүмдөргө ээ болобуз.

× **Миссияны жыйынтыктоо убактысы** миссиянын жүрүшүндө каралган мазмунга кайрадан ой жүгүртүп, алдыга жылуу үчүн зарыл болгон "супер күчтөрдү" аныктоого түрткү берет. Бул жерде эки негизги элементке туш болобуз:

Силерге жана уюмуңардын мүчөлөрүнө арналган суроо ММСти уюмуңардын ишмердүүлүгүнө жана демилгелерине интеграциялоого көмөкчү идеялар боюнча **мээге чабуул жүргүзүүгө же стратегияларды иштеп чыгууга** багытталган.

Силерди **"ММС идеялардын кубаттандыруучусу"** бөлүмү менен таанышууга чакырабыз, анда ММС практикаларын уюмуңардын саясатына жана стратегияларына интеграциялоо үчүн пайдалуу мүмкүнчүлүктөрдү табасыңар.

× **Саякатыңар үчүн шыктандыруучу мисалдар** – бул силер сыяктуу жаштардын реалдуу тажрыйбаларына негизделген колдоо. Алар ММС компетенцияларын ийгиликтүү колдонуп, миссияда каралган маселелерди чечүү боюнча аракеттерди көрүп жатышат.

× **Тереңирээк үйрөнгүңөр келеби?** Миссияда камтылган мазмунду тереңирээк түшүнүүгө жана интеграциялоо үчүн жаңы куралдарды алууга жардам берүүчү кошумча ресурстарды (макалалар, видеолор, подкасттар жана башкалар) сунуштайт.

× Акырында, **"Жообуңарды текшергиле!"** аркылуу миссияда камтылган тапшырмалардын туура жооптору менен тааныша аласыңар.

Экинчи бөлүм — **саясаттар жана стратегиялар үчүн ММС идеяларынын кубаттандыруучусу бөлүмү.** Анда ММСке байланышкан практикаларды уюмдун саясатына жана стратегияларына натыйжалуу киргизүү боюнча сунушталган идеялар камтылган. Бул идеялар ММСти уюмуңардын негизги практикаларына жана демилгелерине ырааттуу жана туруктуу түрдө интеграциялоого өбөлгө түзөт.

Үчүнчү бөлүм — **Уюмуңардын саясатына жана стратегияларына ММСти киргизүүнүн этаптары боюнча көрсөтмө.** Бул бөлүмдө ММС компетенцияларын, принциптерин жана практикаларын натыйжалуу интеграциялоо үчүн уюмуңар өз **саясаттарын** иштеп чыгууга жана **стратегияларды** түзүүгө ыңгайлуу, колдонууга жеңил үлгүлөрдү табасыңар.


Акырында, акыркы **"ММСти уюмуңардын ишмердүүлүгүнө киргизүү боюнча практикалык колдонмо"** бөлүмүндө саясаттарыңарды жана стратегияларыңарды так **иш-аракеттер планына** айландыруу үчүн колдонууга жеңил дагы эки үлгү сунушталат. Ошондой эле ММС мазмунун, принциптерин жана көндүмдөрүн уюмуңардын практикаларына интеграциялоонун ийгилигин баалоо үчүн **кайтарым байланыш** модели берилет.

## ✦ **ММС ааламында** көрүшкөнчө!

# САПАР АЛДЫНДА ...

Биз ММС ааламы аркылуу саякатка аттанганы турабыз, ошондуктан **космос кемебизди даярдоо** убактысы келди ММС боюнча билимдерди, көндүмдөрдү жана жүрүм-турум моделдерин ийгиликтүү интеграциялоо үчүн, алды менен канчалык даяр экенибизди так билүү пайдалуу болот.

Уюмуңарды ушул саякаттагы космос кемебиз деп элестетип көргүлө. Бул бизди ММС ааламынын ар кандай өлчөмдөрү аркылуу жетелеген коопсуз мейкиндик болот. Бирок саякат учурунда алган бардык билим, түшүнүк жана сунуштарга карабастан, ММС ааламына ушул укмуштуу саякатка чыгуунун маанисин түшүнүү абдан маанилүү.



## **Ички кырдаалга** көз чаптыралы

Бул бөлүмдү уюмуңардын ички абалына көз чаптырып, суроолорго жооп берүү үчүн колдонгула.

- ✖ Уюмуңардын максаты эмне?
- ✖ Келерки беш жылга карата уюмуңардын келечекке көз карашы кандай?
- ✖ Уюмуңардын баалуулуктары жана принциптери кандай?
- ✖ Уюмуңар эмне менен алектенет? (Иш-чаралар, аудиториялар ж.б.)
- ✖ Эгер уюмуңар сезимге ээ болсо, кайсы учурларда кубанып, кайсы учурларда кыжырданып же кайгырмак эле?



## **Тышкы кырдаалга** көз чаптыралы

Бул бөлүмдү уюмуңардын имиджин талдап, суроолорго жооп берүү үчүн колдонгула.

- Идеяңарды же аракеттериңерди кантип билдиресиңер?
- Аудиторияларыңардын көзүндө чагылдыргыңар келген имиджди сүрөттөп бергиле.
- Уюмуңар менен байланышкан үч хэштегди жазгыла.
- Уюмуңарды курчап турган чөйрө кандай көрүнөт? (Мисалы, саясий, экономикалык, маданий ж.б.).

Эгер ММС боюнча билимдерди, көндүмдөрдү жана куралдарды уюмуңарга канчалык деңгээлде интеграциялоого даяр экениңерди тереңирээк баалооңор келсе, төмөнкү суроолорго кесиптештериңер менен жооп бергиле. Жооп берип жатканда “туура” же “ката” деп ойлобогула — алардын баары уюмуңарга ММС практикаларын негизги ишмердүүлүгүнө киргизүүгө багытталган саясаттарды жана стратегияларды иштеп чыгууда пайдалуу маалымат берет.

| Жалпы ММСке байланыштуу суроолор |
|---|
| Силер ММСти уюмуңардын контекстинде кандайча аныктайсыңар? |
| Уюмуңардын ММС көндүмдөрү же практикаларына тиешелүү атайын саясаты же стратегиясы барбы? Эгер бар болсо, аны сүрөттөп бере аласыңарбы? |

| ММСти уюмдун ишмердүүлүгүнө интеграциялоо |
|---|
| Силер азыр уюмуңардын ишмердүүлүгүндө ММСке байланыштуу кандайдыр бир демилгелерди иштеп чыгасыңарбы? |
| Келечекте ММС демилгелерин иштеп чыгууга планыңар барбы? |
| ММСти уюмуңардын демилгелери, иш-чаралары жана практикаларына интеграциялоо менен кандай таасирге жетүүнү көздөйсүңөр? |

| Уюмдун мүмкүнчүлүктөрү |
|---|
| Силер же кесиптештериңер ММСке байланыштуу кандайдыр бир тренингдерге катышкансыңарбы? |
| Уюмуңарда ММС практикаларын, көндүмдөрүн жана куралдарын интеграциялоо үчүн кандай ресурстар бар? |

| Кызматташтык жана өнөктөштүк |
|---|
| Силер ММСти ар кандай кызыкдар тараптар арасында жайылтуу үчүн башка уюмдар, адистер же мекемелер менен кызматташасыңарбы? Эгер ошондой болсо, сүрөттөп бере аласыңарбы? |
| Силерде ММС демилгелерин колдоо үчүн социалдык медиа платформалар менен кандайдыр бир кызматташтык барбы? |

| Чакырыктар жана мүмкүнчүлүктөр |
|---|
| Силердин уюмуңарга ММСти саясатына, стратегиясына же демилгелерине интеграциялоону жеңилдетүүчү мүмкүнчүлүктөр же артыкчылыктар кайсылар деп эсептейсиңер? |
| ММСти уюмуңардын саясатына, стратегиясына же демилгелерине интеграциялоодо кандай тобокелдиктерге туш болушуңар мүмкүн деп ойлойсуңар? |

Баары даяр!
**Сапарга чыгууга даярбыз!**



# 1 - МИССИЯ

## Маалыматка жетүүнүн галактикасын изилдөө

### Миссиянын максаты

Бул миссиянын аягында биз маалыматка жетүүнүн жана контентти активдүү, сынчыл жана этикалык пайдалануунун маанилүүлүгүн, ошондой эле интернет жана маалыматтык чөйрөнү коопсуз жана жоопкерчиликтүү колдонууда демократия үчүн анын маанисин түшүнөбүз.

### ММС баалуулуктары жана принциптери

Сөз эркиндиги жана маалыматка жетүү

# Маалымат

Элестеткиле, ММС ааламындагы саякатыңар боюнча маанилүү чечим кабыл алышыңар керек, бирок керектүү маалымат жеткиликсиз: колдонмолор, көрсөтмөлөр, карталар же башка эч нерсе жок! Эми миссияны аткаруу үчүн зарыл маалыматты алуу максатында коомдук китепканага барууну же интернеттен издөө жүргүзүүнү ойлонуп көргүлө. Бул учурда сезимдериңер башкача болот, туурабы?

Маалыматка жетүү жөнөкөй күнүмдүк тапшырма эмес — бул негизги адам укугу. Бирок жеткиликтүү маалыматтын сапаты жана актуалдуулугу ар кандай болушу мүмкүн. Мындан тышкары, коомдук мааниси бар маалыматка ээ органдар же бийлик өкүлдөрү бул укукту ар бир адам үчүн камсыз кылууга милдеттүү. Маалыматка жетүү — коомдо маалымдуу жана этикалык чечимдерди кабыл алуунун ачкычы.

Жаран, уюм же контент жаратуучу катары биз бул укукту түшүнүп, ишке ашырып, аны камсыз кылуубуз керек. Бул чечим кабыл алуу, коомдук катышуу жана демократиялык коомдордун негизги бөлүгү болуп саналат. Бул миссияда **биз маалыматка жетүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүп, аны активдүү, сынчыл жана этикалык колдонууну үйрөнөбүз.**

## Негизги **Түшүнүктөр**

Ар бир аныктаманы толуктоо үчүн берилген сөздөрдү пайдаланып боштуктарды толтургула:

| | |
|---|---|
| **уруксатсыз** | **натыйжалуу** |
| **сынчыл көз караш менен** | **коомдук кызыкчылыкка** |
| **аныктоо** | **билим** |
| **ишенимдүү** | **мамлекеттик органдар** |

× **Маалыматка жетүү:** Маалыматты натыйжалуу ________ алуу жана пайдалануу укугу, мүмкүнчүлүгү жана жөндөмү .

× **Коопсуз пайдалануу (навигация):** Ар кандай медиа платформаларда жана жалпы маалымат мейкиндиги ________ менен багыт алуу жана туура пайдалануу жөндөмү. Бул сапаттуу маалыматка жетүүнү, ________булактарды аныктоону жана туура эмес маалыматтан сактанууну камтыйт.

× **Маалыматтарды коргоо:** Коомдук кызыкчылыкты көздөбөгөн жеке маалыматты ________ алуудан же мыйзамсыз пайдалануудан коргоо.

× **Маалыматка жетүү укугу:** Мамлекеттик органдарда сакталган же коомдук функцияларды аткарган, же ________ байланыштуу функцияларды жүзөгө ашырган жеке уюмдардагы маалыматка жетүү укугу[4].

× **Коомдук кызыкчылыктагы маалымат:** Жалпы коомчулук үчүн маанилүү же актуалдуу болгон маалыматтар жана билим.

× **Коомчулуктун маалыматка жетүү мүмкүнчүлүгү:** Жарандардын ________ тарабынан же алардын атынан сакталган маалыматты издөө жана алуу укуктарын камсыз кылган натыйжалуу система[5].

## Ичине **баш багалы**

**1.** Акыркы беш жылда сиз жашаган аймакта өкмөттүк уюм тарабынан ишке ашырылган экологиялык маалымдуулукту жогорулатуу программалары жөнүндө конкреттүү маалымат керек деп элестетиңиз. Сиз…

а. Маалыматты кантип алууну билбейсиз.
б. Маалыматка жетүүнүн белгиленген тартиби бар экенин билесиз, бирок анын кандай экенин так билбейсиз.
в. Маалыматка жетүү процессин так билесиз.

**2.** Коомдук кызыкчылыкка ээ болгон жогорку сапаттагы (ишенимдүү, так, текшерилген) маалыматка жетүү сиз үчүн канчалык маанилүү?

а. Бул маанилүү, бирок ал эч качан артыкчылыктуу болгон эмес.
б. Бул маанилүү жана артыкчылыктуу, бирок мен маалыматка кантип жетүүнү же ага болгон укукка кантип ээ болууну билбейм.
в. Бул абдан маанилүү, жана мен жогорку сапаттагы коомдук маалыматка жетип, аны жоопкерчилик менен колдонууну билем.

**3.** Силердин уюм маалыматка жетүү укугун жайылтуу боюнча конкреттүү аракеттерди көрөбү?

а. Жок.
б. Ооба, биз бул укукту жайылтуу үчүн айрым иш- чараларды жүргүздүк, бирок алар биздин күнүмдүк ишмердүүлүктүн бөлүгү эмес.
в. Ооба, бизде маалыматка жетүү укугун жайылтууну максат кылган бир же бир нече саясаттар жана стратегиялар бар.

**Эгер “а” ны тандасаңар өзүңөргө 1 упай, “б” ны деп тандасаңар 2 упай, “в” ны тандасаңар 3 упай бергиле. Эми упайларыңарды 10-беттен карагыла.**

Туура жооптор менен миссиянын **аягында тааныша аласыңар!**

[4] ЮНЕСКО. 2021. Сынчыл ой жүгүртүп, акыл менен бас! Мугалимдер жана үйрөнүүчүлөр үчүн медиа жана маалыматтык сабаттуулук боюнча окуу программасы. Париж, ЮНЕСКО. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000377068
[5] ЮНЕСКО.2023. Туруктуу өнүгүү жолу: Коомчулуктун маалыматка жетүү жөнүндөгү ЮНЕСКОнун 2022-жылдагы отчету (SDG 16.10.2). Париж, ЮНЕСКО. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000385479

# Келгиле **баштайлы**

ММС ааламына саякатыбыздагы биринчи станциясына кош келдиңер. Бул планетада изилдөөбүздүн негизги суроосу: **Маалыматка жетүү укугу эмнеге ушунчалык маанилүү?**

## 1. Маалыматка жетүү **укугун түшүнүү**

Маалыматка жетүү жарандардын укуктарын кеңейтүү үчүн абдан маанилүү, анткени ал аларга коомго активдүү катышууга, чечим кабыл алуу процесстерине аралашууга, ачык-айкындуулукту жана жоопкерчиликти жогорулатууга, өз укуктарын коргоого жана өнүгүү менен позитивдүү социалдык өзгөрүүлөргө салым кошууга мүмкүнчүлүк берет.

Муну мындайча элестетип көргүлө-өкмөттөр, ири корпорациялар же башка таасирдүү тараптар эмне кылып жатканы жана алардын аракеттери коомчулуктарга кандай таасир этип жатканы жөнүндө маалыматка ээ болуу бизге аларды жоопкерчиликке тартууга мүмкүндүк берет. Ошондой эле, бул маалыматтуу аракеттерди көрүү жана укуктарыбыздын корголушун талап кылуу жөндөмдүүлүгүбүздү бекемдейт.

Бул динамика маанилүү түшүнүктү ачыкка чыгарат: маалыматка жетүү укуктары милдеттенмелер менен айкалышат. Бийлик өкүлдөрү, милдетти аткаруучулар катары, керектүү мыйзамдар жана саясаттар аркылуу жарандардын коомдук маалыматка жетүүсүн камсыз кылууга милдеттүү. Ошондуктан, өкмөттөр коомчулукка маалымат алуу өтүнүчтөрүнө гана жооп берүү менен чектелбестен, аны алдын ала бөлүшүп, башка таасирдүү тараптар да ошол эле принциптерди сакташы үчүн жоопкерчилик жана ачыктык системаларын түзүшү керек.

Бирок, бардык эле маалыматтар бирдей максатты көздөбөйт – жалпы маалымат менен коомдук кызыкчылыкты жараткан маалыматтын, ошондой эле зыяндуу маалыматтын ортосунда айырма бар. Зыяндуу контент туура эмес чечимдерге алып келиши мүмкүн болсо, коомдук кызыкчылыктуу маалымат жарандарга маалыматтуу чечимдерди кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет. Ошондуктан мындай маалыматка жетүүнү камсыз кылуу үчүн коомдук кызыкчылыкты камтыган маалыматка жетүү укугун коргогон мыйзамдар бар. Бул мыйзамдар көбүнчө ачыктыкты камсыз кылуу үчүн алкактарды түзөт, милдеттүү тараптардын маалыматты алдын ала жарыялоо милдеттерин аныктайт жана мыйзамдардын натыйжалуу аткарылышын камсыз кылган көз карандысыз көзөмөл органдарын түзөт.

Бирок коомдук кызыкчылыкты жараткан маалымат деген эмне? Коомдук кызыкчылык кеңири мааниде– жалпы коомдун жана коомчулуктун бакубаттуулугу. Ошондуктан, төмөнкүлөр көп учурда коомдук кызыкчылыктуу маалымат катары каралат (тизме толук эмес):

- **Коомдук саламаттык сактоо жана коопсуздук.** Оорулар боюнча маалыматтар, коопсуздук эрежелери жана өзгөчө кырдаалдар жөнүндө эскертүүлөр.
- **Өкмөттүн каржылык маалыматы.** Мамлекеттик бюджет, чыгашалар жана каржылык аудиттер.
- **Айлана-чөйрө боюнча маалыматтар.** экологиялык абал, булгануу деңгээли жана жаратылыш ресурстарын башкаруу.
- **Мыйзамдык жана саясаттык документтер.** бардык мамлекеттик органдардын мыйзамдары, жоболору жана саясаттары.
- **Коомдук кызматтар тууралуу маалымат.** билим берүү, транспорт жана социалдык кызматтар.

### Маалыматка активдүү **жетүү ыкмалары:**

- Маалымат издөөнү баштаардан мурда, **силерге кандай маалымат керек экенин жана аны кандай максатта колдоно турганыңарды так аныктап алгыла.** Бул эң ылайыктуу булактарды табууга жардам берет.
- Коомдук кызыкчылыкты жараткан маалыматты сурап алуу **тартибин жана кадамдарын тактап алгыла.**
- Булактардын **ишенимдүүлүгүн** алардын текшерүү ыкмаларын, калыстыгын жана ачык-айкындуулугун эске алуу менен **баалагыла.**

## 2. Уюм катары маалыматка жетүү укугун **жайылтууну үйрөнүү**

Жаштар уюму катары коомдук маалыматка жетүү укугун илгерилетүү —жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн маанилүү жолу. Жаштар билим берүү саясаты, ишке орношуу программалары же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтары сыяктуу маалыматка кантип жетүүнү билгенде, алар өз келечегин көзөмөлдөп, чечим кабыл алуу процесстерине активдүү катыша алышат. Бул жаштарга өздөрүнө тиешелүү өзгөрүүлөрдү жана мүмкүнчүлүктөрдү түшүнүүгө, негизделген пикирлерди калыптандырууга жана коомдук талкууларга натыйжалуу катышууга шарт түзүү дегенди билдирет.

## Жаштар арасында маалыматка жетүү **укугун активдүү илгерилетүү ыкмалары**

Өлкөңөрдө **маалыматка жетүү укугуна байланыштуу кайсы мыйзамдар** же саясаттар бар экенин изилдеп, төмөнкү суроолордун негизинде тобуңар менен талкуулагыла:

- **а.** Силердин оюңарча, бул мыйзамдар же саясаттар өлкөңөрдө натыйжалуу ишке ашырылып жатабы?
- **б.** Эгер маалыматка жетүү укугу кепилденбесе, кандай кесепеттер же коркунучтар болушу мүмкүн?
- **в.** Коомчулугуңарда адамдар маалыматка жетүү укугу бар экенин түшүнөбү?

Командаңарды жана коомчулуктагы жаштарды талкууга **тарткыла:**

- **а.** Жаштарга таасир эте турган маалыматтын кандай түрлөрү бар? (мисалы, мыйзамдар, коомдук кызматтар, ишке орношуу же билим алуу мүмкүнчүлүктөрү). Кайсы темалар алар үчүн өзгөчө маанилүү? Мындай коомдук кызыкчылыкты жараткан маалымат жаштар үчүн жеткиликтүү форматта берилеби?
- **б.** Күн сайын колдонгон социалдык медиа платформалар жеке маалыматтарыңарды бир контентти көрсөтүү үчүн кантип пайдаланаарын билесиңерби? Маалыматтарыңар үчүнчү тараптар же башка компаниялар менен кантип колдонулаарын же бөлүшүлөрүн билесиңерби?

Бул талкуулардын жообуна таянып кийинки кадамдарыңарды пландагыла: теңтуштарды окутууга, маалымдуулукту жогорулатууга жана жактоочулукка катыша аласыңар!

Мисалы, эгер өлкөңөрдө маалыматка жетүү укугуна байланыштуу мыйзам жок болсо, мындай мыйзамдар жана саясаттарды колдоо боюнча талкуу уюштургула. Ошондой эле социалдык медиа постторун түзүп, семинарлар өткөрүп, жергиликтүү мектептер менен кызматташып, теңтуштарды окутуу программаларын илгерилетип, жаштарга алардын маалыматка жетүү укугу жана аны кантип колдонсо болорун үйрөтсөңөр болот.

## Миссияны аяктоого **убакыт келди!**

Жаштар арасында маалыматка жетүү укугун илгерилетүүнү улантуу үчүн эмне кыла алаарыңарды ойлоп көргүлө.

Жоопторуңарды жазгыла. Алар уюмуңардын ММС стратегияларын интеграциялоодо күчтүү маалымат булагы болуп кызмат кылат.

**“ММС идеяларынын кубаттандыруучусу”** бөлүмүн карагыла, анда уюмуңардын саясаты жана стратегияларынын негизинде маалыматка жетүү укугун камсыз кылуунун жолдорун табасыңар.

## Саякатыңар үчүн **шыктандыруучу мисалдар**

**Encode Justice** – бул адилеттүү, ачык жана жоопкерчиликтүү жасалма интеллект (ЖИ) экосистемасын колдогон глобалдык жаштар уюму. Алардын иши ЖИ технологиялары адам укуктарын, анын ичинде так жана ишенимдүү маалыматка жетүү укугун урматтаган түрдө иштелип чыгып, колдонулушун камсыздоого багытталган.

Уюм дүйнө жүзүндөгү жаштарды ЖИ системаларынын ачыктыгын талап кылууга жана дезинформация, купуялыкты бузуу жана дискриминация сыяктуу ЖИден келип чыгышы мүмкүн болгон тобокелдиктерден коомду коргоочу саясаттарды жактоого үндөгөн.

ЖИ жаатында ачыктыкты жана жоопкерчиликти талап кылган жоболорду жана саясаттарды илгерилетүү аркылуу Encode Justice маалыматка жетүү укугун кеңейтүүгө түздөн-түз салым кошууда.

Бул аракеттер жаштар үчүн так маалыматка жетүү канчалык маанилүү экенин, өзгөчө ЖИнын ылдам өнүгүп жаткан тармагында, коом үчүн кесепеттери терең болгон учурларда канчалык маанилүү экенин көрсөтүп турат.

Кошумча маалымат алуу үчүн: ***https://encodejustice.org/***

## Тереңирээк билгиңер **келеби?**

| | |
|---|---|
| | Эгер маалыматка жетүү укугу тууралуу көбүрөөк маалымат алгыңар келсе, ЮНЕСКО даярдаган төмөнкү видеону көргүлө: **Маалыматка жетүү… Жалпыга таандык укук.**[6] |
| | Дүйнөлүк сереп алуу жана маалыматка жетүү укугу жөнүндө кабардар болуп туруу үчүн ЮНЕСКОнун веб-сайтына киргиле **“Маалыматка жетүү боюнча мыйзамдар”.** [7] |
| | Эгер дүйнө жүзүндө маалыматка жетүү боюнча мыйзамдардын аткарылышын жана жетишкендиктерди билгиңер келсе, ЮНЕСКОнун 2023-жылга карата чыккан отчётун карагыла (ТӨМ 16.10.2) **“Дүйнөдө прогрессти тездетүүнүн зарылдыгы”.** [8] |

## Жообуңары текшергиле!

Төмөндө “Негизги түшүнүктөр” бөлүмүндөгү оюндун туура жооптору берилген:

Маалыматка жетүү. Маалыматты аныктоо, алуу жана аны натыйжалуу колдонуу укугу, мүмкүнчүлүгү жана жөндөмү.

Коопсуз пайдалануу. Ар кандай медиа платформаларга жана маалыматка сынчыл көз менен жетүү жана багыт алуу жөндөмү. Бул сапаттуу маалыматка кантип жетүүнү, ишенимдүү булактарды аныктоону жана дезинформациядан кантип сактанууну түшүнүүнү камтыйт.

Маалыматты коргоо. Коомдук кызыкчылыкты билдирбеген жеке маалыматты уруксатсыз жетүүдөн же туура эмес пайдалануудан коргоо.

Маалыматка жетүү укугу. Мамлекеттик органдарда же коомдук кызыкчылыкты камтыган функцияларды аткарган жеке уюмдарда сакталган маалыматка жетүү укугу.

Коомдук кызыкчылыкты жараткан маалымат. Коомчулук үчүн маанилүү же тиешелүү болгон маалымат жана билим.

Коомчулуктун маалыматка жетүү мүмкүнчүлүгү: Жарандардын, айрыкча мамлекеттик органдарда же алардын атынан сакталган маалыматты издөө жана алуу укугун камсыз кылган натыйжалуу система.

[6] ЮНЕСКО. 2021. Маалыматка жетүү… Жалпыга таандык укук [Видео]. https://www.youtube.com/watch?v=og-UNP1ZvPU
[7] ЮНЕСКО. н.о. Маалыматка жетүү боюнча мыйзамдар. Париж, ЮНЕСКО. https://www.unesco.org/en/access-information-laws
[8] ЮНЕСКО. 2024. Дүйнөдө прогрессти тездетүүнүн зарылдыгы: Жарандардын маалыматка жетүү укугу боюнча ЮНЕСКОнун 2023-жылга карата чыккан отчёту (ТӨМ 16.10.2) https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000389214



# 2 - МИССИЯ

## Сөз эркиндигинин **толкуну**

| Миссиянын максаты | ММС баалуулуктары жана принциптери |
| --- | --- |
| Миссиянын аягында демократиялык коомдор үчүн маанилүү укук катары сөз эркиндигинин негиздерин түшүнөбүз, анын чектөөлөрүн тааныйбыз жана өз оюбузду эркин билдирүү укугун этикалык негизде колдонуу үчүн стратегияларды иштеп чыгабыз. | Сөз эркиндиги жана маалыматка жетүү |

## Маалымат

Өзүңөрдү ишенген баалуулуктарды коргоого, ой-пикириңерди ачык айтууга же адилетсиздикке каршы наразычылык билдирүүгө мыйзам тыюу салган жерде жашап жатасыңар деп элестетип көргүлө. Үнүңөр басылат, башкача ой жүгүртүү кысымга алынат, ал эми бийликке каршы чыккан ар бир аракет катуу жазага — түрмөгө камалууга, куугунтукка же андан да оор кесепеттерге алып келет. Мындай дүйнө чыгармачылыкты басат, өнүгүүнү токтотот жана өзгөрүү үчүн күрөшүүнү дээрлик мүмкүн эмес кылат.

Тилекке каршы, бул алыскы бир коркунучтуу түш эмес. Акыркы он жылдыкта дүйнө жүзү боюнча сөз эркиндиги олуттуу түрдө төмөндөдү. Бул көрүнүш көз карандысыз журналистикага болгон басымдын күчөшү аркылуу байкалууда: цензуранын көбөйүшү, журналисттерге түз кол салуулар жана алардын ишин улантуусуна тоскоол болгон финансылык кыйынчылыктар.[9]

Сөз эркиндиги дени сак демократия үчүн өтө маанилүү, анткени ал саясий жашоого адилеттүү катышууну камсыз кылат, азчылыктын үнүн күчөтөт жана өкмөттөрдү кабыл алган чечимдери үчүн жоопкерчиликке тартууга мүмкүндүк берет. Бул укуктун чыныгы маңызын түшүнүү, аны жоопкерчилик менен колдонуу жана анын чектерин таануу — адам укуктары менен муктаждыктары корголгон коомду куруу үчүн өтө зарыл. Ошол эле учурда суроо коюу да маанилүү: ой-пикирди билдирүүнүн чектери барбы? Өз оюн билдирүүнүн бардык формалары корголобу?

Бул миссиянын алкагында биз сөз эркиндигинин татаал жактарын жана бул укуктун чектерин карап чыгабыз. Аягында өз кызыкчылыктарыңарды натыйжалуу жеткирүүгө, өз укуктарыңарды коргоого жана башкалардын укуктарын урматтоого даяр болосуңар.

## Негизги **түшүнүктөр**

Оң тилкедеги түшүнүктөрдү сол тилкедеги аныктамалар менен дал келтиргиле:

| Түшүнүк | | Аныктама |
| --- | --- | --- |
| 1 Сөз эркиндиги | A | Адамдын кадыр-баркын жана өзүн-өзү сыйлоосун коргоо үчүн зарыл деп эсептелген укуктар менен коргоо чараларынын жыйындысы. Бул укуктар, адатта, улуттук жана эл аралык документтерде бекитилет.[9] |
| 2 Адам укуктары | B | Коомдук кызыкчылыкка каршы келет деп эсептелген ой-пикирлерди же жазууларды өзгөртүү, чектөө же толугу менен тыюу салуу процесси.[10] |
| 3 Цензура | C | Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 19-беренесинде аныкталган укук. Анда мындай деп айтылат:<br>Ар бир адам ынанымда болуу эркиндигине жана аны эркин билдирүү укугуна ээ; бул укук өз ынанымында тоскоолсуз бекем турууну, ошондой эле мамлекеттик чек араларга карабастан маалыматты жана идеяларды кандай гана болбосун каражаттар аркылуу издөө, кабыл алуу жана таратуу эркиндигин камтыйт. |

Туура жооптор менен миссиянын **аягында тааныша аласыңар!**

[9] ЮНЕСКО. 2021. Сынчыл ой жүгүртүп, акыл менен бас! Мугалимдер жана үйрөнүүчүлөр үчүн медиа жана маалыматтык сабаттуулук боюнча окуу программасы. Париж, ЮНЕСКО. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000377068
[10] Анастапло, Дж. 2024. Цензура. Encyclopedia Britannica. [веб-сайт]te] https://www.britannica.com/topic/censorship

## Ичине **баш багалы**

**1.** Силер өз өлкөңөрдө сөз эркиндиги эмне экенин билесиңерби жана анын чектөөлөрүн түшүнөсүңөрбү?

а. Мен сөз эркиндиги мыйзам менен кантип корголот жана жөнгө салынат экенин так билбейм.
б. Мен укуктарым жана милдеттерим тууралуу бир аз билем, бирок өз өлкөмдөгү мыйзамдарды түшүнбөйм.
в. Ооба, мен өз өлкөмдөгү сөз эркиндигине тиешелүү мыйзамдарды түшүнөм жана укуктарымды жана чектөөлөрдү билем.

**2.** Сөз эркиндиги укугу демократиялык коомдор үчүн маанилүү, анткени:

а. Бардык адамдар каалаган оюн анын кесепетине карабай айта алат.
б. Адамдар өз ой-пикирлерин билдире алат. Бирок, мамлекеттин мыйзамы же чечимин талкуулоодо же сындоодо улуттук биримдикти сактоо жана коомдо жаңжалдарды алдын алуу максатында чектөө болушу мүмкүн.
в. Адамдар ар түрдүү пикирлерди билдире алышат, лидерлерин жоопко тарта алышат жана саясий процесске толук катыша алышат. Бул идеялар алмашуусуна жана ар кандай маселелер боюнча талкууга шарт түзөт.

**3.** Сиздин уюмда сөз эркиндигин илгерилетүүгө багытталган конкреттүү саясат же стратегия барбы?

а. Жок, биздин уюмда сөз эркиндигине тиешелүү конкреттүү стратегиялар менен саясат жок.
б. Ооба, саясат бар, бирок ал жаңыртылган эмес.
в. Ооба, биздин уюмда жаңыртылган жана иштей турган саясат бар, ал дайым сөз эркиндигин илгерилетүүгө багытталган.

**Эгер "а" ны тандасаңар, өзүңөргө 1 упай, "б" ны тандасаңар 2 упай, "в" ны тандасаңар 3 упай бергиле. Эми упайларыңарды 10 беттен карагыла.**

## Келгиле **баштайлы**

**Эмне үчүн сөз эркиндиги укугун коргоо маанилүү?**

### 1. Сөз эркиндиги укугун **түшүнүү**

Бириккен Улуттар Уюмунун 193 мүчө-мамлекетин жеке жарандык жана саясий укуктарды урматтоого жана коргоого милдеттендирген негизги Жарандык жана саясый укуктар жөнүндө эл аралык пактысынын (ЖСУЭАП-ICCPR)[11] төмөнкү беренелерин окуп чыккыла. Бул беренелерде сөз эркиндиги укугу белгиленген жана бул укуктун кандай шарттарда чектелиши мүмкүн экени көрсөтүлгөн:

**19-берене**

1. Ар бир адам өз пикирин эч кандай тоскоолдуксуз кармануура укуктуу.
2. Ар бир адам сөз эркиндигине ээ; бул укук ар кандай маалыматтарды жана идеяларды, чектөөлөрдөн көз карандысыз, оозеки, жазма түрүндө, басма аркылуу, искусство формасында же башка каалаган медиалар аркылуу издөө, кабыл алуу жана таратуу эркиндигин камтыйт.
3. Бул берененин 2-пунктунда каралган укуктарды жүзөгө ашыруу өзгөчө милдеттерди жана жоопкерчиликтерди талап кылат. Ошондуктан, ал айрым чектөөлөргө дуушар болушу мүмкүн, бирок алар мыйзамда каралган жана төмөнкүлөр үчүн гана зарыл болушу керек:
(а) Башкалардын укуктарын же кадыр-баркын урматтоо үчүн;
(б) Улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, коомдук саламаттыкты же адеп-ахлакты коргоо үчүн.

**20-берене**

1. Согушту пропагандалоо мыйзам менен тыюу салынат.
2. Улуттук, расалык же диний кастыкты козуткан, дискриминацияга, душмандыкка же зомбулукка чакырган аракеттер мыйзам менен тыюу салынат.

### 2. Сөз эркиндигинин **чектерин аныктоо**

Өзүңөрдү өлкөңөрдүн өкмөтүнүн мүчөсү деп элестеткиле. Төмөнкү кырдаалдарды карап чыгып, ар бир конкреттүү учурда өз пикирин билдирүүнү чектөө же жазалоо керекпи же жокпу чечкиле. Өкмөттүн өкүлү катары чектөө же жазалоонун деңгээлин эң туура чагылдырган кутучага "X" белгисин койгула:

**1.**
Мындай билдирүү үчүн адамдарды чектөөгө же жазалоого мүмкүн эмес.

**2.**
Өзгөчө шарттарда мындай билдирүү үчүн чектөөгө же жазалоого болот.

**3.**
Ушул сыяктуу билдирүү үчүн чектөө же жазалоо керекпи же жокпу, билбейсиңер, бирок эки тарапта тең жүйөлүү аргументтер болушу мүмкүн деп эсептейсиңер.

**4.**
Адатта, мындай билдирүүнү чектөөгө же жазалоого болот.

**5.**
Мындай билдирүүнү ар дайым чектөөгө же жазалоого болот.

[11] БУУ (Генералдык Ассамблея). 1966. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакт. Келишимдер сериясы, 999, 171. https://www.ohchr.org/sites/default/files/ccpr.pdf

Ар бир ситуация боюнча упайларыңарды эсептегенден кийин жалпы упайыңарды кошкула.

| Ситуация | Балл 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|---|
| Бир коомдук спикер митингде өкмөткө каршы зомбулукка жана куралдуу көтөрүлүшкө чакырып, чыныгы эркиндикке жетүүнүн жолу куралдуу ыңкылапты экенин айтат. | | | | | |
| Бир блогер өкмөттүн саламаттык сактоо саясатын сынга алып, азыркы жетекчиликти коррупциялык жана жөндөмсүз деп жазган макала жарыялайт. | | | | | |
| Куудул белгилүү бир диний топту шылдыңдаган стендап тамашаларды аткарат, айрым көрүүчүлөр муну кемсинтүүчү жана провокациялык деп эсептешет. | | | | | |
| Гезитте расалык сегрегацияны жактаган макала жарыяланып, анда маданий тазалыкты сактоо үчүн ар кандай расалар аралашпашы керек деп айтылат. | | | | | |
| Бир активисттик топ коомдук аянтта азчылык топко таандык бизнести бойкот кылууга чакырган брошюраларды таратат, алар жергиликтүү экономикага “ээлик кылып жатышат” деп эсептешет. | | | | | |
| Үй-бүлөлүк кечки тамак учурунда үй-бүлөнүн улгайган мүчөлөрүнүн бири күчтүү саясий көз караштарын билдирип, оппозицияны колдогондор "чыккынчылар" жана "жазаланышы керек" деп айтат. Ал ошондой эле "өлкөнүн баалуулуктарын калыбына келтирүү үчүн аларды коомдон чыгарып салышыбыз керек" деп айтат. | | | | | |
| Жумуштагы жыйын учурунда кызматкер аялдарды “табиятынан лидерликке ылайык эмес” жана “истерикалык” деп мүнөздөп, эркектерди “рационалдуу” жана “жакшыраак чечим кабыл алуучу” деп айтат. | | | | | |
| Бир социалдык медиа таасир этүүчү видео жарыялап, жакшы документтештирилген геноцидди четке кагып жана тарыхый маалыматтардын кээ бири кызыкчылыктуу топтор тарабынан бурмаланганын айтып чыгат. | | | | | |
| Университеттеги студенттик топ өкмөттүн жаңы саясатына каршы тынчтык митингин уюштуруп, анын жүрүшүндө өкмөттү сындаган ураандарды айтышат. | | | | | |
| Онлайн форум модератору террордук аракеттерди даңазалаган жана башка адамдарды экстремисттик топторго кошулууга үндөгөн контентти жарыялоого уруксат берет. | | | | | |
| Бир журналист жогорку кызматтагы чиновниктердин арасындагы коррупция тууралуу конкреттүү далилдерди келтирбестен, коомчулуктун кеңири ишенбөөчүлүгүнө жана башаламандыкка алып келген баяндама жарыялайт. | | | | | |
| Мамлекеттик мектептеги бир мугалим окуучуларына белгилүү бир раса башкалардан жогору турарын үйрөтүп, жалган илимий теорияларды колдонуп, окуучуларды бул көз караштарды кабыл алууга үндөйт. | | | | | |
| Жалпы **упай** | | | | | |

## 3. Кесиптештериңер менен **упайларыңарды талкуулагыла**

Упайларыңардын ортосунда айырма барбы? Силердин сөз эркиндиги жана анын чектөөлөрү жөнүндөгү түшүнүгүңөрдөгү айырма эмнени көрсөтүп турат?

## Миссияны аяктоого **убакыт келди!**

Силер сөз эркиндиги укугун анын чектөөлөрүн эске алуу менен коргоо үчүн эмне кыла аласыңар деп ойлойсуңар?

*Жоопторуңарды жазгыла. Уюмуңардын ММС стратегияларын интеграциялоодо күчтүү маалымат булагы болуп кызмат кылат.*

**“ММС идеяларынын кубаттандыруучусу”** бөлүмүн карагыла, анда уюмуңардын ичинде сөз эркиндиги укугун камсыз кылуунун жолдору боюнча пайдалуу идеяларды табасыңар!

## Саякатыңар үчүн **шыктандыруучу мисалдар**

**Жаштардын демократиялык когортасы** (Youth Democracy Cohort) – бул 2021-жылдагы Демократия боюнча саммиттин иш-аракеттер жылынын алкагында түзүлгөн көп тараптуу кызыкдар тараптардын платформасы. Анын миссиясы – жаштардын активдүү катышуусун колдоо аркылуу дүйнө жүзү боюнча жакшы башкарууну жана демократиялык жаңылануунү илгерилетүү. Бул аракеттердин алкагында алар жаштардын укуктарын жана улуттук жана жергиликтүү деңгээлде катышуусун кеңейтүүгө багытталган **"Мүмкүн болгон милдеттенмелердин тизмесин"** иштеп чыгышкан. Бул милдеттенмелердин бири жаштардын сөз эркиндигин колдоону төмөнкүлөр аркылуу көздөйт: 1) Жаш жактоочууларга, сүрөтчүлөргө, журналисттерге жана блоггерлерге укуктук базаны бекемдөө жана коопсуз жарандык мейкиндикти камсыз кылуу аркылуу сөз эркиндигине болгон укуктарын тынчтык жолу менен ишке ашырууга көмөктөшүү, 2) Жаштар үчүн инсандыгын тастыктаган документтерге жеткиликтүүлүктү жеңилдетүү аркылуу шайлоого катышуусуна шарт түзүү жана 3) жаш жарандарды демократиялык институттарды (мисалы, парламенттик мониторинг) жана процесстерди (мисалы, тынчтыкты мониторингдөө, шайлоолорду байкоо, параллелдүү добуш саноо) байкоого аккредитациялоо жана мүмкүн болгон реформалар боюнча сунуш берүүгө тартуу.

2023-жылы Коста-Рикада өткөн Демократия үчүн саммиттин алкагында Европалык демократиялык жаштар тармагы Европанын демократия үчүн өнөктөштүк менен кызматташып, **Жаштарды катыштыруу боюнча колдонмону** чыгарган. Бул колдонмодо дүйнө жүзүндөгү жаштар тарабынан аныкталып, ишке ашырылган демократиялык процесстерге жаштарды инклюзивдүү тартуунун мыкты тажрыйбалары топтолгон.

Таасирлени үчүн **Жаштарды катыштыруу боюнча колдонмону** карап чыккыла![12]

## Тереңирээк билгиңер **келеби?**

Сөз эркиндиги жана дүйнө жүзү боюнча көз карандысыз журналистика туш болуп жаткан коркунучтар жөнүндө көбүрөөк билгиңиз келсе, төмөнкү макаланы карагыла: Журналистика - бул коомдук баалуулук: сөз эркиндигинин жана медианы өнүктүрүүнүн дүйнөлүк тенденциялары, ЮНЕСКОнун 2021/2022-жылдардагы Глобалдык доклады.


| | |
|---|---|
| | Эгерде сөз эркиндиги, аны кантип коргоо жана жайылтуу жөнүндө көбүрөөк билгиңер келсе, ЮНЕСКОнун ***"Сөз эркиндиги: студенттер үчүн колдонмо"***[13] деген документти карап көргүлө. |
| | Сөз эркиндигинин чектөөлөрүн жакшыраак түшүнүү үчүн ЮНЕСКО тарабынан даярдалган ***"Сөз эркиндигинин мыйзамдуу чектөөлөрү: үч бөлүктөн турган тест"***[14] жана ***"Кастыкты козутууга каршы күрөшүү боюнча Рабат аракет планы"***[15] видеолорун көргүлө. |

Жообуңарды текшергиле!

Төмөндө „Негизги түшүнүктөр" бөлүмүндөгү оюндун туура жооптору берилген:

1 - C | 2 - A | 3 - B

[12] Европалык демократиялык жаштар тармагы (ЕДЖТ) жана Европа демократиялык өнөктөштүгү (ЕДӨ). 2023. Жаштарды катыштыруу боюнча колдонмо. https://youthdemocracycohort.com/the-youth-participation-handbook/
[13] ЮНЕСКО. 2013. Сөз эркиндиги: студенттер үчүн колдонмо. Париж, ЮНЕСКО. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000218618
[14] ЮНЕСКО. 2021. Сөз эркиндигинин мыйзамдуу чектөөлөрү: үч бөлүктөн турган тест [Video]. https://youtu.be/Wg8fVtHPDag
[15] ЮНЕСКО. 2021. Кастыкты козутууга каршы күрөшүү боюнча Рабат аракет планы [Video]. https://youtu.be/ADrB32OSe3A



# 3 - МИССИЯ

## Кастык тили жана **зыяндуу контенттин метеорлору**

### Миссиянын максаты

Миссиянын аягында, уюмдун коммуникацияларында колдонуучуларыбызга зыян келтире турган пикирлерди же стереотиптерди камтыйбы же жокпу, аныктай алабыз. Кастык тилинин чектерин жана өзгөчөлүктөрүн түшүнөбүз жана уюмдун баалуулуктарын ар түрдүүлүккө жана ар кандай көз караштарга урмат менен жана натыйжалуу жеткирүүнүн жолдорун үйрөнөбүз.

### ММС баалуулуктары жана принциптери

- Маданий ар түрдүүлүктү урматтоо
- Маданият & дин аралык диалог
- Адам укутары жана кадыр-барк
- Тилектештик жана тынчтык

# Маалымат

Кастык тили, Интернет мейкиндигинде жана реалдуу жашоодо, азыркы замандын эң актуалдуу маселелеринин бири болуп саналат жана дүйнө жүзү боюнча коом үчүн олуттуу кесепеттерге алып келет. Ал бүтүндөй калктарды адамдык сапатынан ажыратуу (дегуманизация) үчүн колдонулуп, кастык кылмыштардан баштап геноцидге чейин жеткен кылмыштарга себеп болгон. Бирок "кастык тили" термини кээде цензура куралы катары туура эмес колдонулат — цензура куралы катары колдонулуп, үстөм саясаттык программадан айырмаланган пикирлерди жазалоого пайдаланышат, бул болсо сөз эркиндигине жана жалпы адам укуктарына шек келтирет.

Ар кандай эл аралык келишимдер жана көрсөтмөлөр[17] мамлекеттерден сөз эркиндигин коргоо менен бирге кастык тилин алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча конкреттүү аракеттерди талап кылат. Бул алкактар негиз болуп берет, бирок бул маселени чечүүдө жеке адамдардын жана коомчулуктардын ролу бирдей маанилүү.

Бул миссияда биз сөз эркиндигин жана теңчиликти коргоо менен кастык тилине натыйжалуу каршы турган коомчулукка негизделген стратегияны изилдейбиз. Бул кастык тилди аныктоону жана кабарлоону жана эң негизгиси, расасына, динине, идеологиясына же баалуулуктарына карабастан, бардыгы үчүн урматтоону, камтууну жана коргоону жайылткан контр-баяндоолорду түзүү үчүн сөз эркиндигибизди колдонууну камтыйт.

# Негизги **түшүнүктөр**

Бул миссиянын негизги түшүнүктөрүнүн аныктамаларын билүү үчүн боштуктарды толтургула:

**Сөз эркиндиги** | **Бейкалыс пикир** | **Плюрализм** | **Стереотип** | **Кастык тили**

✖ ________________ бул кандайдыр бир жеке адамга же адамдардын тобуна карата алардын ким экендигине, башкача айтканда, динине, улутуна, улутуна, расасына, түсүнө, социалдык тегине, жынысына же башка инсандык факторлоруна жараша кемсинтүүчү же басмырлоочу тилди колдонгон оозеки, жазуу жүзүндөгү же физикалык байланыштын ар кандай түрү.

✖ ________________ бул Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 19-беренесинде камтылган адамдын негизги укугу. Ал ар бир адамдын өз пикирин, идеяларын билдирүү жана цензуранын, өч алуунун же юридикалык кесепеттерден коркпостон маалыматка эркин жетүү укугун билдирет. Бирок, бул укук абсолюттук эмес жана жоопкерчилик менен, башкалардын укуктарын урматтоо менен, зомбулукка, кастыкка же зыян келтирүүгө үндөбөстөн колдонуу керек.

✖ ________________ бул кимдир бирөөгө карата билбестиктен же конкреттүү себепсиз калыптанган алдын ала пикир же мамиле. Көбүнчө адамдарга раса, этностор, дин, жыныс же улут сыяктуу өзгөчөлүктөрү боюнча багытталат. Бул баа берүү дискриминацияга, социалдык четтетүүгө жана психологиялык же физикалык зомбулукка алып келиши мүмкүн.

✖ ________________ бул белгилүү бир адамдардын тобу, алардын жашоо образы жана ой жүгүртүүсү жөнүндөгү калыптанып калган жана жөнөкөйлөштүрүлгөн көз караш же пикир. Көбүнчө жалпыланган божомолдорго негизделет жана бейкалыс пикирге, басмырлоого жана зомбулукка алып келиши мүмкүн. Мындай жалпыланган көз караштар коомдогу жаңылыш түшүнүктөрдү жана алдын ала пикирлерди күчөтөт.

✖ ________________ бул коомдогу ар түрдүүлүктүн артыкчылыктарын таанып, бекемдеген саясий философия. Анын мааниси заманбап коомдор маданий, диний, тилдик жана этностук түрдүү болгондугуна негизделген жана биз ар түрдүү топтор менен тынчтыкта жана кызматташууларда жашоону үйрөнүшүбүз керек. Бул ар түрдүү топтордун болгону менен гана чектелбестен, алардын саясий, социалдык жана маданий турмушуна активдүү катышуусун камтыйт.

Туура жооптор менен миссиянын **аягында тааныша аласыңар!**

[17] Мисалы, ЖСУЭАПнын 19- жана 20-беренелери; БУУнун Кастык тили боюнча Стратегиясы жана Аракеттер Планы; Кастык тили боюнча Рабат аракет планы; Расалык дискриминациянын бардык формаларын жоюуу тууралуу эл аралык конвенция менен жетишилген келишимдер — жана бул бир айрымдары гана.

## Ичине баш **багалы**

**1.** Кастык тилге каршы мыйзамдарды жана көрсөтмөлөрдү аткаруунун негизги максаты эмне?

а. Өкмөттүн позициясына гана ылайык келген пикирлерге уруксат берүү.
б. Ар кандай адамга же топко кемсинтүүчү деп эсептелиши мүмкүн болгон бардык пикирлерди токтотуу.
в. Көрсөтүлгөн негиздерге таянып, басмырлоочу жана зыян же зомбулукка алып келиши мүмкүн болгон билдирүүлөргө жол бербөө, ошол эле учурда сөз эркиндигин сактоо.

**2.** Кастык тили плюрализм түшүнүгүнө кандай тиешеси бар?

а. Кастык тил плюрализм үчүн зарыл, анткени ал талаштуу маселелер боюнча активдүү талкууга түрткү берет.
б. Кастык тил плюрализмге таасир этпейт, анткени плюрализм саясий ар түрдүүлүккө тиешелүү.
в. Кастык тили ар кандай топторго карата сабырсыздыкты жана кастыкты күчөтүү менен плюрализмди жана коомдук биримдикти.

**3.** Сиздин уюмда кастык тилди алдын алуу же ага каршы иш алып барууга тиешелүү конкреттүү саясат жана стратегиялар барбы? (бул маданияттар же диндер аралык диалог боюнча активдүү иш алып барууну же кастык тилине түздөн-түз каршы иш-аракеттерди камтыйт).

а. Жок, биздин уюмда кастык тилге тиешелүү конкреттүү стратегиялар менен саясат жок же биз бул маселелер менен эч качан иштеген эмеспиз.
б. Ооба, саясат бар, бирок ал жаңыртылган эмес жана биз аны кайра карабайбыз же акыркы убакта бул темаларды уюмдун негизги иш-аракеттерине киргизген эмеспиз.
в. Ооба, биздин уюмда саясат жана конкреттүү стратегиялар бар же кастык тилге каршы туруу үчүн активдүү иш алып барабыз.

**Эгер “а” ны тандасаңар өзүңөргө 1 упай, “б” ны деп тандасаңар 2 упай, “в” ны тандасаңар 3 упай бергиле. Эми упайларыңарды 10-беттен карагыла.**

## Келгиле **баштайлы**

**Кастык тилине жана анын коомго тийгизген таасирине кантип каршы тура алабыз?**

### 1. Кастык тилин жана зыяндуу **контентти аныктоо**

Кастык тили — дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө ар түрдүү аныкталган түшүнүк. Бул иш-аракеттин алкагында биз Бириккен Улуттар Уюмунун Кастык тили боюнча стратегиясы жана аракеттер планы сунуштаган аныктаманы колдонобуз. Ага ылайык, “кастык тили-бул кандайдыр бир жеке адамга же адамдардын тобуна карата алардын ким экендигине, башкача айтканда, динине, улутуна, улутуна, расасына, түсүнө, социалдык тегине, жынысына же башка инсандык факторлоруна жараша кемсинтүүчү же басмырлоочу тилди колдонгон оозеки, жазуу жүзүндөгү же физикалык байланыштын ар кандай түрү”

Бул аныктамага таянып, биз онлайн байланыштарды – жазуу жүзүндөгү, графикалык же аудиовизуалдык болсун – талдап, алардын жек көрүүчүлүк тилине киреби же жокпу, аныктай алабыз. **Белгилей кетүүчү нерсе, биз бул байланыштар мыйзамсыз болушу керекпи же жокпу деген чечимди чыгарбайбыз.**[18] Төмөнкү иш-аракеттин максаты — кастык тилинин негизги элементтерин аныктоо жана анын коомго тийгизген терс таасирине каршы турууга жардам берген контр-баяндоолорду түзүү үчүн креативдүүлүктү колдонуу.

Эми төмөндөгү кастык тилинин мисалдарын карап чыгып, төмөнкү суроолорго жооп бергиле:

**Суроолор**

| | |
|---|---|
| **1.** | Бул байланыштын негизги максаты эмне? |
| **2.** | Бул байланыштын максаттуу адамга же топко тийгизген таасири кандай болушу мүмкүн? |
| **3.** | Эгер бул билдирүүнү жараткан же кайра бөлүшкөн адам силердин досуңар же таанышыңар болуп чыкса, эмне кылмак элеңер? |
| **4.** | Эгер уюмуңар бул билдирүүгө жооп берүүнү чечсе, кандай проактивдүү (алдын алуучу) жооп болмок? |

**Мисалдар**

Социалдык тармактан белгилүү бир диний топко таандык бардык адамдар коомдун коопсуздугуна, жашоосуна жана жыргалчылыгына коркунуч туудурат деп айтылган билдирүүнү көрдүңөр.

Саясатчынын коомдогу коопсуздуктун жоктугуна иммиграннтар жоопту деп айтып, алардын жагдайын эске албастан, бардыгын мүмкүн болушунча тез арада депортациялоо керектигин айткан видеосун көрүп жатасыңар.

Бир макаланы окуп жатасыңар, анда белгилүү бир азчылыкка каршы жасалган геноцид окуясы жалган, бул “ойлоп табылган нерсе” ошол азчылык өлкөдөгү саясий бийликти колго алуу үчүн атайын жасалган деп ырасталат.

[18] Кастык тили жана сөз эркиндиги боюнча эл аралык көрсөтмөлөр тууралуу түшүнүк алуу үчүн бул бөлүмдүн кириш сөзүнө кайрылгыла.

Социалдык тармакта белгилүү бир этностук топко таандык адамдарга жакын болуу ден соолук үчүн коопту, анткени алар ар кандай ооруларды алып жүрөт деген теорияны түшүндүргөн билдирүүнү көрдүңөр.

LGBTQ+ коомчулугунун укуктарын коргогон адамдар мыйзамдын бардык күчү менен жазаланышы керек деген маанидеги мемди көрдүңөр.

Белгилүү бир диний топ такыр болбогондо дүйнө жакшыраак болмок дегенди ырастаган мемди көрдүңөр.

## 2. Адам укуктарын, тынчтыкты, инклюзивдүүлүктү жана ар түрдүүлүктү илгерилеткен контр-баяндоолорду түзүү

Кастык тилинин ар кандай түрлөрүн аныктап, анын таасири жөнүндө ой жүгүрткөндөн кийин, адам укуктарын, кадыр-баркты, урматтоону, тынчтыкты, ар түрдүүлүктү жана инклюзивдүүлүктү илгерилеткен контр-баяндоолорду түзүүгө убакыт келди. Мурунку бөлүмдөн бир мисал тандап, ага жооп катары контр-баяндоо иштеп чыккыла. Ал үчүн төмөнкү кадамдарды аткаргыла:

- **Өзүңөрдүн билдирүүңөрдү таратуучу ыкманы тандагыла:** бул жазма форматта, сүрөт, видео же башка формада болушу мүмкүн.
- **Тандалган тема боюнча аң-сезимди арттыруучу билдирүү жазгыла.** Бул плюрализм баалуулуктарын көрсөтүү же кастык тилинин стигматизациялоочу таасирин далилдеген маалыматтарды бөлүшүү аркылуу болушу мүмкүн.
- **Жарыялоодон же бөлүшүүдөн мурун өзүңөргө суроо бергиле:** “Бул билдирүү агрессияны же зомбулукту козутпайбы?” "Ал бөлүнүүчүлүк ой жүгүртүүсүнө негизделгенби ("биз" жана "алар") же плюрализмди, тынчтыкты, урматтоону жана/же инклюзивдүүлүктү жайылтабы?

**Кастыкка кастык менен жооп берүүгө болбой турганын** эстен чыгарбагыла. Контр-баяндоолорду түзүү менен биз кастык тилдин терең таасирлерин түшүнүүнү арттырабыз жана башка адамдарды “ душман” катары эмес, “жардамчы” катары көрүүдө ой жүгүртүүнү акырындан өзгөртүүнүн процессин баштайбыз. Бул трансформация убакытты талап кылса да, плюрализмдин мааниси жана инклюзивдүү коом куруунун негизи болуп саналат.

## Миссияны аяктоого **убакыт келди!**

- Силердин уюмуңар интернетте кастык тилин камтыган контент менен бутага алынуу коркунучуна жооп катары кандай кадамдарды жасай алат деп ойлойсуңар?
- Интернеттеги кастык тилине активдүү түрдө каршы турууда уюм кандай кадамдарга бара алат деп ойлойсуңар?

*Жоопторуңарды жазгыла. Уюмуңардын ММС стратегияларын интеграциялоодо күчтүү маалымат булагы болуп кызмат кылат.*

**“ММС идеяларынын кубаттандыруучусу”** бөлүмүн карагыла, анда уюмуңарда кастык тилине каршы аракеттерди кантип уюштуруу жана интеграциялоо жолдорун табасыңар!

## Саякатыңар үчүн **шыктандыруучу мисалдар**

Erasmus+ ЕБ демилгеси болгон HateBusters долбоору эки жылдык (2020-2022) долбоор болуп, өнөктөш уюмдардын тобунун арасында кастык тилине жана киберкуугунтукка каршы күрөшүүнүн натыйжалуу стратегияларын бөлүшүүгө багытталган.

Долбоор жаштар менен жаштар менен иштеген адистерди онлайн жана оффлайн режимдеги кастык тилди таануу жана ага каршы аракет көрүү көндүмдөрү менен камсыздап, чыныгы жашоо жүрүм-турумун онлайн аракеттер менен байланыштырып кароо үчүн комплекстүү ыкманы илгерилеткен Анын негизги иш-чараларынын айрымдарына жаштар менен иштеген адистер үчүн атайын тренингдер, жергиликтүү кампаниялар боюнча колдонмо, аң-сезимди арттыруу үчүн куралдар топтому жана түшүнүүнү жана жооп берүү стратегияларын күчөтүүчү симуляциялар камтылган “HateBusters APP” тиркемеси кирген. Бул тажрыйба кастыкка каршы активдүү аракет көрүү жана урматтоо принцибин жайылтуу үчүн жеке адамдарды жергиликтүү деңгээлде колдоо маанилүүлүгүн көрсөттү.

**Кошумча маалымат алуу үчүн:**
***https://hatebusters.erasmus.site/***[19]

**“Кастык тилине каршы жалкоо адамдардын колдонмосун” карагыла:**
***https://neu.suedwind.at/bildungsmaterial/the-lazy-persons-guide-against-hate-speech/***[20]

[19] Südwind. 2020. Hate Busters Проекти. [Веб-сайт] https://hatebusters.erasmus.site/
[20] Südwind. 2020. Жалкоо адамдар үчүн кастык тилине каршы колдонмо https://neu.suedwind.at/bildungsmaterial/the-lazy-persons-guide-against-hate-speeh/

# Тереңирээк **билгиңер келеби?**

| | |
|---|---|
| | ЮНЕСКО тарабынан тартылган ***"Сөздөрдүн күчү: кастык тилге каршы туруу жана сөз эркиндигин коргоо"***[21] видеосун көргүлө. Бул видео кастык тилдин таасирин жана дүйнө жүзү боюнча ага каршы жасалып жаткан аракеттерди түшүндүрөт. |
| | ЮНЕСКО тарабынан тартылган ***Адам укуктарына негизделген ыкма менен, интернетте кастык тилге кантип каршы туруу керек?*** деген видеону көргүлө.[22] |
| | Сөз эркиндиги менен кастык тилдин чектери жөнүндө жакшыраак түшүнүү үчүн, Amnesty International тарткан ***"Сөз эркиндигинин чектерин түшүнүү"***[23] видеосун көргүлө. |
| | Кастык тилдин кесепеттерин билгиңер келсе, Бириккен Улуттар Уюмунун чыгарган ***"Кастык тил жана анын кесепеттерин түшүндүрүү \| Кийинки зомбулукту алдын алуу үчүн эмне кылса болот"***[24] видеосун көргүлө. |
| | Сөз эркиндигинин чектерин тереңирээк түшүнгүңөр келсе, ЮНЕСКО тарткан ***"Сөз эркиндигинин легитимдүү чектери: үч бөлүктөн турган тест"***[25] видеосун көргүлө. |
| | Кастык тил жана кастыкты козутууга каршы эң маанилүү эл аралык алкактардын бири менен таанышып көргүңөр келсе, ЮНЕСКО даярдаган ***"Рабат аракеттер планы"***[26] видеосун көргүлө. |
| | Өлкөңөрдө кастык тилге байланыштуу конкреттүү мыйзамдар бар экенин билгиңер келсе, Джон Темплтон Фонду тарабынан чыгарылган ***"Кастык тилге байланыштуу мыйзамдар боюнча глобалдык колдонмону"***[27] окугула. |

| | |
|---|---|
| | Билим берүүнүн кастык тилине каршы туруудагы ролун түшүнүү үчүн, ЮНЕСКОнун ***"Санарип доорундагы глобалдык жарандык билим берүү: мугалимдер үчүн көрсөтмөлөр"***[28] документин окугула. |
| | Антисемитизмге каршы билим берүүнүн ролун билгиңер келсе, ЮНЕСКО жана ЕККУнун ***"Билим берүү аркылуу антисемитизмге каршы күрөшүү: Саясатчылар үчүн көрсөтмөлөр"***[29] документин окугула. |
| | Жасалма интеллект адамзаттын Холокост тарыхын эскерүүсүнө кандай таасир этерин түшүнүү үчүн, ЮНЕСКОнун ***"ЖИ интеллект жана Холокост: тарыхты кайра жазуу? ЖИнин Холокостту түшүнүүгө тийгизген таасири"*** деген макаласын окугула.[30] |
| | Конспирация теорияларынын динамикасын жана коркунучтарын жана аларды класста кантип чечүү керектигин түшүнүү үчүн ЮНЕСКОнун ***"Конспирация теорияларына кайрылуу: мугалимдер эмнени билиши керек"***[31] деген макаласын окугула. |

## Жообуңарды текшергиле!

Төмөндө "Негизги түшүнүктөр" бөлүмдөгү оюндун туура дал келүүгөрү берилген:
1. Кастык тили | 2. Сөз эркиндиги | 3. Бейкалык пикир | 4. Стереотиптер |
5. Плюрализм

[21] ЮНЕСКО. 2024. Сөздөрдүн күчү: кастык тилге каршы туруу жана сөз эркиндигин коргоо (Узун версиясы)[Видео]. https://youtu.be/LNW6GOsZo0M
[22] ЮНЕСКО. 2022. Адам укуктарына негизделген ыкма менен, интернетте кастык тилге кантип каршы туруу керек? [Видео]. https://youtu.be/JirA4suOdXI
[23] Эл аралык Амнистия (Amnesty International). 2021. "Сөз эркиндигинин чектерин түшүнүү" [видео]. https://www.youtube.com/watch?v=zemBh2uoCdQ
[24] Бириккен Улуттар Уюму 2022 Кастык тил жана анын кесепеттерин түшүндүрүү | Кийинки зомбулукту алдын алуу үчүн эмне кылса болот [видео] https://www.youtube.com/watch?v=bQeoUQa3MiU
[25] ЮНЕСКО 2022. Сөз эркиндигинин легитимдүү чектери: үч бөлүктөн турган тест. [видео]. https://youtu.be/Wg8fVtHPDag?si=1S7FPVT68fH1w5lv
[26] ЮНЕСКО. 2022. Кастык тилин козутууга тыюу салуу боюнча Рабат аракеттер планы. [видео] https://youtu.be/ADrB32OSe3A?si=EisXuRV9z8ZlpkNo
[27] Алкивиаду, Н., Мчангама, Дж. и Мендиратта, Р 2020. Кастык тилге байланыштуу мыйзамдар боюнча глобалдык колдонмо Сөз эркиндигинин келечеги, 7, 2. https://futurefreespeech.org/wp-content/uploads/2020/11/Report_Global-Handbook-on-Hate-Speech-Laws.pdf
[28] ЮНЕСКО 2024. Санарип доорундагы глобалдык жарандык билим берүү: мугалимдер үчүн көрсөтмөлөр. Париж. ЮНЕСКО https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000388812
[29] ЮНЕСКО & ЕККУ. 2018. Билим берүү аркылуу антисемитизмге каршы күрөшүү: Саясатчылар үчүн көрсөтмөлөр. Париж. ЮНЕСКО. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000263702
[30] ЮНЕСКО. 2024. ЖИ интеллект жана Холокост: тарыхты кайра жазуу? ЖИнин Холокостту түшүнүүгө тийгизген таасири https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000390211
[31] ЮНЕСКО. 2022. Конспирация теорияларына кайрылуу: мугалимдер эмнени билиши керек.. Париж, ЮНЕСКО. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000381958



# 4 - МИССИЯ

## Дезинформациянын, туура эмес жана зыяндуу маалыматтардын астереоиддери

### Миссиянын максаты

Миссиянын аягында биз ар кандай түрдөгү жалган же адаштыруучу маалыматтарды, мисалы, дезинформация, туура эмес маалымат жана зыяндуу маалыматтарды, анын ичинде Генеративдүү ЖИ контентин аныктоо боюнча практикалык көндүмдөрдү өнүктүрөбүз. Ошондой эле, мындай контентти таратуудан кантип сактанууга болорун көрсөтүүчү куралдарды алабыз.

### ММС баалуулуктары жана принциптери

- Сөз эркиндиги жана маалыматка жетүү
- Өзүн-өзү таануу

# Маалымат

**Интернетте чыныгы маалыматты жалгандан айырмалоо кыйын болгон учурлар болобу?**

Бүгүнкү күндө интернет адаштыруучу маалыматтарга жык толгон: чындыктай көрүнгөн, бирок чындыгында сатира болгон жаңылыктардан тартып, көңүл бурдуруу үчүн жасалган (кликбейт) билдирүүлөргө, ЖИ аркылуу түзүлгөн сүрөттөргө жана атайылап өзгөртүлгөн же толугу менен ойдон чыгарылган контентке, мисалы, **дипфейктерге** чейин. **Социалдык тармактар мындай контенттин бат жайылышына шарт түзөт.** Ошондуктан бүгүнкү санариптик дүйнөдө багыт табуу үчүн ишенимдүү маалыматты таанып билүү ар бир адам үчүн маанилүү көндүм болуп саналат.

Журналисттер маалыматтын ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу менен интернеттеги адаштыруучу контентке каршы күрөшүүдө маанилүү ролду ойношот. Алардын иши фактыларды текшерүүгө жана ишенимдүү булактарга таянууга негизделет. Чындыгында, маалыматты текшерүүнүн эң жөнөкөй жолдорунун бири — абройлуу маалымат каражаттарын карап чыгуу, анткени алар маалыматтын тактыгын камсыз кылуу үчүн катуу кесиптик стандарттарды карманышат. Журналистиканын ролун түшүнүү жана баалоо бизге чынчыл жана фактылык окуялар менен ойдон чыгарылган жаңылыктарды же адаштыруучу маалыматты айырмалоого жардам берүү үчүн абдан маанилүү. Журналисттер коомдо өзгөчө орунга ээ, анткени алар бийликтегилерди көзөмөлдөп, аларды жоопкерчиликке тартып турушат. Алар коомчулукка учурдагы окуяларды жана чечим кабыл алуу процесстерин түшүнүүгө жардам берген фактылуу маалыматтарды жана терең талдоолорду сунушташат. Бул миссияда биз дезинформация, туура эмес маалымат жана зыяндуу маалымат сыяктуу ар кандай адаштыруучу контентти кантип аныктоону үйрөнөбүз. Мындан тышкары, онлайн жашообузда жолуккан, өзүбүз жараткан же бөлүшкөн контенттин ишенимдүүлүгүн баалоого жардам берген, кесипкөй фактчекерлер колдонгон латералдык окуу ыкмаларын кантип колдонуу керектигин өздөштүрөбүз.

## Негизги **түшүнүктөр**

× **Дезинформация:** Жалган жана/же адаштыруучу контент. Так аныктамада бул термин жалган экенин билип туруп, атайын зыян келтирүү максатында түзүлгөн контентке карата колдонулат.

× **Фактыларды текшерүү.** Айтылган же жазылган билдирүүнүн, же чындык катары берилген сүрөттүн аныктыгын ырастоо. Көбүнчө изилдөө же редакциялык иштин алкагында жүргүзүлөт.

× **Терең жасалма (дипфейк):** ЖИ аркылуу түзүлгөн же өзгөртүлгөн видео, аудио же сүрөттөр. Алар адамдарды же окуяларды реалдуу көрүнгөн, бирок жалган формада көрсөтүү аркылуу адаштырууга багытталган.

× **Туура эмес маалымат.** Жалган же адаштыруучу контен. Ал атайын алдоо максатын көздөбөстөн түзүлүп же таратылышы мүмкүн. Зыяны дезинформациядай эле олуттуу болушу ыктымал. Көбүнчө туура эмес маалымат баштапкы дезинформациядан келип чыгат.

× **Зыяндуу маалымат.** Чындыкка негизделген, бирок адамга, уюмга же өлкөгө зыян келтирүү үчүн колдонулган маалымат. Коомдук кызыкчылыкты актоосуз адамдын купуялуулугун бузган чыныгы маалымат.

× **Латералдык окуу:** Бул интернеттеги тааныш эмес булактын артында ким турганын билүү үчүн иштелип чыккан стратегия. Бул үчүн негизги баракчадан чыгып, жаңы браузер өтмөгүн ачып, ишенимдүү сайттар ал булак тууралуу эмне деп жазганын карап чыгуу колдонулат.

Туура жооптор менен миссиянын **аягында тааныша аласыңар!**

## Ичине **баш багалы**

**1.** WhatsApp’ка силерге эмоциялык таасир берген билдирүү келди деп элестеткиле. Силер ...

а. Дароо WhatsApp топторуңарга бөлүшөсүңөр. Муну баары билиши керек!
б. Окуп чыгасыңар, бирок эч кандай аракет кылбайсыңар.
в. Каалаган браузериңер аркылуу кошумча маалымат издейсиңер.

**2.** Интернетте бөлүшкөн же жарыялаган маалыматыңардын так жана чын экенине ынануу силер үчүн канчалык маанилүү?

а. Маанилүү эмес.
б. Бир аз маанилүү, бирок жарыялоодон мурун фактыларды текшербейм.
в. Абдан маанилүү. Мен бөлүшкөн же жарыялаган бардык маалымат ишенимдүү экенине ынанам.

**3.** Силердин уюмда интернетте жарыялоодон мурун маалыматты текшерүү (фактчек) боюнча протокол барбы?

а. Жок.
б. Эгер ишенимдүү булактан көрүнсө, жарыялайбыз же кайра бөлүшөбүз.
в. Ооба, жарыялоодон мурун маалыматты текшерүү боюнча так аныкталган протоколубуз бар.

**Эгер “а” ны тандасаңар өзүңөргө 1 упай, “б” ны деп тандасаңар 2 упай, “в” ны тандасаңар 3 упай бергиле. Эми упайларыңарды 10-беттен карагыла.**

# Келгиле **баштайлы**

**Маалыматты кантип текшерсе болот (фактчек)?**

## 1. **Латералдык окуу көндүмдөрү** менен таанышкыла

Жогорудагы "Негизги түшүнүктөр" бөлүмүндө берилген дезинформация, туура эмес жана зыяндуу маалыматтардын аныктамаларын үн чыгарып окуп чыккыла.

Бул бөлүмдө адаштыруучу маалыматтын бир нече мисалдарын таба аласыңар. Силерге тапшырма — алардын ишенимдүү маалымат экенин же дезинформацияга, туура эмес маалыматка же зыяндуу маалыматка кирерин аныктоо. Жоопту аныктоо үчүн төмөндө сунушталган латералдык окуу көндүмдөрүнүн[32] каалаганын колдонгула.

### Интернетте маалыматты текшерүү үчүн **латералдык окуу ыкмалары**

#### **Булакты** текшергиле

× Жаңылыкты текшерүүгө боло турган булак бар-жогун аныктагыла. Мисалы: ***"Канадалык жаран шайлоодо нөл добуш алып, тарых жаратты: 'Мен чыныгы биримдиктин талапкеримин"*** (The Guardian, 27-июнь 2024-ж.).[33]

× Эми өзүңөр каалаган браузерди колдонуп, ошол булак тууралуу маалымат издегиле (The Guardian). Булактын ишенимдүүлүгүн баалагыла: бул абройлуу маалымат каражатпы, социалдык тармактагы постпу же белгисиз сайтпы?

× ***"Жөн гана Wikipedia кош"***[34] ыкмасын колдонуп, бул булак тууралуу эмне жазылганын карагыла. Андан соң ишенимдүүлүктүн белгилерин аныктагыла (мисалы: күнүмдүк гезит, 1821-жылы негизделген, Улуу Британиядагы "расмий гезит").

#### **Өтүнмөнү** текшергиле

× Текшергиңер келген жаңылыктын негизги билдирүүсүн браузерде издегиле же башка медиа каражаттар бул тууралуу жазган-жазбаганын билүү үчүн ачкыч (негизги) сөздөрдү киргизгиле.
× Натыйжаларды талдагыла. Эгер башка ишенимдүү медиа каражаттар да бул тууралуу жазса, анда маалымат, сыягы, ишенимдүү. Эгер факт-текшерүү уюмдары аны дезинформация деп аныктаган болсо, бул да издөө жыйынтыктарында көрүнөт.
× Латералдык окуу көндүмүн жакшыраак түшүнүү үчүн ***"Өтүнмөнү текшер"***[35] видеосун көргүлө.

#### **Сүрөттү тескери** издөө

× Эгер текшергиңер келген жаңылыкта сүрөт болсо, анын түпкү булагын аныктоо үчүн "Google'дун сүрөттү тескери издөө" функциясын колдонгула.
× Сүрөт жаңылыкка туура келерин, ал түпнуска контекстинен алынып салынганын же ЖИ түзүлгөнүн билүү үчүн жыйынтыктарды кылдаттык менен талдагыла.
× Бул ыкманы кантип колдонуу керектигин жакшыраак үйрөнүү үчүн ***"Көндүм: Сүрөттүн тарыхын издөө"***[36] видеосун көргүл.

[32] CIVIX. 2024. CTRL-F: Фактыларды тап. [Веб-сайт] https://ctrl-f.ca
[33] The Guardian. 2024. Канадалык жаран шайлоодо нөл добуш алып, тарых жаратты: 'Мен чыныгы биримдиктин талапкеримин. [Веб-сайт] https://www.theguardian.com/world/article/2024/jun/27/zero-votes-canada-election
[34] CIVIX. 2024. Жөн гана Wikipedia кош. [Видео]. https://youtu.be/1k3zr_vNRXM
[35] CIVIX. 2024. Өтүнмөнү текшер. [Видео]. https://youtu.be/a1dMpfCwbbQ
[36] CIVIX. 2024. Көндүм: Сүрөттүн тарыхын издөө. [Видео]. https://youtu.be/-ZVXA0RSgAA


## ЖИ тарабынан түзүлгөн контентти аныктоого жардам берген ыкмалар

Эгер латералдык окуу көндүмдөрү белгилүү бир контент ЖИ тарабынан түзүлгөнүн аныктоого жетишсиз болсо, анда текстти, видеону, аудиону же сүрөттөрдү аныктоо үчүн төмөнкү куралдарды колдонгула. Бул куралдардын тактык деңгээли толук эмес болушу мүмкүн экенин эске алгыла.

| | | |
|---|---|---|
| **ЖИ тарабынан түзүлгөн бардык түрдөгү контент үчүн:**<br>Google SynthID куралы:<br>**https://deepmind.google/technologies/synthid/** | Тексттер үчүн<br>Quillbot:<br>**https://quillbot.com/ai-content-detector**<br>ПО GPTZero: **https://gptzero.me/**<br>Copyleaks платформасы:<br>**https://copyleaks.com/ai-content-detector** | **Видео, дипфейк жана аудио үчүн:**<br>Sensity AI: **https://sensity.ai/**<br>Deepware:<br>**https://scanner.deepware.ai/** |

## 2. Дезинформацияны, туура эмес жана **зыяндуу маалыматтарды аныктоо**

Эми көндүмдөрүңөрдү сынап көрө турган убакыт келди! Төмөнкү мисалдарды карап чыгып, **латералдык окуу көндүмдөрүнүн** бирин колдонуп, алардын кайсы түрдөгү контентке тиешелүү экенин аныктагыла.




Источник: собственная разработка

**Берилген аныктамаларга ылайык, бул:**

- ☐ Ишенимдүү маалымат
- ☐ Дезинформация
- ☐ Туура эмес маалымат
- ☐ Зыяндуу маалымат
- ☐ Билбейм

Тандооңорду кесиптештериңер менен талкулагыла


### Фактыларды текшерүү **ыкмасы!**

× Өзүңөр каалаган браузерди ачып, төмөнкү булак тууралуу маалымат издегиле:
womenhealthtoday.com

× Бул булак тууралуу Wikipedia'да макала барбы? Эгер бар болсо, анда эмне деп жазылган?

× Издөө жыйынтыктары бул маалыматтын ишенимдүүлүгү тууралуу кандайдыр бир белгилерди бердиби?

Изилдөөгө таянып, is womenhealthtoday.com онлайн мейкиндикте ишенимдүү маалымат булагы деп эсептелеби?




Источник: собственная разработка

**Берилген аныктамаларга ылайык, бул:**

- ☐ Ишенимдүү маалымат
- ☐ Дезинформация
- ☐ Туура эмес маалымат
- ☐ Зыяндуу маалымат
- ☐ Билбейм

Тандооңорду кесиптештериңер менен талкулагыла

## Фактыларды текшерүү ыкмасы!

× Өзүңөр каалаган браузерди ачып, төмөнкү ачкыч сөздөр боюнча издөөнү жүргүзгүлө: "Мектеп, Улуу Британия, ЖИ роботу, директор".

× Натыйжаларды текшергиле: бул тууралуу башка ишенимдүү медиа каражаттар жазганбы? Бул маалыматты адистер буга чейин факт-текшерүүдөн өткөрүшкөнбү?




Source: own elaboration.
https://pbs.twimg.com/media/F2D2nZrakAArtE2?format=jpg&name=900x900[37]

**Берилген аныктамаларга ылайык, бул:**

- ☐ Ишенимдүү маалымат
- ☐ Дезинформация
- ☐ Туура эмес маалымат
- ☐ Зыяндуу маалымат
- ☐ Билбейм

Тандооңорду кесиптештериңер менен талкулагыла

## Фактыларды текшерүү ыкмасы!

× Шилтемени ачып, тиешелүү публикацияга өткүлө

× Сүрөттүн үстүнөн оң баскычты басып, "Google Image Search" же "Google Lens" тандагыла.

× Натыйжаларды карагыла. Бул сүрөттүн ишенимдүүлүгү жөнүндө кандай маалымат берет?

Издөөнүн негизинде, 80 жаштагы чоң эне чоң мышыктарды токуганын тастыктоого болобу?




Source: own elaboration.

**Берилген аныктамаларга ылайык, бул:**

- ☐ Ишенимдүү маалымат
- ☐ Дезинформация
- ☐ Туура эмес маалымат
- ☐ Зыяндуу маалымат
- ☐ Билбейм

Тандооңорду кесиптештериңер менен талкулагыла

Бул мисалда жеке маалыматы көрсөтүлгөн адам үчүн кандай көйгөйлөр жаралышы мүмкүн?

## Миссияны аяктоого **убакыт келди!**

× Силер же силердин уюм дезинформацияны, туура эмес же зыяндуу маалыматты бөлүшүп алуу коркунучун азайтуу үчүн кандай чараларды көрө алат?
× Уюмуңар интернетте жайылтылган, зыяндуу же адаштыруучу жасалма интеллект тарабынан түзүлгөн контентке кандайча жооп кайтара алат?

*Жоопторуңарды жазгыла. Уюмуңардын ММС стратегияларын интеграциялоодо күчтүү маалымат булагы болуп кызмат кылат.*

Уюмуңардын ишине факт-текшерүү протоколдорун киргизүү боюнча идеяларды алуу үчүн **"ММС идеяларынын кубаттандыруучусу"** бөлүмүн карагыла!

## Саякатыңар үчүн **шыктандыруучу мисалдар**

Жаштар мультимедиа бөлмөсү — ЮНЕСКО тарабынан он жылдан ашык убакыт мурун башталган демилге. Анын максаты — жаш медиа адистерине эл аралык маанилүү иш-чаралар жөнүндө чагылдырууга, өз үнүн угузууга жана ошол эле учурда баалуу кесиптик көндүмдөрдү үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзүү.

Журналисттик репортаждарда, ошондой эле социалдык тармактар үчүн контент түзүүдө факт-текшерүү көндүмдөрүн интеграциялоонун маанисин эске алуу менен, ЮНЕСКО "факт-текшерүү лабораториясын" түзгөн. Бул лаборатория Эл аралык факт-текшерүү тармагы (IFCN) тарабынан сертификатталган эл аралык факт-текшерүүчүлөрдөн турган команда болуп, 2024-жылдагы ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк басма сөз эркиндиги күнүнө арналган конференцияны чагылдырган жаш журналистика студенттерине, климат активисттерине жана санарип контент жаратуучуларга насаатчы болуп кызмат кылган.

Иш-чаранын глобалдык темасы "Планета үчүн басма сөз: экологиялык кризис шартындагы журналистика" болгондуктан, жаштар командасына климаттын өзгөрүшү кризиси тууралуу сапаттуу, так жана текшерилген маалыматты даярдоонун мааниси үйрөтүлгөн.

Бул демилге жаштарды дезинформацияга жана туура эмес маалыматка каршы күрөштө активдүү күч катары чыңдоонун, ошондой эле жаштардын өз коомчулугунун үнүн жеткирүүдөгү ролунун канчалык маанилүү экенин айкын көрсөтөт.

Көбүрөөк билгиң келеби? Бул пресс-релизди окугула: ***Жаш журналисттер 2024-жылдагы Бүткүл дүйнөлүк басма сөз эркиндиги күнүнө жергиликтүү көз караштарды алып келишет | ЮНЕСКО***[38]

ЮНЕСКО Жаштар мультимедиа бөлмөсү менен бул жерден таанышсаңар болот: ***Жаштар мультимедиа бөлмөсү | ЮНЕСКО*** [39]

## Тереңирээк билгиңер **келеби?**

| | |
|---|---|
| | CIVIX уюму CTRL-F программасын иштеп чыккан — бул интернеттеги маалыматтарды факт-текшерүүнү үйрөтүүгө багытталган билим берүүчү ресурстар топтому. Видеолорун[40], сабактарын[41] жана оюндаштырылган куралдарын карап чыгуу мүмкүн, мисалы: Fact or Opinion?[42] — бул чындык жана баалоочу дооматтарды айырмалоо жөндөмүңүздү текшерет, Fake Out[43] болсо жалган жана ишенимдүү маалыматтарды таанууда көндүмүңүздү баалайт. |
| | "Латералдык окуу" көндүмдөрү жөнүндө үйрөнгүңөр келсе, Digital Enquiry Group түзгөн видеоңу[44] көргүлө — бул "Civic Online Reasoning" программасынын бөлүгү. |
| | Журналисттердин коомдогу өзгөчө ролун жана сөз эркиндигибизди жүзөгө ашыруудагы маанилерин изилдегиңер келсе, ЮНЕСКОнун Сөз эркиндиги боюнча куралдар топтому: Студенттер үчүн колдонмону[45] карап чыккыла. |

## Жообуңарды текшергиле!

Төмөндө "Келгиле баштайлы" бөлүмүндөгү негизги көнүгүүнүн туура жооптору берилди:
1. Пияз - Дезинформация
2. Белгилен ЖИ роботу - Дезинформация
3. Чоң эне - Дезинформация
4. Джейн Доунун жеке жазуулары - Зыяндуу маалымат

[37] FeedyRecip. (2023, 20-сентябрь). 80 жаштагы чоң эне жана анын көөрүктөн жасалган буюму [Фейсбуктагы пост] https://www.facebook.com/feedyrecip/posts/an-80-year-old-grandmother-and-her-crochet-finished-product-/673451594827419/
[38] ЮНЕСКО. 2024. Жаш журналисттер 2024-жылдагы Бүткүл дүйнөлүк басма сөз эркиндиги күнүнө карата конференцияда жергиликтүү көз караштарды билдиришти. [Веб-сайт] https://www.unesco.org/en/articles/young-journalists-bring-local-perspectives-world-press-freedom-day-conference-2024?hub=66704
[39] ЮНЕСКО. 2024. Бүткүл дүйнөлүк басма сөз эркиндиги күнү 2024. [Веб-сайт] https://www.unesco.org/en/youth-multimedia-room?hub=66704
[40] CIVIX. 2024. CTRL-F.Текшерүү көндүмдөрү 2024. [Видео серия] https://www.youtube.com/playlist?list=PLsSbsdukQ8Vb_xgdQOarM7YajJbO4o8Oz
[41] CIVIX. 2024. CTRL-F. Санариптик медиа сабаттуулук. [Веб-сайт]https://ctrl-f.ca/en/login/
[42] CIVIX. 2024. CTRL-F. Факт же пикир. [Оюндаштыруу] https://www.guidedtrack.com/programs/y7vbjdl/run
[43] CIVIX. 2024. CTRL-F. Жалган маалыматты тап [Оюндаштыруу] https://ctrl-f.ca/en/fakeout/
[44] Digital Inquiry Group. 2020. Латералдык окуу аркылуу интернеттеги чындыкты жана жалганды айырмалоо. [Видео] https://www.youtube.com/watch?v=SHNprb2hgzU
[45] ЮНЕСКО. 2013. Сөз эркиндиги боюнча куралдар топтому: Студенттер үчүн колдонмо. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000218618



# 5 - МИССИЯ

## **Интернеттеги гендердик негиздеги** зыяндуу контенттин тузагы

### Миссиянын максаты

Миссиянын аягында гендердик бир жактуулук, бейкалыс пикир, кастык тили жана дезинформациянын негизги белгилерин жана алардын таасирин түшүнөбүз. Ошондой эле мындай контентти аныктоо, андан сактануу жана аны жаратуудан же жайылтуудан оолак болуу үчүн зарыл болгон куралдарга ээ болобуз.

### ММС баалуулуктары жана принциптери

- Маданий ар түрдүүлүктү урматтоо
- Адам укутары жана кадыр-барк
- Тилектештик жана тынчтык

## Маалымат

Социалдык медиада зыяндуу билдирүүлөрдү камтыган жана гендердик стереотиптерди жана бир жактуулукту күчөткөн контентке туш болдуңар беле? Посттор, мемдер же deepfake сыяктуу ЖИ аркылуу түзүлгөн материалдар аркылуу болобу — мындай контентке туш болууңар толук мүмкүн. Гендердик бир жактуулукка негизделген контент жек көрүүчүлүк сөздөрү жана дезинформация, ошондой эле көп учурда технологиянын өзүндө камтылган гендердик бир жактуулук сыяктуу көптөгөн формаларда болушу мүмкүн. Мисалы, ЖИ моделдери “инженер” же “бизнес” деген сөздөргө көбүнчө эркектердин образын, ал эми “никеге туруу” же “үй кызматчысы” сыяктуу түшүнүктөргө аялдардын образын байланыштырып жаратат.[46] Бул өзгөчө тынчсыздандырат, анткени дезинформацияны жаратуучулар мындай бир жактуу көз караштарды өз контентин ишенимдүү кылып көрсөтүү үчүн колдонуп, аялдарды басмырлоо, расизм жана дискриминациянын башка түрлөрүн пайдаланышат.[47] Мунун кесепеттери олуттуу болушу мүмкүн: мындай контент коомдогу көз караштарды калыптандырып, басмырлоону күчөтүп, айрым топтордун жарандык мейкиндикке жана коомдук катышууга мүмкүнчүлүгүн чектейт.

Бул миссия гендердик негиздеги зыяндуу контентти — бейкалыс пикирлерди, бир жактуу көз караштарды, кастык тилин жана дезинформацияны — түшүнүүгө жана таанууга жардам берет. Ошондой эле гендердик стереотиптерден, кастык тилинен жана дезинформациядан алыс болгон контентти кантип түзүүнү үйрөнөбүз. Мындан тышкары, бул миссия гендердик дезинформацияга же кастык тилине негизделген чабуулдардан өзүбүздү кантип коргоону да көрсөтөт.

## Негизги **түшүнүктөр**

Оң тилкедеги түшүнүктөрдү сол тилкедеги алардын аныктамалары менен дал келтиргиле:

Туура жооптор менен миссиянын **аягында тааныша аласыңар!**

| Түшүнүк | | | Аныктама |
|---|---|---|---|
| ЖИги бир жактуулуктар | 1 | А | Айрым адамдар же топтор үчүн адилетсиз натыйжаларга алып келген системалуу каталар. Ал ЖИнин өнүгүшүнүн ар кандай этаптарынан, анын ичинде дизайн, маалыматтарды чогултуу жана жайылтуудан келип чыгышы мүмкүн. |
| Теңдик | 2 | Б | Жалган же адаштыруучу гендердик баяндоолорду жана зыяндуу стереотиптерди колдонгон аялдарга карата зомбулук. Гендер менен дезинформациянын кесилиши ЛГБТК+ адамдарга да таасир этет. |
| Факт текшерүү | 3 | В | Билдирүүнүн чындыгын тастыктоо (оозеки же жазма түрдөгү билдирүү же чындыкка дал келген сүрөт), изилдөө же редакциялык процесстин алкагында жүргүзүлөт. |
| Жалган байланыш | 4 | Г | Аталыштар, визуалдык материалдар же жазуулар контенттин өзүнө дал келбеген учурлар. Ошондой эле фактылар ортосундагы жалган байланыштар. |
| Жалган контекст | 5 | Д | Чыныгы контенттин жалган контексттик маалымат менен бөлүшүлүшү. |
| Гендердик дезинформация | 6 | Е | Жашына, жынысына, динине жана улутуна карабастан, ар бир адам бирдей укуктарга ээ деген идея. Бул Адам укуктарынын жалпы декларациясынын негизги принциби болуп саналат, анда " Адамзат үй-бүлөсүнүн бардык мүчөлөрүнө таандык болгон кадыр-баркты жана алардын тең жана ажырагыс укуктарын таануу — дүйнөдөгү эркиндиктин, адилеттүүлүктүн жана тынчтыктын негизи" деп айтылат. |
| Киберфлешинг | 7 | Ж | Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды же санарип медианы толугу менен же жарым-жартылай колдонуу аркылуу, бир же бир нече адам тарабынан жынысына байланыштуу негизде адамга каршы жасалган, колдоого алынган, күчөтүлгөн же жайылтылган зомбулук аракеттери. |
| Технология ишке ашырган гендердик зомбулук (TFGBV) | 8 | З | Бул сексуалдык куугунтуктоонун бир түрү, ал телефон же планшет сыяктуу түзмөккө Wi-Fi же Bluetooth аркылуу чакыруусуз ачык сүрөттөрдү алууну билдирет. Аны мектептерде окуучуларды коркутуу, жана кемсинтүү үчүн колдонулушу мүмкүн. |

[46] ЮНЕСКО, ЖИ боюнча эл аралык изилдөө борбору (IRCAI). 2024. Системалык бир жактуулукка каршы күрөшүү: Улуу тил моделдериндеги гендердик бир жактуулукту изилдөө. Париж, ЮНЕСКО.. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000388971/PDF/388971eng.pdf.multi
[47] Такур, Д. жана Ханкерсон, Д. Л. 2021. Фактылар жана алардын жалган негиздери: Онлайн дезинформация, раса жана гендер боюнча изилдөө программасы. [Веб-сайт]https://cdt.org/insights/facts-and-their-discontents-a-research-agenda-for-online-disinformation-race-and-gender/

## Ичине **баш багалы**

**1.** Силер же досуңар бир жактуу, стереотиптүү же кастык тилин камтылган дезинформациялык кампаниянын бутасына алынган болсоңор, аны аныктоо жана өзүңөрдү коргоо боюнча план барбы?

а. Жок, менин планым жок.
б. Менин идеяларым бар, бирок так кадамдар жок.
в. Ооба, менин этап-этабы менен стратегиям бар.

**2.** ЖИ колдонуу аркылуу түзгөн контенттин гендердик теңсиздикти же зыяндуу гендер стереотиптерин күчөтпөшүн камсыз кылуу силер үчүн канчалык маанилүү?

а. Маанилүү эмес.
б. Бир аз маанилүү, бирок кантип жасоону билбейм.
в. Абдан маанилүү. Мен ЖИни этикалык колдонууда гендер боюнча так кадамдарды аткарам..

**3.** Силердин уюмуңарда гендердик негиздеги дезинформацияны алдын алуу үчүн ишенимдүү жана текшерилген маалыматты таратуу саясаты барбы?

а. Жок.
б. Ооба, ишенимдүү маалыматты таратууну камсыз кылган саясатыбыз бар, бирок ал атайын гендердик дезинформацияны алдын алуу принциптерин камтыбайт.
в. Ооба, атайын гендердик дезинформацияны алдын алуу үчүн конкреттүү принциптер камтылган саясатыбыз бар.

**Эгер “а” ны тандасаңар өзүңөргө 1 упай, “б” ны деп тандасаңар 2 упай, “в” ны тандасаңар 3 упай бергиле. Эми упайларыңарды 10-беттен карагыла.**

## Келгиле **баштайлы**

### 1. Генеративдик жасалма интеллектеги (ГЖИ) гендердик бейкалыстык жана **гендердик зыяндуу контентти түшүнүү**

**Интернеттеги гендердик зыяндуу контенттин таасири: сандык маалымат аркылуу үйрөнүү**

Дүйнөлүк изилдөөлөр көрсөткөндөй, дүйнө жүзүндө жаш аялдардын жана кыздардын 58%ы социалдык тармактарда онлайн зомбулукка дуушар болгон, жана кыздардын көбү социалдык тармактарда биринчи жолу зомбулукка кабылган учурларын 14–16 жаш аралыгында билдиришет.[48] Бирок гендердик зыяндуу контент интернетте өзүнчө пайда болгон жок — ал коомдогу терең тамырлашкан бейкалыстыктарды чагылдырат жана мындай контент вирус болуп тарап, көпчүлүктүн көңүлүн бурганда, ал коомдогу мындай көз караштардын жана нормалардын күчөшүнө жана нормалдуу көрүнүшкө айланышына себеп болот.

Кээде мындай контент реалдуу жашоого да таасир этет, айрыкча коомчулукта иштеген кесиптеги аялдарга, зомбулукка, коркутууга, же физикалык зомбулукка чейин алып келиши мүмкүн. Кээде мындай контент реалдуу жашоого да таасир этет, айрым учурларда аялдарга, айрыкча коомчулукта иштеген кесиптеги аялдарга, зомбулукка, коркутууга, коргоочулукка же физикалык зомбулукка чейин алып келиши мүмкүн. Мисалы, ЮНЕСКОнун 125 өлкөдөн 900дөн ашык аял журналисттер арасында жүргүзгөн глобалдык сурамжылоосунда алардын 73% ы онлайн зомбулукка кабылганын, ал эми 20% онлайн зомбулук менен байланышкан реалдуу жашоодо ыдык көрсөтүүгө кабылганын билдиришкен.

ГЖИ менен гендердик зомбулукка байланыштуу көйгөйлөр күчөдү, анткени бул технологияларга орточо интернет колдонуучу оңой жетип, өтө ишенимдүү жасалма контент түзө алат. Аялдар жана кыздар көбүнчө дипфейк видеолордун объектиси болот, бул тууралуу мурунку миссияда окугансыңар. Кээ бир изилдөөлөр көрсөткөндөй, онлайндагы дипфейк видеолордун 98%ы порнографиялык жана алардын 99%ы аялдарга же кыздарга багытталган. Ошол эле учурда, ГЖИ мурунтан бар коомдук бейкалыстыктарды чагылдырып жана күчөткөнү менен айырмаланат, анткени моделдерди окуткан маалымат топтомдору көбүнчө гендердик тең эмес көрүнүштөрдү камтыйт, бул зыяндуу стереотиптерди масштабда жайылтууну жеңилдетет.


Андан тышкары, кыздар реалдуу эмес жүрүм-турум стандарттарын бекемдеген контенттин, психикалык саламаттык көйгөйлөрүнүн, тамактануу бузулууларынын жана технология аркылуу жасалган сексуалдык зомбулуктун (каалабаган сексуалдык комментарийлер, электрондук каттар, интимдик сүрөттөрдү макулдугусуз бөлүшүү, киберфлеш) негизги объектилери болуп калышат.

Ошол эле учурда, мектептерде кыз окуучуларды көрсөтүүчү дипфлейк порнографиялык видеолордун окуялары дүйнө жүзүндө тез өсүүдө. Кыздар ошондой эле эркек балдарга караганда социалдык медиага көбүрөөк убакыт коротот, бул алардын көңүл буруу убактысына жана окуу адаттарына таасир этет.[49]

Колумбияда мониторинг жүргүзүлгөн социалдык медиа контентинин жакында жүргүзүлгөн анализи социалдык медиада таратылган зыяндуу контент, негизинен, саясий ишмерлердин, активисттердин, журналисттердин жана сүрөтчүлөрдүн кесиптик, лидерлик же чыгармачылык жөндөмдөрүн кемситүүнү максат кылып, аларга багытталганын көрсөттү. Дагы бир кооптуу тенденция жабырлануучулардын зыяндуу контент аркылуу кайрадан жабырлануучу катары каралышы же жабырлануучуларды фемицид үчүн күнөөлөө болду, бул зыяндуу мамилелерди андан ары күчөтүп, гендердик зомбулукка каршы күрөшүү аракеттерин жокко чыгарат.[50]

Эми, бул ойдон чыгарылган кырдаалдардын мисалдарын карап чыгып, көрсөтмөлөрдү аткарып жооп бергиле.

[48] ЮНЕСКО. 2023. "Сенин пикириң баары бир мааниге ээ эмес": Генеративдик ЖИ доорунда технологиялык гендердик зомбулукту ачыкка чыгаруу. Париж, ЮНЕСКО. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000387483
[49] ЮНЕСКО. 2024 Глобалдык билим берүү мониторинги боюнча отчет: Гендердик отчет – Технология анын шарттарында. Париж, ЮНЕСКО. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000389406_eng
[50] Линтерна Верде. 2022. Bases de datos del monitoreo Social Media 4 Peace Colombia (Басылбаган).




Силер ГЖИни (Генеративдик Жасалма Интеллект) колдонуп социалдык тармакка пост түзүүнү ойлоп жатасыңар. Тандаган тема боюнча эң мыкты беш китептин тизмесин түзүүнү сурадыңар. Бул мисалда ГЖИ төрт эркек авторду жана бир аял авторду сунуштайт.

**Берилген аныктамаларга ылайык, бул төмөнкүлөрдүн мисалы:**
× ЖИ бейкалыстыгы
× Гендердик дезинформация
× Жалган байланыш

Тандооңорду талкуулагыла

Каалаган жасалма интеллект чат-ботуңарды ачып, социалдык тармакта талкуулагыңар келген тема боюнча (туруктуу архитектура, климаттык адилеттүүлүк, адам укуктары) белгилүү адамдардын беш цитатасын издегиле).

Натыйжаларга карап, алар аялдар же ЛГБТК+ адамдарды бейкалыстыксыз жана бир жактуу пикирлерсиз чагылдырабы?
**Ооба/Жок Эмне үчүн?**


## Ыкма!

× Натыйжаларда ар түрдүүлүк бар экенин текшериңиз.

× Эгер натыйжа инклюзивдүү болбосо, чат-боттон жоопторду диверсификациялоону сурангыла.

× Маалыматты табууда бир куралга таянбагыла: издөө системаларын колдонгула, темага байланыштуу адистештирилген адабияттарды карап чыгып, эксперттерге кайрылгыла.

× Постту түзгөндөн кийин аудиторияңарды кошумча контент боюнча пикир жана сунуш берүүгө чакыргыла.




Булак: Adobe Firefly аркылуу өз алдынча иштелип чыккан

Бул гендердик негиздеги дезинформациянын мисалын карап чыгып, төмөнкү суроолорду ой жүгүрткүлө:

× Бул посттун негизги билдирүүсү кандай?
× Бул контентти түзгөн адамдын кызыкчылыктары жана мотивациясы эмнеде болушу мүмкүн?

## Гендердик негиздеги **дезинформацияны аныктоого жардам берүүчү ыкмалар**

× Аял саясатчылардын мүмкүнчүлүктөрү тууралуу жалган маалымат таратуу аркылуу алардын кадыр-баркын түшүрөт.
× Зыяндуу стереотиптерди жана баяндоолорду улантуу менен аялдарды бутага алат.
× Көп учурда сексуалдаштырылган сүрөттөр жана баяндоолор колдонулат.
× Бир нече иденттүүлүктү камтыйт, көп учурда расалык жана гендердик баяндоолордун айкалышын колдонуп ишенимдүүлүктү жогорулатат.
× Ошондой эле ЛГБТК+ коомчулугуна таасир этет.

Интернетте гендердик негиздеги зыяндуу контенттин болгон учурлары эсиңердеби?
*Ситуацияны сүрөттөп бергиле.*

## Мындай ситуацияны элестетип көргүлө:

Силердин класстагы бир кыз окуучунун сүрөтү тартылган дипфейк видеосу окуучулардын арасында жеке чат топторунда тарай баштады. Окуучу кыз видеодон кабары жок, ал эми чат топторундагы айрым адамдар аны кемсинткен комментарийлер менен бөлүшүп жатышат.

Бул видеону көрүп калып, эмне кыларыңарды билбей жатасыңар.

Сүреттөлгөн ситуацияга га таянып, төмөнкү суроолордун үстүнөн ой жүгүрткүлө:

× Бул ситуацияда эмне кылат элеңер?

× Бул ситуацияда чара көрбөсөңөр, кандай кесепеттерге алып келиши мүмкүн?

## Технология ишке ашырган гендердик зомбулукка (TFGBV) каршы туруу ыкмалары

× **Санариптик коопсуздук боюнча аң-сезимди жогорулатуу:** TFGBV онлайн өз ара аракеттерде кандай көрүнүштө болорун түшүнүү үчүн бул теманы коомчулукка алып чыккыла.

× **Бийлик органдарына кабарлоо:** Онлайн куугунтуктоого же башка ар кандай зомбулук жүрүм-турумуна байланыштуу мыйзамдар менен таанышкыла. Бул кылмышкерлерди жоопко тартууга жана коопсуз онлайн чөйрөнү түзүүгө жардам берет.

× **Коомдук колдоону жайылтуу:** TFGBV жана башка онлайн зомбулукка байланыштуу тажрыйбаларды бөлүшүүгө мүмкүндүк берген онлайн жана оффлайн коомчулуктарды колдоп, башка адамдарды бул зомбулукка каршы турууга жана мыйзамдарды жаңылоону колдоого шыктандыргыла.

## Миссияны аяктоого **убакыт келди!**

× **Гендердик бейкалыстыктан жана гендердик негиздеги дезинформациядан арылган контент түзүү үчүн эмне кыла аласыңар деп ойлойсуңар?**

× **Өзүңөрдү жана уюмуңарды гендердик негиздеги зыяндуу контенттен коргоо жана мындай контентке каршы күрөшүү үчүн эмне кыла аласыңар?**

*Жоопторуңарды жазгыла. Уюмуңардын ММС стратегияларын интеграциялоодо күчтүү маалымат булагы болуп кызмат кылат.*

Интернеттеги контентте гендердик бейкалыстыктарды кайра жаратуунун тобокелдиктерин кантип алдын алууга боло турганы тууралуу идея алуу үчүн **“ММС идеяларынын кубаттандыруучусу”** бөлүмүн карагыла!

## Саякатыңар үчүн **шыктандыруучу мисалдар**

**Кениядагы Сөз эркиндиги жана контентти модерациялоо боюнча коалиция (FECoMo)** — бул санариптик маалымат экосистемасындагы көйгөйлөргө жалпы чечимдерди табууга багытталган көп тараптуу механизм. Ал өз мүчөлөрүнүн тажрыйбаларын жана байланыштарын пайдаланып, интернетте, өзгөчө Кениядагы аялдар жана кыздарга таасир эткен зыяндуу контентти таратуу маселесин чечүү боюнча азыркы мамилелердеги боштуктарды жоюуга багытталган биргелешкен аракетти баштады.

2023-жылы FECoMo мүчөлөрү гендердик негиздеги кастык тилине жана дезинформацияга каршы турууну көздөп, Кениянын санариптик чөйрөсүн бардыгы үчүн коопсуз кылууга багытталган он пункттук резолюцияга кол коюшкан. Бул резолюция үч күндүк семинарда талкуулар менен иштелип чыгып, көйгөйдү чечүүгө инновациялык стратегияларды аныктоого арналган. 2024-жылдан тартып FECoMo бул маселеге позициялык документти даярдоо аркылуу саясий адистерге жана санарип платформаларга жардам берип жатат. Бул иш гендердик зомбулукка жатуучу контентти же аялдар менен башка топторду жынысына жараша дискриминациялаган материалдарды платформалардын түзүлүшү жана иштеши аркылуу кантип таралышын түшүнүүгө көмөк көрсөтүп, муну алдын алуу үчүн тиешелүү чараларды ишке ашырууга шарт түзөт.

**Кошумча маалымат алуу үчүн: *https://fecomo.org*** [51]

[51] FECoMo. 2024. Расмий веб-сайт. [Веб-сайт] https://fecomo.org/

# **Тереңирээк билгиңер** келеби?

Эгер сөз эркиндиги жана дүйнө жүзүндө көз карандысыз журналистика туш болуп жаткан коркунучтар тууралуу көбүрөөк билгиңер келсе, төмөнкү материалды карап чыккыла: Журналистика — коомдук байлык: Сөз эркиндиги жана медиа өнүгүүсүндөгү дүйнөлүк тенденциялар, 2021/2022-жылдардагы глобалдык доклад. ЮНЕСКО

| | |
|---|---|
| | ЖИдеги сүрөт генераторлор бейкалыстыкты кантип күчөтөрүн билүү үчүн Лондон дисциплиналар аралык мектеби тарабынан даярдалган бул видеону көргүлө: ***"ЖИдеги сүрөт генераторлор бейкалыстыкты кантип күчөтөт".***[52] |
| | Гендердик негиздеги дезинформациянын таасирлерин так мисал менен түшүнүү үчүн ЮНЕСКО даярдаган, онлайн зомбулук аял журналисттерге кандай таасир этерин көрсөткөн ***бул отчетту*** [53] окугула. |
| | Технология ишке ашырган гендердик зомбулук деген эмне экенин, анын эң кеңири тараган формалары кайсылар экенин жана бул көйгөйдү чечүү үчүн дүйнө жүзүндө эмне иштер аткарылып жатканын билүү үчүн бул ***кыскача маалыматты жана интерактивдүү картаны***[54] карап чыккыла. |
| | Билим берүү технологиялык өнүгүүнүн гендердик теңчиликке шайкеш болушунда кандай роль ойной аларын билгиңер келсе, бул гендердик отчетту окугула: ***"Технология — анын шарттары менен"***[55] |

## Жообуңарды текшергиле!

Төмөндө "Негизги түшүнүктөр" бөлүмүндөгү тапшырманын туура жооптору берилди:

1 – а   2 – е   3 – в   4 – г
5 – д   6 – б   7 – з   8 – ж

[52] LIS - Лондон дисциплиналар аралык мектеби. 2023. ЖИдеги сүрөт генераторлор бейкалыстыкты кантип күчөтөт. [Видео] https://www.youtube.com/watch?v=L2sQRrf1Cd8
[53] ЮНЕСКО. 2020. Аял журналисттерге карата онлайн зомбулук: жайылышы жана таасирлери боюнча глобалдык көрүнүш. Париж, ЮНЕСКО. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000375136
[54] Бириккен Улуттар Уюмунун Калк Фонду (UNFPA). (датасы көрсөтүлгөн эмес) Технология ишке ашырган гендердик зомбулук: өсүп жаткан коркунуч. https://www.unfpa.org/TFGBV
[55] ЮНЕСКО. 2024. 2024-жылдагы Гендердик доклад. Технология — анын шарттары менен. Париж, ЮНЕСКО. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000389406



# 6 - МИССИЯ

## Генеративдик ЖИ мейкиндигиндеги аныктыктын Түндүк жылдызы

### Миссиянын максаты

Миссиянын аягында, ЖИ тарабынан түзүлгөн куралдарды кантип этикалык колдонуу жана алар менен туура иш алып баруу керектигин, ошондой эле интернетте жайылып жаткан ЖИ тарабынан даярдалган контентти аныктоо көндүмдөрүнө ээ болуу эмне үчүн маанилүү экенин түшүнөбүз.

### ММС баалуулуктары жана принциптери

- Маданий ар түрдүүлүктү урматтоо
- Сөз эркиндиги жана маалыматка жетүү
- Адам укуктары жана кадыр-баркы
- Тилектештик жана тынчтык

# Маалымат

Жасалма интеллекти (ЖИ) сүрөт, текст, видео же аудио жаратуу үчүн колдонуп көрдүңөр беле?

Бүгүнкү күндө интернетте бөлүшө турган контентти түзүү үчүн генеративдик жасалма интеллектти (ГЖИ) колдонуу абдан кеңири жайылды, ошондой эле интернетте мындай контентке көп кезигип жатабыз. ЖИ тарабынан түзүлгөн контент, адамдар жараткан бардык технологиялар сыяктуу эле, **биздин күнүмдүк жашообуздун,** саясий чөйрөнүн, диний ишенимдердин, көз караштардын, көркөм билдирүүлөрдүн жана башка көптөгөн нерселердин **аспектилерин чагылдырат.** Бирок ГЖИ көңүл ачуу же ыңгайлуулук үчүн гана контент жаратуу менен чектелбейт — анын таасири алда канча кеңири жана татаал. Ал чыгармачылыкка жана инновацияга оң салым кошкону менен, мурунку миссияда көргөндөй, зыяндуу баяндоолорду, дезинформацияны жана бейкалыстыкка негизделген стереотиптерди чоң масштабда жайылтышы да мүмкүн.

ГЖИ азырынча өнүгүүнүн баштапкы баскычында тургандыктан, бул технологияларга ашыкча таянуу биздин сынчыл ой жүгүртүү жөндөмүбүзгө кандай таасир тийгизерин азырынча толук билбейбиз.

Жасалма интеллект барган сайын кеңири колдонулуп жаткан шартта, **бул технологияларды этикалык негизде колдонуу жана алар менен туура иш алып баруу жолдорун иштеп чыгуу, ошондой эле адам укуктарын коргоону камсыз кылуу зарыл.** Бул миссияда **ЖИ тарабынан түзүлгөн контентке сергек мамиле кылууну, өзүбүз жараткан же жолуктурган контентке көңүл бурууну,** дезинформациянын жана башка зыяндуу контенттин жайылышын алдын алууну үйрөнөбүз.

## Негизги **түшүнүктөр**

Ар бир аныктаманы толуктоо үчүн берилген сөздөрдү пайдаланып боштуктарды толтургула:

| | |
|---|---|
| **Маалымат топтомдору** | **сүрөттөр(дү)** |
| **жаш курагы** | **визуалдык образдар(ды)** |
| **тексттер(ди)** | **жынысы** |
| **адам** | **тил(ди)** |

×

× **Жасалма интеллект (ЖИ).** Адам акылына мүнөздүү айрым сапаттарга ээ, мисалы, __________ багыттоо, __________ таануу, маселелерди чечүү жана үйрөнүү жөндөмүнө ээ болгон жабдууларды жана программалык камсыздоолорду изилдөө, колдонуу жана өндүрүү.

× **Аудиториялар.** Белгилүү демографиялык өзгөчөлүктөрү, мисалы __________ жана __________ менен мүнөздөлгөн окурмандардын, көрүүчүлөрдүн, угуучулардын же колдонуучулардын тобу. Алар контенттин жөн гана пассивдүү керектөөчүлөрү эмес, активдүү жаратуучулары да болуп саналат. Аудиториялар медиа тармагында гана эмес, жарандык катышууда да маанилүү роль ойношот.

× **Ири тилдик моделдер (ИТМ).** __________ жасагандай текстти жаратауу жана түшүнүү үчүн иштелип чыккан өнүккөн ЖИ тутумдары. Алар ар түрдүү жазма контентти камтыган ири __________________ нун негизинде окутулат. ИТМдер суроолорго жооп бере алат, текстти кыскача мазмундайт, тилдерди которот жана чыгармачыл контент да жарата алат.

× **Генеративдик жасалма интеллект (ГЖИ).** Ири тилдик моделдерди колдонуу аркылуу жаңы нерселерди — __________, __________ графикаларды, жана интерактивдүү медианы жаратуу.[56]

## Ичине **баш багалы**

**1.** ИТМ негизиндеги чатботту колдонуп, социалдык тармактар үчүн бир катар постторду түзмөкчү болуп жатасыңар. Силер ...

а. Натыйжаларды түз эле көчүрүп алып, социалдык тармактарга жайгаштырасыңар.
б. Натыйжаларды окуп чыгып, башка булактарды колдонуп, өзгөртүүлөрдү киргизип, анан социалдык тармактарга жарыялайсыңар.
в. Натыйжаларды окуп чыгып, ишенимдүүлүгүн текшерүү үчүн башка булактар менен салыштырып, эң ылайыктуу жана ишенимдүү маалыматтын негизинде өз текстиңерди түзөсүңөр. Постту жаратууда ЖИ колдонулганын ачык белгилеп жазасыңар.

**2.** ЖИни колдонуп жаратып жаткан ар бир контентиңер силердин принциптериңерге, аудиторияңар менен бөлүшкөн баалуулуктарга жана жалпы адам укуктарына шайкеш болушу канчалык маанилүү?

а. Маанилүүлүгүнө толук ишене албайм.
б. Маанилүү, бирок ЖИни кантип этикалык колдонуу керектигин билбейм.
в. Абдан маанилүү. ЖИни этикалык колдонуу үчүн так кадамдарды карманам.

**3.** Уюмуңарда ЖИ куралдарын этикалык колдонууга багытталган саясат барбы?

а. Жок.
б. Ишибизде ЖИ негизиндеги куралдар колдонулат жана биз аларды купуялуулук, ишенимдүүлүк сыяктуу башка саясаттарга же принциптерге таянып, этикалык колдонууга аракет кылабыз.
в. Ооба, ЖИни этикалык колдонууга арналган так билдирүүлөрү бар саясатыбыз бар.

**Эгер “а” ны тандасаңар өзүңөргө 1 упай, “б” ны деп тандасаңар 2 упай, “в” ны тандасаңар 3 упай бергиле. Эми упайларыңарды 10-беттен карагыла.**

Туура жооптор менен миссиянын **аягында тааныша аласыңар!**

[56] Макбрайд, К. Махадеван, А. жана Элкинс, Т. 2024. Генеративдик жасалма интеллекттеги негизги редакциялык саясаттын шаблону. Poynter. https://docs.google.com/document/d/15m3Bb1886HsVU2nPDQHG71r_aBqNdp6FBiG0AsZFuL0/edit

# Келгиле баштайлы

**ЖИ жардамы менен түзүлгөн куралдарды жана контентти кантип этикалык колдонуп, туура багытта пайдалансак болот?**

Генеративдик жасалма интеллект адамдын жашоосун жакшырта ала турган көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт. ГЖИ билдирүү, жаратуу жана инновация үчүн жаңы куралдарды берип, маданий жана чыгармачыл тармактарды байыта алат. Ошол эле учурда, аны этикалык колдонуу үчүн көңүл бурууну талап кылган кыйынчылыктар жана тобокелчиликтер да бар. **ГЖИге негизделген куралдар** зыяндуу стереотиптерди кайталап, дезинформация таратуу үчүн колдонулган контентти жаратышы же алгоритмдердин иштөө логикасы ачык-айкын болбогондуктан, **коомдогу мурунтан бар теңсиздиктерди күчөтүшү мүмкүн.**[57]

ГЖИни этикалык колдонуу үчүн биринчи кадам — интернетте ЖИ тарабынан жаралган контент канчалык кеңири жайылганын түшүнүү. Изилдөөлөргө ылайык, 2026-жылга чейин онлайн контенттин 90%ына чейинкиси синтетикалык болушу мүмкүн[58]. Бул интернеттеги "чыныгы эмес" жана "жекече эмес" байланыштар түшүнүгүн жаңы деңгээлге чыгарат, онлайн өз ара аракеттер адам катышуусуз эле жүрүшү ыктымал. ГЖИнин эң белгилүү көйгөйлөрүнүн бири — дипфейктер, алардын саны тездик менен өсүүдө. Онлайн бөлүшүлгөн дипфейктер ар 6 ай сайын эки эсе көбөйүп[59], алар зыяндуу максаттарда, анын ичинде идентүүлүккө байланышкан алдамчылык үчүн колдонулган учурлар көбөйүүдө. Маселен, Филиппинде мындай алдамчылык аракеттеринин саны бир жыл ичинде 4 500%га өскөн[60]. Эгер ЖИ тарабынан жаралган деп шектелген контентке туш болсоңор, 4-миссияда үйрөнгөн латералдык окуу көндүмдөрүн колдонуп, факт-текшерүү жүргүзгүлө жана төмөнкү текшерүү тизмесин пайдалангыла.

## ЖИ тарабынан жасалган контентти аныктоо ыкмалары

× **Дал келбестиктерди текшергиле:** Текстте, сүрөттө же видеодо адаттан тыш деталдарды же дал келбестиктерди изилдегиле. ГЖИ жаралган контент чындыкка туура келбеген элементтерди камтышы мүмкүн.

× **Жазуу стилин талдагыла:** Тилдин колдонулушуна көңүл бургула. ГЖИ контенти адамдык өңүттөн алыстап, өтө расмий, кайталанма же эмоциясыз көрүнүшү мүмкүн.

× **Сүрөттүн сапатын карагыла:** Сүрөттөрдө чет жактарындагы бүдөмүк сызыктарды же жасалма издерди байкагыла. Жарыктын же көлөкөнүн табигый эмес болушу да ГЖИ белгиси болушу мүмкүн.

× **Метамаалыматты текшергиле:** Мүмкүн болсо, санарип контенттин метамаалыматын карап чыгып, анын келип чыгышы жана жасалма жол менен түзүлгөн-түзүлбөгөнү тууралуу белгилерди изилдегиле.

× **Маалыматтан артта калбагыла:** ГЖИ технологияларындагы жаңылыктарды жана ЖИ контентинин кеңири тараган белгилерин байма-бай үйрөнүп тургула — бул аны эффективдүүрөк таанууга жардам берет.

Бул эки сүрөттүн ортосундагы айырмачылыктарды тапкыла. Жакшылап карап, байкаган бардык өзгөрүүлөрдү жазгыла.



**Булак:** Adobe Firefly аркылуу өз алдынча иштелип чыккан

[57] ЮНЕСКО. 2021. Жасалма интеллект этикасы боюнча сунуштама. Париж, ЮНЕСКО https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000381137
[58] Европа Биримдигинин Укук коргоо органдары менен кызматташуу агенттиги. 2022. Чындык менен бетме-бет:Укук коргоо органдары жана дипфейктердин көйгөйү. Европолдун инновациялык лабораториясынын байкоо баяндамасы.
https://www.europol.europa.eu/cms/sites/default/files/documents/Europol_Innovation_Lab_Facing_Reality_Law_Enforcement_And_The_Challenge_Of_Deepfakes.pdf
[59] Джейкобсон, Н. 2024, 26-февраль. Дипфейктер жана алардын коомго тийгизген таасири. CPI OpenFox. https://www.openfox.com/deepfakes-and-their-impact-on-society/
[60] Зандт, Ф. 2024, 13-март. Дипфейктер жана башка ЖИ ге негизделген алдамчылыктар канчалык кооптуу? Statista Daily Data.
https://www.statista.com/chart/31901/countries-per-region-with-biggest-increases-in-deepfake-specific-fraud-cases/

**Ал эми ГЖИни контент жаратуу үчүн колдонуу жөнүндө эмне айтууга болот?**

Генеративдик жасалма интеллектке ашыкча таянуу чыгармачылыкка, үйрөнүүгө жана сынчыл ой жүгүртүүгө байланыштуу олуттуу суроолорду жаратат. Мисалы, 10–24 жаштагы жаштардын 80%ы ЖИни күнүнө бир нече жолу билим алуу, көңүл ачуу жана башка максаттарда колдонушат.[61] Колумбияда жүргүзүлгөн изилдөөгө ылайык, балдардын, кыздардын жана өспүрүмдөрдүн 93,3%ы ГЖИ менен иштешет, ал эми 30,4%ы аны үй тапшырмасын аткарууда жардамчы катары колдонушат.[62] Бул куралдар менен өз ара аракеттенүүнү көзөмөлдөө, ошондой эле башка жаштарга да бул багытта жардам берүү маанилүү. Ошол эле учурда, ГЖИ колдонуу аркылуу көчүрүлүшү мүмкүн болгон зыяндуу контенттен сак болуу да абдан маанилүү.

## **ГЖИни туура колдонуу** ыкмалары

× **ГЖИни толук алмаштыруучу эмес, кошумча курал катары колдонгул.** Генеративдик ЖИге бүтүндөй тапшырмаларды жүктөбөгүлө. Аны теманы жакшыраак түшүнүү же ар түрдүү көз караштарды кароо үчүн колдонуп, активдүү үйрөнүүнү уланткыла.

× **Адамдык көзөмөлдү сактагыла:** ГЖИ колдонгондон кийин алынган натыйжаларды текшерип, тактыгына, бейкалыстыктарына жана этикалык жактан тууралыгына көңүл бургула.

× **ГЖИ берген маалыматка факт-текшерүү жүргүзгүлө:** Контенттин ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу жана туура эмес же бейкалыс маалыматтын жайылышын алдын алуу үчүн латералдык окуу көндүмдөрүн колдонгула.

× **Ар түрдүү булактарды пайдалангыла:** ГЖИ теманы тереңирээк түшүнүүгө жардам берет, бирок аны ишиңерде, окууңарда же жеке кызыкчылыктарыңарда жалгыз булак катары колдонбогула.

× **ГЖИни колдонууда так чектерди аныктагыла:** ГЖИ мээ чабуулун жүргүзүү же текстти оңдоо үчүн пайдалуу, бирок чечим кабыл алуу процессинде колдонулбашы керек.

Тамак бышыруу үчүн биз от же жылуулукту колдонобуз, сүрөт тартуу үчүн красканы колдонобуз, ал эми контентти түзүү үчүн ЖИни колдонуп баштадык. Токойлордун кыйылышынын коркунучу жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуучу сүрөттөрдү түзүү үчүн ЖИ менен иштеген сүрөт генераторун колдонгуңар келип жатат дейли.

*Сүрөттөрдүн билим берүү максатында гана колдонулушун жана дезинформацияга же ишенбестикке алып келбешин камсыз кылуу үчүн эмне кылмаксыңар?*

## Этикалык ЖИ контентин **жаратуу үчүн ыкмалар**

× Контент жаратууда ЖИ колдонулганын ачык айткыла.

× ЖИ тарабынан жаралган сүрөттөрдү так көрүнгөн белги менен белгилегиле.

× ЖИ куралдары колдонулган учурларды бөлүшкүлө.

× ЖИ контентке кандай таасир эткенин түшүндүрүп бергиле.

× ЖИ аркылуу жаралган контент боюнча аудиторияңардан кайтарым байланыш алгыла.

ГЖИ көп учурда суроого жооп берип жатып, чындыкка дал келбеген шилтемелерди, фактыларды же биографиялык маалыматтарды "ойлоп табышы" мүмкүн.

Мисалы, силер белгилүү бир жазуучу тууралуу подкаст чыгаргыңар келет дейли. Изилдөө куралы катары ИТМден ошол автордун биографиясын сурадыңар.

*Подкаст үчүн чыныгы контентти кантип тандайсыңар?*

## Этикалык ЖИ контентин **жаратуу үчүн ыкмалар**

× Ар бир фактыны ишенимдүү экинчи булактар аркылуу текшергиле.[63]

× Контент жаратуу процессинде колдонулган ЖИ куралдары жана кадамдар боюнча жазуу жүзүндө эсеп жүргүзгүлө — бул жоопкерчиликти камсыз кылууга жардам берет.

× Эгер команда болуп иштесеңер, ЖИ контент жаратууда кантип колдонуларын так көрсөткөн ички саясатты иштеп чыгып, аны бардыгына жеткиргиле.

## Миссияны аяктоого **убакыт келди!**

Жаштарга ЖИ тарабынан жаралган контентти жана ГЖИ куралдарын этикалык колдонуу жөндөмдөрүн арттырууда эмне кыла алам деп ойлойсуңар?

*Жоопторуңарды жазгыла. Алар уюмуңардын ММС стратегияларын интеграциялоодо күчтүү маалымат булагы болуп кызмат кылат.*

Этикалык ЖИ куралдарын уюмуңарга интеграциялоо боюнча нускамаларды түзүүдө идеяларды алуу үчүн **“ММС идеяларынын кубаттандыруучусу”** бөлүмүн карагыла!

[61] ЮНЕСКО. 2024. ЖИ жана Холокост: тарыхты кайра жазуу? Холокостту түшүнүүгө жасалма интеллекттин таасири. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000390211

[62] Durán Becerra, T., Ortiz Rubio, J., Villada, J. D., Castañeda, J. G., Méndez, A. F., Hernández Vásquez, L. J., Acero Pulgarín, S., & González Gil, N. (2024). Jóvenes en línea: Ciudadanía Digital en niños, niñas y jóvenes de la generación Z en Colombia. https://civixcolombia.org/jovenesenlinea/

[63] Кошумча маалымат үчүн 4-миссиядагы латералдык окуу көндүмдөрүнүн негизинде факт-текшерүү ыкмаларын карагыла, мисалы:”Булакты текшер”.

## Саякатыңар үчүн **шыктандыруучу мисалдар**

Пойнтер институту — дүйнөлүк деңгээлдеги коммерциялык эмес уюм, ал этикалык практикага өзгөчө көңүл буруп, демократияны күчөтүү максатында окутуу, басылмаларды чыгаруу, жыйындар уюштуруу, факт-текшерүү жана медиа сабаттуулукту өнүктүрөт. Пойнтер ЖИ менен иштеген журналисттерге, лидерлерге жана кабар бөлүмдөрүнө этикалык нускамаларды иштеп чыгууга жардам бере турган бир нече ресурстарды сунуштайт.

Кошумча маалымат алуу үчүн карагыла: Жасалма интеллект, этика жана журналистика – Пойнтер институту.[64]

Генеративдик жасалма интеллект боюнча негизги редакциялык саясат үлгүсүн карагыла: Редакциялык командаңарга жасалма интеллекттин этикасы боюнча саясат керек. Бул жерден баштагыла. Пойнтер институту.[65]

Пойнтер институтунун алкагында MediaWise бар — бул саясий эмес, коммерциялык эмес демилге, ал онлайн окуу контенти жана факт-текшерүү тренингдери аркылуу 21 миллион адамга жетти. Алар ар түрдүү аудитория үчүн ресурстар жана демилгелерди сунуштайт. Мисалы, Teen Fact-Checking Network —өспүрүмдөр вирустук дезинформацияны соцтармактарда текшерип, медиа сабаттуулук боюнча кеңештер менен бөлүшөт.

MediaWise демилгеси тууралуу маалымат алуу үчүн MediaWise – Poynter[66] сайтына киргиле. Teen Fact-Checking Network – Poynter[67] сайтына кирип, Teen Fact-Checking Network тууралуу маалымат алгыла.

## Тереңирээк билгиңер **келеби?**


| | |
|---|---|
| | Генеративдик ЖИге карата ММС кандай чараларды көрүп жатканын жакшыраак түшүнгүңөр келсе, ЮНЕСКО тарабынан иштелип чыккан саясий баяндаманы карагыла: ***Генеративдик ЖИ көйгөйлөрүнө медиа жана маалыматтык сабаттуулук программаларынын жоопторун изилдөө: ЮНЕСКОнун саясий кыскача баяндамасы.*** [68] |
| | The Verge компаниясынын видеосун карагыла: ***Генеративдик ЖИ маалымат алуу жолубузду кантип өзгөртө алат.***[69] |
| | Эгер коммерциялык эмес уюм үчүн этикалык ЖИ колдонуу саясатын түзгүңөр келсе, бул колдонмону карагыла: ***Коммерциялык эмес уюмдар үчүн этикалык ЖИ колдонуу саясатын кантип иштеп чыгуу керек - Эл аралык журналисттер борбору (ICFJ)***[70] |
| | Генеративдик ЖИ саясатын колдонууга даяр үлгү керек болсо, бул ресурсты карагыла: ***AIHR академиясы тарабынан иштелип чыккан - Генеративдик ЖИ боюнча саясаттык үлгү.***[71] |
| | Мектеп үчүн ЖИ саясатын түзүүнү кааласаңар, бул материалды карагыла: ***Мектеп үчүн ЖИ саясатын иштеп чыгуу боюнча нускамалык колдонмо*** - AI for Education.[72] |

### Жообуңарды текшергиле!

Төмөндө „Негизги түшүнүктөр" бөлүмүндөгү тапшырманын туура жооптору берилди:

x ЖИ – тилди, сүрөттөрү
x Аудиториялар – жаш курагы, жынысы
x НТМ – адам, маалымат топтомдору
x ГЖИ – тексттерди, визуалдык образдарды

[64] Пойнтер. 2024. Жасалма интеллект, этика жана журналистика. [Веб-сайт] https://www.poynter.org/ai-ethics-journalism/
[65] Пойнтер. 2024. Редакциялык командаңарга ЖИ этикасы боюнча саясат керек. Бул жерден баштагыла.. [Веб-сайт] https://www.poynter.org/ethics-trust/2024/how-to-create-newsroom-artificial-intelligence-ethics-policy/
[66] Пойнтер. 2024. MediaWise. Баары үчүн санариптик медиа сабаттуулугу. [Веб-сайт] https://www.poynter.org/mediawise/
[67] Пойнтер. 2024. MediaWiseTeen Факт текшерүү тармагы [Веб-сайт] https://www.poynter.org/mediawise/programs/tfcn/
[68] ЮНЕСКО. 2024. Генеративдик ЖИ көйгөйлөрүнө медиа жана маалыматтык сабаттуулук программаларынын жоопторун изилдөө: ЮНЕСКОнун саясий кыскача баяндамасы. [Веб-сайт]. https://www.unesco.org/en/articles/examining-media-and-information-literacy-responses-generative-ai-unesco-policy-brie
[69] The Verge. 2024. Генеративдик ЖИ маалымат алуу жолубузду кантип өзгөртө алат [Instagram посту]. https://www.instagram.com/reel/C-8IgiRJDRH/?igsh=Y2pza3J4YjVjODhl
[70] ICFJ. 2024 Коммерциялык эмес уюмдар үчүн этикалык ЖИ колдонуу саясатын кантип иштеп чыгуу керек. [Веб-сайт]. https://www.icfj.org/news/how-develop-ethical-ai-use-policy-nonprofit
[71] AIHR. 2024. Генеративдик жасалма интеллект (ChatGPT) саясатын кантип иштеп чыгуу керек + Акысыз шаблон [веб-сайт]. https://www.aihr.com/blog/generative-ai-policy/
[72] AI For Education. 2024. Мектеп үчүн ЖИ саясатын иштеп чыгуу боюнча нускамалык колдонмо [Веб-сайт]. https://www.aiforeducation.io/ai-resources/ai-policy-guide-school



# 7- МИССИЯ

## Этикалык контент жаратуунун **жаркын жылдызы**

### Миссиянын максаты

Миссиянын аягында, этикалык контент жаратуунун негизги принциптерин түшүнүп, уюмубузду санарип доорундагы активдүү субъект катары тааныйбыз. Ошондой эле миссиябызга, көз карашыбызга жана баалуулуктарыбызга шайкеш келген онлайн контентти кантип жаратып жана бөлүшүүнү, аны аудиториябыз менен дал ошол баалуулуктарга ылайык кантип байланыштырууну үйрөнөбүз.

### ММС баалуулуктары жана принциптери

- Маданий ар түрдүүлүктү урматтоо
- Сөз эркиндиги жана маалыматка жетүү
- Адам укутары жана кадыр баркы
- Тилектештик жана тынчтык

## Маалымат

Социалдык тармактарда адатта кандай контентти жаратып же бөлүшөрүңөр жөнүндө бир аз ойлонуп көргүлө: силер өз алдынча оригиналдуу контент жаратаарсыңарбы же көбүнчө башкалар жараткан материалдарды эле бөлүшөсүңөрбү? Онлайн эмне жарыяларыңарга эмне таасир этет, чечимиңерди аныктаган негизги фактор кайсы? Ар бир посттун, мемдин, рилстин же комментарийдин чоң күчү бар! Алар таасир этиши, шыктандырышы, маалымат бериши мүмкүн же, тескерисинче, адаштырып, бөлүп-жарышы ыктымал.

Биз өзүбүздү көбүнчө контентти керектөөчү катары кабыл алабыз, бирок чындыгында биз керектөөчү да, жаратуучу да — башкача айтканда, просюмербиз. Санарип доорунда жаран болуу — онлайн жарыялоо учурундагы тандоолорубузду жана чечимдерибизди аң-сезимдүү кабыл алуу дегенди билдирет: биз диалогду өнүктүрүп, коомчулуктарды түзүп, адам укуктарын жактоо аркылуу тынчтыкка салым кошуп жатабызбы? Же болбосо бөлүнүүгө, зомбулукка жана радикалдашууга өбөлгө түзүп жатабызбы?

Бул миссияда биз онлайн мейкиндиктеги просюмер болуунун ролун изилдейбиз. Жараткан жана бөлүшкөн контентибизде баалуулуктарыбыз кандай чагылдырыларын жана анын аудиториябызга тийгизе турган мүмкүн болгон таасирлерин чогуу ой жүгүртүп көрөбүз.

## Негизги түшүнүктөр

× **Колдонуучулар жараткан контент (UGC):** Ошондой эле керектөөчүлөр жараткан медиа (CGM) же колдонуучу түзгөн контент деп да аталат. UGC — бул санарип медиа колдонуучулары тарабынан жаралып, коомчулукка ачык жеткиликтүү болгон ар түрдүү медиа контенти. Мындай шартта контентти керектеген адамдар ошол эле учурда контентти белгилүү бир этикалык стандарттарды сактабастан өздөрү да жаратышат.

× **Контентти модерациялоо:** Бул санариптик платформалар зыяндуу контентке байланышкан тобокелдиктерди, анын ичинде туура эмес маалымат, дезинформация, жалган маалымат, кастык тили, кутум теориялары жана башка ушу сыяктуу көрүнүштөрдү башкаруу жана азайтуу үчүн колдонгон процесстерди билдирет.

× **Просюмер:** Санарип маалымат экосистемасында контентти бир эле учурда керектеп да, жаратып да жаткан адамды билдирет.

Туура жооптор менен миссиянын **аягында тааныша аласыңар!**

## Ичине баш багалы

**1.** Акыркы жолу жолуккан вирустук маалыматты эстегиле. Силер ...

а. Контенттин кеңири контекстин билбесеңер да, дароо бөлүшкөнсүңөр.
б. Текшердиңер, бирок андан ары эч нерсе кылган жоксуңар.
в. Бул маалыматты бөлүшүүнүн аудиторияңарга тийгизе турган таасири жөнүндө ой жүгүрттүңөр.

**2.** Контентти жаратууда жана бөлүшүүдө өз жоопкерчилигиңерди түшүнүү маанилүү, анткени…

а. Бул башкалардын көз карашына, ой-пикирине таасир этеби же жокпу деп ойлобостон, өз оюңарды эркин бөлүшүүгө мүмкүндүк берет.
б. Бул контентиңер эч кимди таарынтпашын камсыз кылууга жардам берет, бирок бөлүшүп жаткан маалыматты факт-текшерүү зарл эмес.
в. Бул контентиңердин аудиторияңарга тийгизе турган күчүн жана мүмкүн болгон таасирин аңдап билүүгө жардам берет.

**3.** Уюмуңарда социалдык тармактарда этикалык контент жаратууну камсыз кылган нускамалар барбы?

а. Жок.
б. Атайын нускамалар жок, бирок биз жараткан жана бөлүшкөн контентте этиканы сактоого аракет кылабыз.
в. Ооба, контентибиздин этикалык, инклюзивдүү болушун жана аудиторияга тийгизе турган таасирин эске алган так нускамаларыбыз бар.

**Эгер "а" ны тандасаңар өзүңөргө 1 упай, "б" ны деп тандасаңар 2 упай, "в" ны тандасаңар 3 упай бергиле. Эми упайларыңарды 10-беттен карагыла.**

# Келгиле **баштайлы**

**Онлайн просюмер катары өз жоопкерчилигибизди кантип биле алабыз?**

## 1. Санариптик **образыңар**

Социалдык тармактагы аккаунттарыңарды карап, акыркы бир нече жумада жараткан же бөлүшкөн контентти эске алгыла. Бул посттор, комментарийлер, стористер, сүрөттөр, рилстер ж.б. болушу мүмкүн.

### **Социалдык тармактардагы образыңар** жөнүндө ойлонуп көргүлө:

#### Контент **керектөөчү** катары:

- ✖ Алгоритмиңер көбүнчө кандай контентти көрсөтөт? Көңүл ачуучу, саясий, жаңылык, билим берүүчүбү?
- ✖ Керектеген контент менен адатта кантип өз ара аракеттенесиңер? (мисалы, лайк басуу, комментарий калтыруу, бөлүшүү).
- ✖ Контентти бөлүшүүгө эмне түрткү берет? Анын ишенимдүүлүгүбү же эмоциялык жактан таасир эткендигиби?
- ✖ Лентаңар ар түрдүү көз караштарды көрсөтөбү же негизинен өз ишенимдериңерге гана дал келген контенттиби?

#### Контент **жаратуучу** катары:

- ✖ Социалдык тармактарда контентти канчалык көп бөлүшөсүңөр (жаратып же кайра бөлүшүп)?
- ✖ Көбүнчө кандай мүнөздөгү контентти жаратып же бөлүшөсүңөр? (мисалы, саясий, көңүл ачуучу, билим берүүчү, жеке тажрыйба, социалдык маселелер ж.б.)
- ✖ Мындай контентти жаратууга же бөлүшүүгө эмне түрткү берет? (мисалы, көңүл ачтыруу, маалымдуулукту жогорулатуу, ой козгоо ж.б.)
- ✖ Контентиңер ар түрдүү көз караштар ортосунда диалогду колдойбу же бөлүнүүгө алып келиши мүмкүнбү?
- ✖ Жараткан же бөлүшкөн контентиңердин аудиторияга тийгизе турган таасири жөнүндө канчалык көп ойлонуп көрөсүңөр?

## 2. **Аудиторияңарды** талдагыла

Санарип мейкиндикте просюмер болуунун жоопкерчилиги жөнүндө ой жүгүрткөндө, силер жараткан жана бөлүшкөн контентти кимдер кабыл алып жатканын түшүнүү абдан маанилүү. Аудиторияңарды түшүнүү коомчулуктарды түзүүгө, үнүңөрдү күчөтүүгө жана билдирүүңөрдү так жеткирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Бут аудиторияңарды бир адам катары элестетип, төмөнкү суроолорго жооп жазгыла:**

- ✖ Бул адамдын жаш курагы канча?
- ✖ Бул адам кандай? Анын кызыкчылыктары кайсылар?
- ✖ Бул адам контентиңер менен өз ара аракеттенгенде эмнени издеп жатат? (мисалы, маалымат, көңүл ачуу ж.б.)
- ✖ Бул адам социалдык тармактарда силер жана контентиңер менен кантип өз ара аракеттенет? (мисалы, лайк басуу, комментарий калтыруу, бөлүшүү, сактоо).
- ✖ Бул адам контенттин кайсы түрүн көбүрөөк жактырат окшойт? (мисалы, посттор, рилстер, текст).

## 3. Билдирүүңөрдү **этикалык контент жаратуу нускамаларына** шайкеш келтиргиле

Эми аудиторияңарга жеткиргиңер келген билдирүүнү аныктагыла. Ал силердин миссияңарды, баалуулуктарыңарды, кызыкчылыктарыңарды жана колдогон маселелериңерди чагылдырсын. Аудиториянын образын эске алып, этикалык контент жаратуунун маанисин унутпай, аларга жага турган контент түзгүлө.

### Этикалык контент **жаратуу** үчүн текшерүү тизмеси[73]

- ☐ Аудиторияңарга ачык-айкын болгула: өз көз карашыңарды жана маалымат булактарыңарды так көрсөткүлө.
- ☐ Фактылардан көрө жеке пикириңерди бөлүшүп жатканыңарды ачык белгилегиле.
- ☐ Макул болбосоңор да, фактыларды кандай болсо ошондой бергиле. Бул аудиториянын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт.
- ☐ Интернетте өзүңөргө жана аракеттериңерге сын көз караш менен карагыла: ар кимдин ой-пикирин билдирүүгө укугу бар, бирок контент жаратууда адаштыруучу же зыяндуу маалымат таратпагыла.
- ☐ Шек жаралса, эки ирет текшергиле: жарыялоодон мурун контентиңерди башкаларга көрсөтүп, анда туура эмес маалымат, стереотиптер, алдын ала жоромолдор же символдук зомбулук жок экенин тактагыла.
- ☐ Контентиңерде колдонгон маалыматтын баштапкы булактарына сөзсүз шилтеме бергиле.
- ☐ Контентиңер (видео, аудио, текст) генеративдик ЖИ куралдары менен жаратылганын ачык айткыла.

Эгер билдирүүңөрдүн таасирин дагы кеңейткиңер келсе, анын көрүнүктүүлүгүн жана камтуусун жогорулатуу үчүн **8-Миссияны** изилдегиле.

[73] Бул сунуштардын айрымдары Мортенсен, М. 2009. Блогерлер, социалдык медиа жана контент жаратуучулар үчүн этикалык кодекстен алынган. Mor10. [Вебсайт] https://mor10.com/code-of-ethics-for-bloggers-social-media-and-content-creators/

## Миссияны аяктоого **Убакыт келди!**

**Силер же уюмуңар социалдык медиада түзүлгөн жана бөлүшүлгөн бардык контенттин этикалык көрсөтмөлөргө ылайык болушун камсыз кылуу үчүн эмне кыла аласыңар?**
*Жооппоруңарды жазгыла. Уюмуңардын ММС стратегияларын интеграциялоодо күчтүү маалымат булагы болуп кызмат кылат.*

Этикалык контент жаратуу протоколдорун уюмуңарга интеграциялоо боюнча идеяларды алуу үчүн **"ММС идеяларынын кубаттандыруучусу"** бөлүмүн.

## Саякатыңар үчүн **шыктандыруучу мисалдар**

Инфлюенсерлер медиа жана маалымат экосистемасын калыптандырууда, ал тургай коомдук кызыкчылыкты жараткан маалыматты жайылтууда барган сайын маанилүү ролду ойноп жатышат. Алар кеңири жана ар түрдүү аудиторияга жетүү үчүн уникалдуу жөндөмгө ээ, көбүнчө журналисттик стандарттарды карманган салттуу медиа каражаттарынын мүмкүнчүлүктөрүнөн ашып түшөт.

Муну эске алуу менен, Европа Биримдиги тарабынан каржыланган "Социалдык медиа тынчтык үчүн" долбоору аркылуу ЮНЕСКО Кениядагы инфлюенсерлерге жана санариптик контент жаратуучулар үчүн социалдык медиада потенциалды өнүктүрүү жана контент түзүү демилгелерин колдоду.

ММСти өз контентин түзүүгө жана социалдык тармактарда тынчтыкты жайылтуучу таасирдүү окуяларды жаратууга интеграциялоо боюнча окутуудан тышкары, бул жаш медиа жана маалымат чөйрөсүндөгү өкүлдөр ММСти өнүктүрүүнүн дагы бир кадамын жасашты. Алар санариптик платформаларда кастык тили жана дезинформацияга каршы күрөшүү резолюциясын кабыл алышты, анда ММС борбордук орунда турат.

Жаш инфлюенсерлерге арналган тренингди карап көрүү үчүн бул веб-баракчаны карагыла: Кениялык социалдык медиа инфлюенсерлери жана контент жаратуучулар онлайндагы зыяндуу контент менен күрөшүү боюнча окуудан өтүштү - FECoMo[74]

Кениядагы социалдык медиа инфлюенсерлери жана контент жаратуучулары кол койгон резолюцияны окугуңуар келсе? Бул жерден көрө аласыңар: Социалдык медиа инфлюенсерлери / контент жаратуучулары 2023 март.[75]

## **Тереңирээк билгиңер** келеби?

Этикалык контент түзүүгө байланыштуу так стандарттарды издеп жатсаңар, Мортен Рант-Хендриксен тарабынан иштелип чыккан жана жаңыртылган **"Блоггерлер, социалдык медиа жана контент түзүүчүлөр үчүн Этикалык кодекс"** менен таанышкыла.[76]

Бардык колдонуучу тарабынан түзүлгөн контент ылайыктуу беле? Бул видеону карагыла: **"Контентти модерациялоо деген эмне? Модерация жана цензура"** (Eye on Tech)[77] — контентти модерациялоо эмне үчүн санариптик маалымат чөйрөсүнүн саламаттуулугу үчүн маанилүү экенин түшүнүүгө жардам берет.

Эгерде социалдык медиа платформалары туура эмес маалымат, дезинформация, кастык тили жана кутум теорияларынын тарашын алдын алуу стратегиясы катары контентти модерациялоо үчүн жоопкерчиликке тартылышы керекпи деп кызыксаңар, ЮНЕСКО тарабынан түзүлгөн **"Санариптик платформаларды башкаруу боюнча нускамалар"** менен таанышсаңар болот. [78]


[74] FEComo. 2024. Кениялык социалдык медиа инфлюенсерлери жана контент жаратуучулар онлайндагы зыяндуу контент менен күрөшүү боюнча окуудан өтүштү. [Веб-сайт] https://fecomo.org/fecomo-collaborates-with-acepis-to-build-capacities-of-social-media-influencers-and-content-creators-in-kenya-to-address-harmful-content-online/articles/

[75] FEComo. 2024. Кениядагы социалдык медиа инфлюенсерлери жана контент жаратуучулар тарабынан санариптик платформаларда дезинформацияга жана кастык тилине каршы күрөшүү боюнча кабыл алынган РЕЗОЛЮЦИЯ.
https://fecomo.org/wp-content/uploads/2024/04/Social-Media-Influencer-Content-Creator-Resolution-March-2023-1-1.pdf

[76] Мортен Рант-Хендриксен. Алгач 2009-жылы чыгарылган. Блоггерлер, социалдык медиа жана контент түзүүчүлөр үчүн Этикалык кодекс [Website] https://mor10.com/code-of-ethics-for-bloggers-social-media-and-content-creators/

[77] Eye on Tech. 2023. Контентти модерациялоо деген эмне? Модерация vs цензура. [Видео] https://www.youtube.com/watch?v=WOlBEr-Ynr4

[78] ЮНЕСКО. 2023. Санариптик платформаларды башкаруунун нускамалары: көп тараптуу мамиле аркылуу сөз эркиндигин жана маалыматка жетүүнү коргоо. Париж, ЮНЕСКО. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000387339



# 8 - МИССИЯ

## Санариптик мүмкүнчүлүктөр **галактикасы**

### Миссиянын максаты

Миссиянын аягында, санариптик чөйрөлөр жаштардын активизми үчүн жана уюмунун темалары, кызыкчылыктары жана максаттарын таанытуу үчүн күчтүү платформа экенин түшүнөбүз. Ошондой эле санариптик платформалардан ачыктык жана жоопкерчиликти талап кылуунун маанисин билебиз жана коомчулукту маанилүү онлайн катышууга шыктандырууну үйрөнөбүз.

### ММС баалуулуктары жана принциптери

- Маданий ар түрдүүлүктү урматтоо
- Сөз эркиндиги жана маалыматка жетүү
- Адам укуктары жана кадыр-баркы
- Тилектешик жана тынчтык

# Маалымат

Акыркы жолу коомдук ишке кантип катышканыңарды эстеп көргүлө: балким, социалдык тармакта пост бөлүшүп, петицияга кол коюп же адам укуктарын колдогон трендге кошулгандырсыңар. Санариптик доор коомчулуктарды колдоого, үнүбүздү жеткирүүгө жана өзгөрүүлөрдүн жактоочусу болууга кеңири мүмкүнчүлүк берет.

Бирок бул ишке ашышы үчүн санариптик чөйрөнүн эрежелерин түшүнүү абзел: ар бир колдонуучунун онлайн контентке катышууда жоопкерчилиги бар болсо, санариптик мейкиндиктеги башка оюнчулар эмне кыла алат?
Баарыбыз бирдей шартта аракет кылып жатабызбы? Социалдык тармактар ММСти колдонуучу тажрыйбасына, анын ичинде технологиялар аркылуу, интеграциялай алабы? Ал эми технологиялар биздин үнүбүздүн угулушуна жана аудиторияга жетишине кандай таасир этет?

"Көмүскө тыюу салуу" сыяктуу ыкмалар тарыхый жактан четтетилип келген коомчулуктарга көбүрөөк терс таасир этет. **Бул платформаларды иштеп чыгууда ачык-айкындуулук саясаты болбосо, теңчиликти жана социалдык адилеттүүлүктү жактаган маанилүү идеялар байкалбай калуу коркунучунда турат.**

Бул миссияда, биз жаштардын үнүн жана муктаждыктарын коргоо жөндөмүбүздү тааныйбыз жана биз идеяларыбызды маалыматка бай санариптик экосистемада жайгаштыруу үчүн стратегиялык курал катары тенденцияларды колдонууну үйрөнөбүз. Мындан тышкары, ММС – бул максатка жетүүнүн жолу экени, аны жөн теңтуштарыбыздын гана арасында эмес, онлайн маалымат ачык-айкындуулукту жана жоопкерчиликти жогорулатуу үчүн колдонуп, көбөйтүүгө болот экенин түшүнөбүз!

# Негизги **түшүнүктөр**

Ар бир аныктаманы толуктоо үчүн берилген сөздөрдү пайдаланып боштуктарды толтургула:

| | |
|---|---|
| **адам укутарын** | **азыраак** |
| **петициялар** | **контентинин** |
| **өз ара аракеттенүүсүн** | **таасир этүү** |
| **коомчулуктар** | **коммуникация** |
| **таргет кылганын** | **бөлүшүү** |
| **алгоритмдери** | **бөгөттөө** |
| **өнөктүктөрү** | **зыяндуу** |
| **көрсөтүүлөрүн** | **талабын** |

× **Онлайн активизм.** Бул социалдык, саясий, экологиялык жана башка саясий себептерди _________________ же социалдык медиа _________________ аркылуу жактоо үчүн санариптик платформаларды колдонууну билдирет.

× **Катышуу.** Санариптик чөйрөдө бул колдонуучулардын онлайн контентке активдүү катышуусун жана билдирет. Буга жактыруу, _________________, комментарий берүү же жаңы контент түзүү кириши мүмкүн.

× **Контентти тандоо.** Бул социалдык медиа колдонуучуларына кайсы контент _________________ же артыкчылыктуу экенин, кайсысы _________________ көрүнүктүү болорун аныктоо процесстерин билдирет.

× **Жактоо.** Бул коомдук саясатка _________________, маалымдуулукту жогорулатуу же социалдык өзгөрүүлөрдү илгерилетүү үчүн чара көрүү дегенди билдирет. Санариптик чөйрөдө колдонуучулар социалдык медиа платформаларын _________________ коргоо үчүн колдонушат.

× **Социалдык медиа.** Бул жеке адамдар ортосунда _________________ үчүн түзүлгөн ар кандай платформаларды билдирет (мисалы, социалдык тармактар жана микроблогинг сайттары), анда колдонуучулар онлайн _________________ түзүп, маалымат, идеялар, жеке билдирүүлөр жана башка контентти бөлүшүшөт.

× **Контентти модерациялоо.** Бул колдонуучу тарабынан түзүлгөн контенттин белгилүү бир стандарттарга же көрсөтмөлөргө жооп берерин камсыз кылуу үчүн аны карап чыгуу, белгилөө же _________________ бөгөттөө процессин билдирет. Адатта, маанисиз, уятсыз, мыйзамсыз, _________________ же кемсинтүүчү контеттерге карата жүргүзүлөт.

× **Көмүскө тыюу салуу.** Бул контентти тандоо жана модерациялоо процесстери менен байланышкан, азырынча толук далилденбеген, бирок барган сайын талкууланып жаткан көрүнүш. Бул түшүнүккө ылайык, социалдык медиа _________________ колдонуучунун _________________ көрүнүмдүүлүгүн анын кабары жок азайтышы мүмкүн, айрыкча тарыхый жактан четтетилген коомчулуктарга көбүрөөк таасир этет.

× **Алгоритмдик ачык-айкындуулук.** Бул социалдык медиа платформаларынын алгоритмдердин контентти кантип баалаганын, жогорулатканын, чектөөсүн же сунуштаганын жана колдонуучуларды кантип _________________ коомчулукка жарыялоо _________________ билдирет.

Туура жооптор менен миссиянын **аягында тааныша аласыңар!**

[79] Жаңылыктар, технология жана инновациялар борбору. 2024. Алгоритмдик ачык-айкындуулукту күчөтүү.
[Веб-сайт] https://innovating.news/article/enhancing-algorithmic-transparency/
[80] Коулман, Теара. 2023. Контент жаратуучулар дискриминациялык алгоритмдер менен кантип күрөшүшөт. The Week.
[Веб-сайт] https://theweek.com/briefing/1023338/algorithm-ai-discrimination

## Ичине **баш багалы**

**1.** Социалдык медианын алгоритмдери коомдук же саясий темадагы контенттин көрүнүмдүүлүгүнө кандай таасир этерин өзүңөрдүн түшүнүгүңөр боюнча баалагыла. Силерге эң туура келген вариантты тандагыла:

а. Социалдык медиа алгоритмдери контенттин көрүнүмдүүлүгүнө кандай таасир этерин түшүнбөйм.
б. Бул маселе тууралуу лентамда көргөн контент аркылуу жалпы түшүнүгүм бар..
в. Алгоритмдер контенттин көрүнүмдүүлүгүнө кандай таасир этерин жана алардын тарыхый жактан четтетилген коомчулуктарга тийгизген таасирин түшүнөм.

**2.** Социалдык медиада коомдук ишке катышууңардын себеби:

а. Баары жазып жатат, мен да кошулам.
б. Бул тема мага маанилүү, ошондуктан дароо бөлүшөм.
в. Бул тема мага маанилүү, ошондуктан изилдеп, ишенимдүү булактарды карайм.

**3.** Уюмуңарда санариптик кампанияларга байланышкан саясат же стратегия барбы?

а. Жок, мындай стратегия же саясат жок.
б. Кампанияларды муктаждыкка жараша өз алдынча жүргүзөбүз.
в. Ооба, санариптик кампаниялар үчүн так стратегиялар жана нускамалар бар.

**Эгер “а” ны тандасаңар өзүңөргө 1 упай, “б” ны деп тандасаңар 2 упай, “в” ны тандасаңар 3 упай бергиле. Эми упайларыңарды 10-беттен карагыла.**

## Келгиле **баштайлы**

### Интернетте социалдык маселелерди кантип колдой алабыз?

### 1. Социалдык медиа экосистемасын **картага түшүрүү**

Көп учурда социалдык медиа экосистемасын коопсуз, адилет жана сый-урматка татыктуу кылууда негизги ролду колдонуучулар жана платформалар гана ойнойт деп ойлойбуз.

Бирок чындыгында бул мейкиндикке өкмөттөр, эл аралык уюмдар жана башка көптөгөн тараптар катышат. Маалыматтын кандайча жайылышы үчүн ким жооптуу экенин көзөмөлдөө барган сайын татаалдашып жатат.

Социалдык медианын бардыгы үчүн ачык жана коопсуз кылуунун маанилүү кадамы — бул “оюн талаасын” түшүнүү: кимдер катышат, алардын ролу, жоопкерчилиги жана мүмкүнчүлүктөрү кандай. Мындай жалпы картина контентти модерациялоо жана алгоритмдик ачыктык боюнча талап коюуда пайдалуу болот.

Эми **детективдер** сыяктуу эле динамиканы жана катышуучуларды түшүрүп көрөлү. Бул биз сыяктуу жаштардын үнүн, муктаждыктарын жана кызыкчылыктарын коргоо үчүн маанилүү.

1. Уюмуңардын кеңсесинен дубал тандагыла.

2. Социалдык медиа экосистемасына кимдер катыша турганын аныктагыла: платформалар, колдонуучулар, өкмөттөр, медиа, академиялык чөйрөлөр, ишкерлер, факт-текшерүүчүлөр, журналисттер, мугалимдер, инфлюенсерлер, контент жаратуучулар, генеративдик ИИ платформалары, жаштар уюмдары, адам укуктарын коргоочулар ж.б. Журнал сүрөттөрүн колдонгула же алардын ар бирин чагылдырган бир нече сүрөттөрдү басып чыгаргыла. Уюмуңарды да картага кошкула.

3. Социалдык медиа экосистемасына катышкан бардык катышуучулар көрсөтүлгөндөн кийин, алардын дени сак социалдык медиа экосистемасын сактоодогу ролдору жана милдеттери жөнүндө ой жүгүрткүлө, Колдонуучу тажрыйбасын, адам укуктарын (мисалы, сөз эркиндигин), теңдикти, этикалык колдонуу жана ачыктык сыяктуу маселелерди эске алгыла. Ар бир катышуучу үчүн тыянактарыңарды кагазга жазып, картага чаптагыла. Мисалы, өкмөттөр социалдык медиа платформалары үчүн укуктук негиз түзөт, ал эми факт-текшерүүчүлөр маалыматтын ишенимдүүлүгүн камсыздайт

4. Катышуучулар ортосундагы байланыштарды белгилегиле (мисалы, өкмөттөр жөнгө салат, колдонуучулар контент түзөт). Аларды жип менен бириктирип, ар бир байланыштын маанисин атап белгилегиле.

5. Талкуулагыла: жаштар уюму катары бул экосистемадагы ролуңар кандай? Кандай аракеттерди жасай аласыңар? (мисалы, платформалардан ачыктыкты талап кылуу).

6. Акырында, өзүңөргө суроо бергиле: ачыктыкты камсыз кылуу жана бардыгы үчүн “тең мүмкүнчүлүктөр талаасын” түзүү үчүн социалдык медиа платформалары кандай маалыматты ачык көрсөтүшү керек? (мисалы, жеке маалыматтар кандай колдонулат, алгоритмдер контентти кантип сунуштайт же жашырат, зыяндуу контент жаратуучулар кандай жөнгө салынат ж.б.).

## 2. Санариптик мүмкүнчүлүктөрдү **кеңейтүүнүн күчү**

Дүйнө жүзүндө жаштар жетектеген көптөгөн кыймылдар жана уюмдар санариптик платформаларды өз укуктарын коргоо жана үнүн угузуу үчүн ийгиликтүү пайдаланып келишет. Санариптик экосистемалардын жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө кандайча салым кошкондугунун шыктандыруучу мисалдарын изилдөө маанилүү.

Өзүңөрдүн каалаган браузерди же социалдык медиа платформаларды колдонуп, жаштар жетектеген ийгиликтүү санариптик кампанияларды издеп көргүлө. Анын ичинен өзүңөрдүн кызыкчылыктарыңа же максаттарыңа жакын бир кампанияны тандап, төмөнкү суроолорго жооп бергиле:

- Колдоо алган кампаниянын максаты эмне болгон?
- Бул кампанияны эмне ийгиликтүү кылды?
- Жаштар онлайн кампанияларын башка жактоо формаларынан кантип айырмалай турган өзгөчө өзгөчөлүк байкайсыңарбы?

Ойлоруңарды кесиптештериңер менен бөлүшкүлө — бул өзүңөрдү жана уюмуңарды креатив онлайн кампанияларды иштеп чыгып, билдирүүлөрүңөрдү таасирдүү жеткирүүгө шыктандырат.

## 3. **Инновациялык санариптик жактоочулук кампаниясын** түзүп, ишке киргизгиле

**Эскертүү:**

Бул тапшырма **7-миссияда** көрсөтүлгөн негизги таршырмага ("Келгиле баштайлы") кошумча болуп саналат.

Өзүңөрдүн санариптик кампанияңарды түзүү үчүн төмөнкү кадамдарды аткаргыла. Кадамдарды жакшыраак түшүнүү үчүн, алгоритмдик ачык-айкындуулук үчүн социалдык медиа платформаларын талап кылган санариптик кампанияны кантип түзүү керектиги боюнча мисалды көрө аласыңар.


| **Эффективдүү санариптик кампания** түзүү ыкмалары | **Мисалдар** |
|---|---|
| **Себепти тандагыла:** Жакшы кампаниянын максаты так болот. Өзүңөргө маанилүү же кызыктуу болгон бир себепти тандагыла. Ал силер үчүн түшүнүктүү жана маанилүү болсун. | *Социалдык медиа платформалары бардык колдонуучулар үчүн адилеттүүлүктү жана теңдикти камсыз кылуу үчүн алгоритмдик ачыктыкты колдонууну талап кылуу.* |
| **Максатыңарды аныктагыла:** Бул кампания аркылуу эмнеге жетишкиңер келет? (Мис. маалымдоо, мобилизациялоо, жактоо же аракетке чакыруу.) | *Маалыматтуулук жана жактоо* |
| **Билдирүүңөрдү тандагыла:** Негизги ойго көңүл бургула — дүйнөгө кайсы негизги билдирүүнү жеткиргиңер келет? | *Социалдык медиа платформаларынын алгоритмдер кантип иштелип чыкканы боюнча ачык-айкындуулугунун жоктугу тарыхый жактан четтетилген коомчулуктар тарабынан түзүлгөн контенттин жайылышынын азайышына, алардын үндөрүн жана муктаждыктарын андан ары басууга жана басмырлоону тереңдетүүгө алып келет.* |
| **Эсте каларлык ат ойлоп табыгыла:** Креативдүү болгула! Ат аудиторияңарга жакын, түшүнүктүү болушу керек. | *#Showthecode (#коддукөрсөт)*<br>*#Openthealgorithm (#Алгоритмдиач)*<br>*#TransparencyNow (#Ачык-айкундуулуказыр)* |
| **Туура форматты тандагыла:** Контенттин форматын (текст, видео, пост ж.б.), тонун (көңүлдүү, олуттуу, академиялык) жана максаттуу аудиторияңарды эске алып, ошого жараша даярдагыла. | *Рилстер - ТикТок и Инстаграм*<br>*Публикация - Инстаграм* |
| **Платформаларды аныктагыла:** Максаттуу аудиторияга жараша контентти ылайыкташтыргыла (мис.: Z Муун үчүн ТикТок, визуалдар үчүн Инстаграм, узун видеолор үчүн YouTube). | *Аудитория: Z муун*<br>*Платформа: ТикТок и Инстаграм* |
| **Хэштегдерди туура колдонгула:** Хэштегдер абдан маанилүү. Көрүнүктүүлүктү жогорулатуу үчүн аларды стратегиялык жол менен тандагыла. | *#Transparency (#Ачык-айкындуулук), #Algorithms (#Алгоритмдер), #Shadowbanning (#Көмүскөтыюусалуу)* |
| **График жана мезгилдүүлүктү белгилегиле:** Жарыялоо жыштыгын (күн сайын, жума сайын ж.б.) аныктап, постторду алдын ала пландагыла. | *Жума сайын* |

# 4. **Жаратуу убактысы** келди!

Бул акыркы кадам кампанияңарды туура жайгаштыруу үчүн абдан маанилүү. Көрүнүктүүлүк жана камтуу алгоритмдер тарабынан аныкталган санариптик дүйнөдө жогорку жеткиликтүүлүккө ээ болгон контенттен шыктангыла: ийгиликтин сыры эмнеде болду — тонундабы? форматындабы? узактыгындабы??

Бир сырды билгиңер келеби? Таасирдүү санариптик кампаниянын ачкычы — **креативдүүлүк.**

## **Алгоритмдин чектөөлөрүн** ашуунун ыкмалары!

| | |
|---|---|
| 2011-жылы "Уолл-стритти ээлеп ал" наразылык акциялары учурунда жаш санарип активисттер билдирүүлөрдү жайылтуу үчүн мемдерди кантип жаратканына көз чаптыргыла. | Саясий жана социалдык темалар боюнча контент жаратуучулар колдонгон бир стратегия – **тренддерди** колдонуп алгоритмди “алдоо” жана билдирүүнү кеңири жайылтуу. **Мисалы,** Кенияда текстиль калдыктарын азайтуу боюнча маалымдуулукту жогорулатуу үчүн тренди (бул учурда музыка) кантип колдонсо болорун карап көргүлө. |
| <br>BAny Media Necessary © 2016 NYU Press.*<br>Источник: Дженкинс, Х.[81] | Булак: https://bit.ly/4eioC00 |

Социалдык медиаңарда тренд болуп жаткан темаларды же элементтерди – аудиолорду, видеолорду, хореографияларды, эстетиканы – өз пайдаңарга колдонуп, көрүнүмдүүлүктү жогорулаткан башка мисалдарды карап көргүлө. Бирок санариптик кампанияларды түзүүдө 7-миссияда сунушталган этикалык контент жаратуу көрсөтмөлөрүнө ылайык иштөө абзел.

[81] Дженкинс, Х. 2016. Жаштардын үнү, массалык маалымат каражаттары жана саясий катышуу: Негизги түшүнүктөрдү киргизүү."Х. Дженкинс, С. Шрестова, Л. Гамбер-Томпсон, Н. Виктор-Виленчи жана А. М. Циммерман (ред.), Бардык маалымат каражаттары аркылуу: Жаңы жаштар активизми (1–60-беттер). NYU Press. https://www.jstor.org/stable/j.ctt180401m.4

## Миссияны аяктоого **убакыт келди!**

Социалдык тармактарда өз билдирүүлөрүңөрдү жана идеяларыңарды креативдүү түрдө жайгаштыруу үчүн силер же уюмуңар эмне кыла алат?

*Жоопторуңарды жазгыла. Уюмуңардын ММС стратегияларын интеграциялоодо күчтүү маалымат булагы болуп кызмат кылат.*

Социалдык тармактар үчүн кампанияларды жүргүзүүгө багытталган контент түзүү саясатын иштеп чыгууга өтүү боюнча пайдалуу сунуштарды алуу үчүн **"ММС идеяларынын кубаттандыруучусу"** бөлүмүн карагыла!

## Саякатыңар үчүн **шыктандыруучу мисалдар**

**Гарри Поттер Альянсы** (HPA) жаштардын санариптик активизминин жаркын үлгүсү болуп саналат, ал күйөрмандар коомчулугун социалдык адилеттүүлүк маселелери менен чыгармачылык менен бириктирет. Гарри Поттер ааламын платформа катары колдонуу аркылуу HPA жаштарды реалдуу турмуштагы активдүүлүккө тартып, ЛГБТК+ укуктары, билимге жеткиликтүүлүк жана климаттык адилеттүүлүк сыяктуу маселелерди көтөрөт. Альянс күйөрмандарды кампаниялар, онлайн петициялар жана социалдык медиа аркылуу активдештирип, поп-маданият жарандык катышууга жана жактоочулукка дем бере аларын ачык көрсөтөт. Бул модель жаштарды маңыздуу социалдык өзгөрүүлөргө тартуу үчүн санариптик куралдарды колдонуунун эң мыкты тажрыйбасы болуп саналат.

Көбүрөөк маалымат алуу үчүн **Beautiful Trouble** сайтындагы **Harry Potter Alliance**[82] тууралуу баракчаны карагыла же Х. Дженкинс тарабынан жазылган **"Дүйнөнүн деградациясын азайтуу: Күйөрмандардын катышуусу үчүн популярдуу маданиятты колдонуу"**[83] деген макаласын (NYU Press) окуп, бул кыймыл жөнүндө кеңири түшүнүк алгыла.

## Тереңирээк билгиңер **келеби?**

Төмөндө социалдык медиа платформаларынан ачык-айкындуулукту талап кылган уюшкан кыймылдын мисалы келтирилет. 2020-жылы Жакынкы Чыгыш жана Түндүк Африка (MENA) аймагынан 20дан ашуун уюм бул **ачык катка**[84] кол коюп, социалдык медиа платформаларын MENA активисттери, журналисттери жана адам укуктары уюмдары үчүн санариптик мейкиндикке тең жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга чакырышкан.

Онлайн чөйрөдө кастык тилин, туура эмес маалыматты, дезинформацияны жана жалган маалыматты чечүүдө көп тараптуу ыкманын алкагында эмне кылууга болорун түшүнүү үчүн, сөз эркиндигин жана маалыматка жетүү укугун сактоо менен иштелип чыккан ЮНЕСКОнун (2023) **"Санариптик платформаларды башкаруу боюнча колдонмолорун"**[85] окуп көргүлө.

### Жообуңарды текшергиле!

Төмөндө "Негизги түшүнүктөр" бөлүмүндөгү тапшырманын туура жооптору берилди:

**Онлайн активизм.** петициялар, өнөктүктөрү
**Катышуу.** өз ара аракеттенүүсүн, бөлүшүү
**Контентти тандоо.** көрсөтүлөрүн, азыраак
**Жактоо.** таасир этүү, адам укуктарын
**Социалдык медиа.** коммуникация, коомчулуктар
**Контентти модерациялоо.** бөгөттөө, зыяндуу
**Көмүскө тыюу салуу.** алгоритмдери, контенинин
**Алгоритмдик ачык-айкындуулук.** талабын, таргет кылганын

[82] Beautiful Trouble. Harry Potter Alliance. [Веб-сайт] https://beautifultrouble.org/toolbox/tool/harry-potter-alliance https://www.icfj.org/news/how-develop-ethical-ai-use-policy-nonprofit

[83] Kligler-Vilenchik, N. 2016. Дүйнөдөгү терс көрүнүштөрдү азайтуу. Күйөрмандардын активизми үчүн популярдуу маданиятты пайдалануу.. Х. Дженкинс, С Шрестова, Л. Гамбер-Томпсон, Н. Клиглер-Виленчик, жана А. М. Циммерман (ред.) китебинде, Кандай гана медиа болбосун: Жаңы жаштар активизми (102-148 беттер). https://www.jstor.org/stable/pdf/j.ctt180401m.6.pdf?refreqid=fastly-default%3Aa71ac3e9d5975bf8efc58fec708790b1&ab_segments=&origin=& initiator=&acceptTC=1

[84] Euro-Med Human Rights Monitor. 2020. Социалдык медиа компаниялары четтетилген топторду оозун басууну токтотушу керек. [Вебсайт] https://euromedmonitor.org/en/article/4061/Social-media-companies-must-stop-silencing-marginalized-groups

[85] ЮНЕСКО. 2023. Санариптик платформаларды башкаруу боюнча колдонмолор: көп тараптуу ыкма аркылуу сөз эркиндигин жана маалыматка жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу. Париж, ЮНЕСКО https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000387339



# 9- МИССИЯ

## Интернет аркылуу тынчтыкты **куруу порту жетүү**

### Миссиянын максаты

Миссиянын аягында биз МКТны колдонуу аркылуу маданий өз ара түшүнүүнү жана маданияттар аралык байланышты өнүктүрүүнүн маанисин түшүнөбүз. Ошол эле учурда сөз эркиндигин колдоонун, ошондой эле поляризацияга жана радикалдашууга каршы туруунун жолдорун карап чыгабыз.

### ММС баалуулуктары жана принциптери

- Маданий ар түрдүүлүктү урматтоо
- Сөз эркиндиги жана маалыматка жетүү
- Адам укутары жана кадыр-баркы
- Тилектештик жана тынчтык

## Маалымат

Бүгүнкү күндө маданий ар түрдүүлүк дүйнө жүзүндөгү коомдорго мүнөздүү көрүнүшкө айланды. Ар түрдүү маданий чөйрөдөн, динден жана салттан чыккан адамдар күн сайын — онлайн да, оффлайн да — өз ара байланышта болушат. **Мындай өз ара аракеттенүүлөр кээде маданий айырмачылыктардан, кастык тилинен, социалдык теңсиздиктен, экстремизмден жана саясий популизмден улам чыр-чатактарга жана түшүнбөстүктөргө алып келиши мүмкүн.** Эгерде силер маданий жактан ар түрдүү чөйрөдө жашасаңар, мындай кыйынчылыктарга туш болгон же алардын таасирин сезген болушуңар мүмкүн.

Глобалдык коом катары өнүгүү үчүн диалог жана билим берүү аркылуу маданият аралык компетенттүүлүктү — мисалы, эмпатияны, ачыктыкты жана маданий өзүн-өзү таанууну— өнүктүрүү абдан маанилүү. Бул ыкмалар адамдарга **ар түрдүү маданияттардын байлыгына жакындашууга, өз ара түшүнүүгө негизделген тынч жана инклюзивдүү коомдорду курууга** жардам берет. Маданият аралык диалог жана билим берүү айырмачылыктарды урматтоону бекемдеп, ксенофобияга, басмырлоого, кастык тилине жана экстремизмге каршы туруктуулукту күчөтөт.

Бул миссияда биз өз маданий көз караштарыбызды жана бир жактуулуктарыбызды талдап, маданият аралык негизги компетенттүүлүктөрдү изилдейбиз. Бул бизге чыныгы плюралисттик коомдо жашоо эмнени билдирерин тереңирээк түшүнүүгө жана онлайн платформаларда кездешкен бөлүнүү, радикалдашуу, поляризация жана ксенофобия тууралуу баяндоолорго каршы турууга көмөкчү болот.

## Негизги **түшүнүктөр**

× **Маданият аралык өз ара аракеттенүү.** Ар түрдүү маданияттардын бирге жашоосу жана тең укуктуу өз ара алакасы, ошондой эле диалог жана өз ара урматтоонун негизинде жалпы маданий баалуулуктарды жана көрүнүштөрдү жаратуу мүмкүнчүлүгү.

× **Маданият аралык компетенттүүлүк.** Маданият аралык билимге, көндүмдөргө жана мамилелерге таянып, маданият аралык кырдаалдарда натыйжалуу жана ылайыктуу баарлашуу жөндөмү.

× **Ксенофобия.** Чоочундарга же чет элдиктерге карата коркуу жана жек көрүү, же "бөтөн" деп эсептелген нерселерге кастык мамиле кылуу; айрым чет элдик адамдар жана маданияттар мамлекеттин "чыныгы" өздүгүн коркунучка салат жана жергиликтүү коомго тынч жол менен интеграциялана албайт деген ишеним.

## Ичине **баш багалы**

**1.** Маданият аралык түшүнүгүңөрдүн деңгээлин аныктагыла

а. Ар түрдүү маданияттар бар экенин билем жана ар биринин өзүнө мүнөздүү социалдык нормалары менен баалуулуктары бар экенин түшүнөм.
б. Маданий ар түрдүүлүктү баалайм жана өз маданий жүрүм-турумумдун айрым жактарын башка маданият өкүлдөрү менен байланыш түзүү үчүн ылайыкташтыра алам.
в. Айлана-чөйрөмдөгү маданий ар түрдүүлүктү терең түшүнөм, ар башка маданий жүрүм-турумга ыңгайлаша алам жана таандык болгон көп маданияттуу топ үчүн маанилүү болгон маданий практикаларды урматтайм.

**2.** Маданий айырмачылыктар уюмуңардын маданиятына кандайча интеграцияланган?

а. Маданий айырмачылыктарга көңүл бурбайбыз; эң башкысы — бирге иштей алуу.
б. Кийим стили же тамактануу сыяктуу айрым көрүнүктүү аспектилерди билебиз жана команда катары урматтайбыз.
в. Уюмубуздагы көгүнгөн жана көрүнбөгөн маданий айырмачылыктарды жакшы түшүнөбүз жана бул билимди уюмдук маданиятка интеграциялайбыз.

**3.** Уюмуңарда маданий ар түрдүүлүктү камтуу боюнча кандайдыр бир нускама барбы?

а. Жок, андай нерсе жок.
б. Айрым кагаз түрүндө жазылбаган макулдашуулар бар.
в. Ооба, маданий ар түрдүүлүктү уюмдук маданиятка камтууга жардам берген жазма нускамалар бар.

**Эгер "а" ны тандасаңар өзүңөргө 1 упай, "б" ны деп тандасаңар 2 упай, "в" ны тандасаңар 3 упай бергиле. Эми упайларыңарды 10-беттен карагыла.**

# Келгиле **баштайлы**

## Интернетте тынчтыкты сактоого кантип салым кошо алабыз?

## 1. Өз **“маданий айсбергиңерди”** түзгүлө

Ар бир маданияттын дүйнөдө **өзүнө гана таандык көрүнгөн жана көрүнбөгөн аспектилери бар.** Тамак-ашка болгон табит, ишараттар сыяктуу көрүнгөн өзгөчөлүктөр адатта баалуулуктар, ишенимдер, гендердик ролдор, бийлик тууралуу түшүнүктөр сыяктуу терең, көрүнбөгөн катмарлардын көрүнүшү болуп саналат. Төмөндөгү “маданий айсберг” өз маданиятыңардын көрүнгөн жана көрүнбөгөн өзгөчөлүктөрүн аңдоого, андан кийин аларды башкалардыкына салыштырууга жардам берет.


Эгер силер башка маданияттагы адамдар менен жашасаңар же иштесеңер, бул көнүгүү эмне үчүн айрым нерселерди дал ушундай жасайсыңар, ал эми башкалар аны башкача жасай турганын түшүнүүгө жардам берет.

Бул маданияттар аралык аң-сезимди өнүктүрүүгө жана күчтүү уюмдук маданиятты түзүүгө өбөлгө түзөт.

Маданий айсбергди түзүү үчүн адегенде чоң кагазга айсбергдин сүрөтүн тартып, анын кичине бөлүгүн суунун үстүндө, ал эми чоң бөлүгүн суунун астында жайгаштыргыла.

Андан соң төмөндөгү маданий өзгөчөлүктөрдү “көрүнгөн” (айсбергдин үстүңкү бөлүгүнө) жана “көрүнбөгөн” (астыңкы бөлүгүнө) деп бөлүп жайгаштыргыла. Эгер тизмеде жок, бирок маанилүү деп эсептеген өзгөчөлүктөр болсо, аларды да кошсоңор болот.

**а.** Үй-бүлөдөгү ролдор
**б.** Тил
**в.** Жактырган жана жактырбаган тамак
**г.** Убакыт этикасы түшүнүгү
**д.** Жеке мейкиндик түшүнүгү
**е.** Гендердик ролдор
**ж.** Машыккан спорт түрлөрү
**з.** Сулуулук идеалдары
**и.** Бийликке болгон мамиле
**й.** Каалаган музыка
**к.** Ишараттар
**л.** Жаш курагына жараша ролдор
**м.** Негизги баалуулуктар
**н.** Кийим кийүү эрежелери
**о.** Ден соолук тууралуу ишенимдер
**п.** Дин тууралуу ишенимдер
**р.** Жазылбаган жеке эрежелер
**с.** Юмор



Акырында, айсбергге жайгаштырган ар бир пунктка байланыштуу өз жеке мүнөздөмөңөрдү ойлонуп көргүлө (мисалы: үй-бүлөдөгү ролдор — эркектер иштейт, аялдар үйдө калат). Аларды тиешелүү түшүнүктүн астына же жанына жазгыла.

## 2. **Сага таптакыр окшобогон адамдын** “маданий айсбергин” түзгүлө

Ушул эле процессти кайра кайталагыла, бирок бул жолу өзүңөрдөн айырмаланган адам үчүн жасагыла. Бул көнүгүүнү башка маданияттагы адам менен жасоого болот, бирок ал өз маданиятыңдагы адамдарга да ылайыктуу. Эң негизгиси, ар кандай аспектилерде өзүңөрдөн айырмаланган адам болуш керек.

## 3. Маданий айсбергдерди салыштырып, **төмөнкү суроолорго жооп бергиле:**

Экөөңөрдүн ортоңордо бири-бирине туура келбеген көрүнгөн же көрүнбөгөн өзгөчөлүктөр барбы? Аларды атагыла.

Көрүнгөн жана көрүнбөгөн деңгээлдерде окшоштуктарды таба аласыңарбы? Аларды атагыла.

## 4. Айырмачылыктарыбызга кандай мамиле **мамиле кылаарыбыз жөнүндө ой жүгүртөлү:**

Көп учурда биз айырмачылыктарыбызды зомбулук менен чечүү маданий жактан үйрөтүлгөндөй сезилет. Интернеттен силер макул болбогон бир нерсеге жолуккан белеңер? Ага карата зомбулукка жакын реакция көрсөткөн учурлар болду беле? Эгер андай болбосо да, ар башка көз караштары же позициялары бар адамдардын ортосундагы өз ара мамиледе зомбулуктун белгилерин байкансыңарбы? Айырмачылыктар канчалык терең болбосун, аларды зомбулуксуз жол менен чечүүнүн башка ыкмалары барбы?

Адамдардын ортосундагы негизги айырмачылыктарды тынчтык жолу менен чечүүнүн даяр, идеалдуу формуласы жок. Бирок, **биз бирдей адамдык табиятка ээ экенибизди түшүнүү үчүн аң-сезимдүү аракет жасоого болот** деп эсептейбиз. Биздин ар бирибиз, адам катары, бирдей негизги баалуулуктарды бөлүшөбүз: "мен үчүн маанилүү болгон нерсе, менден айырмаланган адамдар үчүн да бирдей маанилүү". Мисалы, Үй-бүлө, бакубат жашоого умтулуу, кадыр-баркка ээ болуу жана ким экендиги үчүн сый-урматка татуу ж.б.

Бул иш-аракет боюнча акыркы ой жүгүртүү катары, мурунку көнүгүүдө сүрөттөгөн адам менен өзүңөрдүн ортоңордогу негизги айырмачылыктардын бири (мисалы: мен атеистмин, ал эми бул адам евангелист христиан) жөнүндө ойлонуп, төмөнкү суроого жооп бергиле:

**Эгер ушул негизги айырмачылык тууралуу сүйлөшүүгө туура келсе, тынчтыкка негизделген сүйлөшүү үчүн кайсы үч маанилүү багыттоочу эрежени сунуштамаксың?**

Силер аныктаган бул айырмачылыктарды урматтоого, кабыл алууга же интеграциялоого жардам бере турган мүмкүн болгон стратегиялар жөнүндө ой жүгүрткүлө.

## Миссияны аяктоого **убакыт келди!**

Силер же силердин уюмуңар интернетте тынчтыкты жана маданияттар аралык диалогду илгерилетүү үчүн эмне кыла алат?

*Жоопторуңарды жазгыла. Уюмуңардын ММС стратегияларын интеграциялоодо күчтүү маалымат булагы болуп кызмат кылат.*

Уюмуңарда ар түрдүүлүк жана инклюзия стратегияларын интеграциялоо боюнча идеяларды алуу үчүн **"ММС идеяларынын кубаттандыруучусу"** бөлүмүн карагыла!

## Саякатыңар үчүн **шыктандыруучу**

**"#Meetyourneighbors"** (кошуналарың менен тааныш) Маданияттар аралык диалог институту (IDI) тарабынан иштелип чыккан программа. Ал маданияттар аралык катышуучуларга ар башка салттардагы ыйык кечки тамактарды татып көрүүгө мүмкүнчүлүк берет: бир үй-бүлө кожоюн болуп, башка динге таандык үй-бүлө конокко чакырылат.

Бул программалардын негизги максаты — коомчулуктардын ортосунда көпүрө куруу жана маданияттар аралык өз ара аракеттенүүнүн баалуулугун сезүү. Бул тажрыйбалар идеялар, окуялар жана дүйнө таанымдар менен алмашуу аркылуу жаңы достук мамилелерди жана байланыштарды түзүүгө мүмкүндүк берет. Бул — боорукерликти, сый-урматты, кең пейилдикти жана маданияттар аралык ынтымакты бекемдөөнүн күчтүү ыкмасы.

Демилге тууралуу бул жерден таанышсаңар болот:
***https://meetyourneighbour.ca/about-us/***[86]

[86] Маданияттар аралык диалог институту. 2021. Кошунаң менен тааныш. [Веб-сайт] https://meetyourneighbour.ca/what-is-myn/

# Тереңирээк билгиңер **келеби?**

| | |
|---|---|
| | Коомчулугуңарда маданияттар жана диндер аралык диалогду өнүктүрүү үчүн практикалык иш-чараларды өткөргүңөр келеби? CIVIX уюмунун **Politalks**[86] сайтына кирип көргүлө — бул билим берүү чөйрөлөрүндө колдонууга ылайык, конструктивдүү диалог жүргүзүү протоколдору жана иш-аракеттери камтылган ресурстарга бай веб-сайт. |
| | **ЮНЕСКОнун "Маданий көрүнүштөрдүн ар түрдүүлүгүн коргоо жана илгерилетүү жөнүндө" Конвенциясы**[87] менен да таанышып чыккыла. |
| | Ишараттар (жаңсоолор) ар кайсы маданиятта ар башка мааниге ээ боло аларын көргүңөр келсе, төмөнкү видеолорду карагыла. **Ишараттар дүйнөсү SHORT 13 30**[88], Дүйнө жүзү боюнча ишараттар[89]. |
| | Аудиториянын маданий өзгөчөлүктөрүн эске албаганда эмне болушу мүмкүн экенин билгиңер келеби? Джон Джеффкоат режиссёрлук кылган "Аутсорсинг (Outsourced)" (2006) тасмасынан **үзүндүнү**[90] көргүлө. |
| | Маданий компетенттүүлүк тууралуу көбүрөөк билгиң келсе,бул макаланы окугула: **Айсбергдин чокусунан ары. Маданий компетенттүүлүккө карай беш этап (Beyond the tip of the iceberg. Five stages Toward Cultural Competence)**[91]. |

[86] CIVIX. 2024. Politalks. Конструктивдүү талкуу адаттарын калыптандыруу. [Веб-сайт] https://politalks.ca/
[87] ЮНЕСКО. 2005. Маданий көрүнүштөрдүн ар түрдүүлүгүн коргоо жана илгерилетүү жөнүндө конвенция (mul). Париж, ЮНЕСКО https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000142919
[88] Роберт Арнольд. 2015 Ишараттар дүйнөсү SHORT 13 30 [Видео] https://www.youtube.com/watch?v=GRo0gLWqKxI
[89] The World is Our Thing. 20217. Дүйнө жүзү боюнча ишараттар [Видео] https://www.youtube.com/watch?v=qCo3wSGYRbQ
[90] Майкл Войц. 2012. Маданияттар аралык байланыш жана өз ара түшүнүшүү маанилүү [Видео] https://www.youtube.com/watch?v=AmoYmcZCoiw
[91] Джером Ханли. 1999. Айсбергдин чокусунан ары. Маданий компетенттүүлүккө карай беш этап. The community circle of caring journal. https://pdkmembers.org/members_online/academy/L08-BeyondtheTipOftheIceberg.pdf

# **Саясаттар жана стратегиялар үчүн** ММС идеяларынын

Эгерде бул колдонмодогу миссиялардын бири уюмуңар үчүн конкреттүү аракеттерге, иш-аракеттерге же программаларга байланыштуу идеяларды жараткан болсо, анда бул Идеялардын кубаттандыруучусун колдонуп, ошол шыктанууну уюмуңардын ММС саясатынын жана стратегиясынын реалдуу бөлүгүнө айландырсаңар болот. Төмөндө сунушталган идеялар креативдүүлүгүңөрдү жандандырууга жана бул колдонмодо үйрөнгөн ММС түшүнүктөрүн уюмуңардын иш алкагына интеграциялоого баштапкы чекит катары кызмат кылууга багытталган.

Бирок ММС ааламынын өзү сыяктуу эле, көйгөйлөр да, аларды чечүү үчүн көрүлө турган аракеттер да кеңири жана ар түрдүү. Ошондуктан төмөндө берилген идеялар толук тизме эмес, тескерисинче, өз алдынча креативдүү ыкмаларды өнүктүрүү үчүн старттык аянтча экенин эске алгыла. Ар бир миссиянын өзүнө жараша татаалдыктары жана мүмкүнчүлүктөрү бар, ал эми ишке ашырыла турган чечимдер уюмуңардын жана коомчулугуңардын конкреттүү муктаждыктарына ылайык ийкемдүү болушу керек. Төмөндөгү суроолорду колдонуп, ар бир миссия уюмуңар үчүн эмнени билдирерин ой жүгүртүп көргүлө жана бул түшүнүктөрдү таасирдүү ММС демилгелерине кантип айлантууга болорун аныктагыла. Идеялардын кубаттандыруучусу ишти баштоого жардам берет, бирок инновацияларды киргизүү, ыңгайлаштыруу жана уюмуңардын көз карашына жана максаттарына ылайык күчтүү ММС стратегиясын жана саясатын түзүү — толугу менен өзүңөрдүн колуңарда.

## Иш-аракетке өтүү: 1 – Миссия **Маалыматка жетүү**

Бул иш-аракет багыты коомчулугуңарды, айрыкча жаштарды, маалыматка жетүү укугун коргоо жана ишке ашыруу үчүн зарыл болгон билим жана көндүмдөр менен камсыз кылууга багытталышы керек. Бул жаштарга негизделген чечимдерди кабыл алууга жана демократиялык процесстерге активдүү катышууга мүмкүнчүлүк берет.

### ? **Уюмуңар үчүн** негизги суроолор:

1. Коомчулугуңардагы жаштар үчүн кайсы түрдөгү маалыматтар эң маанилүү жана таасирдүү?
2. Жаштарга өзгөчө таасир эткен коомдук кызыкчылыктагы маалыматка жетүүдөгү боштуктар барбы? Эгер бар болсо, уюмуңар бул боштуктарды толтуруу үчүн эмне кыла алат?
3. Уюмуңар жаштарды коомдук кызыкчылыктагы маалыматка жетүү укугу жөнүндө кантип окутуп, маалымдай алат?
4. Жаштарды теңтуштарын окутуу, жактоо же коомдук долбоорлор аркылуу маалыматка жетүүнү жайылтууга кантип тартса болот?
5. Жергиликтүү, аймактык же улуттук деңгээлде жаштар үчүн маалыматка жетүүнү жакшырткан мыйзамдар же саясаттар үчүн уюмуңар кандай кадамдарды жасай алат?
6. Жаштар үчүн коомдук кызыкчылыктагы маалыматка кеңири жетүүнү камсыз кылуу максатында кайсы өнөктөштүктөрдү (мисалы, мектептер, жергиликтүү бийлик органдары, медиа) түз аласыңар?

### Ыкмалар же **мүмкүн болгон аракеттер**

**А1. Уюмдун ички мүмкүнчүлүктөрүн чыңдоо үчүн мүчөлөрдүн потенциалын өнүктүргүлө:** бул маалыматка жетүү укугун илгерилетүүгө жана жаштар арасында бул укук тууралуу маалымдуулукту жогорулатууга багытталсын.

**А2. Маалымдуулукту жогорулатуу демилгелерин иштеп чыгып, ишке ашыргыла:** бул демилгелер жаштарга маалыматка жетүү укугун ишке ашыруунун маанисин, ошондой эле ишенимдүү каналдар (анын ичинде салттуу медиа) аркылуу маалымат издөө жана алууну үйрөтүүгө багытталсын.

**А3. Жактоочулук иш-планды түзгүлө:** ал маалыматка жетүү укугунун натыйжалуу колдонулушун камсыз кылууга, ошондой эле жаштар үчүн маалыматтын жеткиликтүү жана түшүнүктүү болушуна багытталсын.

## Иш-аракетке өтүү: 2 – Миссия **Сөз эркиндиги**

Бул иш-аракет багыты коомчулугуңарда, айрыкча жаштар арасында, сөз эркиндигинин мааниси тууралуу маалымдуулукту жогорулатууга багытталышы керек. Сөз эркиндиги — өз ой-пикирин жана идеяларын билдирүүнүн, социалдык, маданий, гендердик ж.б. өздүгүн ачык көрсөтүүнүн негизги укугу экенин, ошондой эле демократиялык коомдордо журналисттердин ролу өзгөчө маанилүү экенин баса белгилөө зарыл.

### ? **Уюмуңар үчүн** негизги суроолор:

1. Коомчулугуңардагы жаштар өлкөңөрдө сөз эркиндигин коргогон мыйзамдык кепилдиктерди жана чектөөлөрдү билишеби? Эл аралык стандарттар тууралуу маалыматы барбы?
2. Жаштар арасында ачык диалогду жана ар түрдүү пикирлерди коопсуз бөлүшүүнү колдогон чөйрөнү түзүү үчүн уюмуңар эмне кыла алат?
3. Санариптик маалымат экосистемасындагы ар түрдүү катышуучулар сөз эркиндигин коргоо боюнча өз ролун аткарып жатышабы? Эгер андай болбосо, уюмуңар муну өзгөртүү үчүн эмне кыла алат?
4. Сөз эркиндигинин мааниси жана анын демократиядагы ролу тууралуу талкууларга коомчулукту кантип тарта аласыңар?
5. Контекстиңерде көз карандысыз журналисттер жана активисттер туш болгон кыйынчылыктар тууралуу маалымдуулукту жогорулатуу үчүн кандай агартуу иш-чараларды уюштура аласыңар?
6. Сөз эркиндигине байланышкан чечимдерди кабыл алуу процесстерине жаштардын катышуусун кантип илгерилете аласыңар?

### Ыкмалар же **мүмкүн болгон аракеттер**

**А1. Коомчулуктун мүчөлөрү үчүн окутууларды жана семинарларды уюштургула:** сөз эркиндигине болгон укук тууралуу түшүнүктү жогорулатууга багытталсын.

**А2. Мектептерди жана башка билим берүү мекемелерин тарткыла:** жаштарды сөз эркиндигине болгон укугун коргоого үйрөткөн билим берүүчү жана маалымдуулукту жогорулаткан демилгелерди иштеп чыгып, ишке ашыргыла. Мындай демилгелерге инфлюенсерлерди, санариптик контент жаратуучуларды же журналисттерди кошсо болот.

**А3. Жолугушууларды же медиа-редакцияларга барууларды уюштургула:** журналисттердин иши жана жаңылыктарды даярдоо процесси менен түздөн-түз таанышууга мүмкүнчүлүк түзүлсүн.

## Иш-аракетке өтүү: 3 – Миссия
## **Кастык тили**

Бул иш-аракет багыты коомчулугуңардагы адамдарды, айрыкча жаштарды, кастык тилин таанууга жана каршы күрөшүү үчүн куралдар менен камсыздоого багытталышы керек.

### ? **Уюмуңар үчүн** негизги суроолор:

1. Уюмуңар жана жалпы эле жаштар кастык тилинин аныктамасын жана анын адамдарга жана коомчулукка тийгизген таасирин канчалык деңгээлде түшүнүшөт?
2. Жаштар кастык тилин аныктап, анын зыяндуу кесепеттерине каршы күрөшө алышы үчүн кандай тренингдерди же ресурстарды сунуштай аласыңар?
3. Уюмуңар ар түрдүүлүктү, инклюзивдүүлүктү жана бардык адамдарга урматтоону баса белгилеген каршы баяндоолорду кантип активдүү түрдө жайылта алат?
4. Маданий контекстиңерде "ар түрдүүлүктү камтуу" деген уюмуңар үчүн эмнени билдирет? "ар түрдүүлүккө урмат" кайсы жүрүм-турумдар аркылуу көрүнөт?
5. Коомчулук же улуттук деңгээлде кастык тилине каршы күчтүүрөөк коргоо механизмдерин илгерилетүү үчүн уюмуңар эмне кыла алат?

### Ыкмалар же **мүмкүн болгон аракеттер**

**А1. Тышкы байланыш этикасынын көрсөтмөлөрү.** Постторду, видеолорду жана башка форматтагы материалдарды бөлүшүүдөн мурда эки жолу текшерүүчү протокол иштеп чыккыла; ал уюмуңардын кастык тилине жана зыяндуу контентке карата көз карашына шайкеш болушу керек.

---

**А2. Кастык тили боюнча тренингдер.** Кызматкерлерди, өнөктөштөрдү жана коомчулукту кастык тилин таанууга жана позитивдүү, тынчтыкка багытталган каршы-баяндоолорду түзүүгө үйрөткүлө.

## Иш-аракетке өтүү: 4 – Миссия
## **Туура эмес маалымат, дезинформация, жана зыяндуу маалымат**

Бул иш-аракет багыты коомчулугуңардагы адамдардын, айрыкча жаштардын, маалыматтык башаламандыкта багыт алуу жана санариптик мейкиндиктеги маалыматтын ишенимдүүлүгүн баалоо жөндөмдөрүн жогорулатууга багытталышы керек.

### ? **Уюмуңар үчүн** негизги суроолор:

1. Маалыматтык башаламандыкка байланыштуу жаштардын кыйынчылыктарын жана муктаждыктарын уюмуңар кантип жакшыраак түшүнө алат?
2. Жаштарды адаштыруучу же жалган контентти аныктоого туруктуу түрдө күчтөндүрүү үчүн кандай тренингдерди же ресурстарды сунуштай аласыңар?
3. Дезинформациянын жана туура эмес маалыматтын коркунучтары жөнүндө маалымдуулукту арттырган кызыктуу кампанияларды же тренингдерди кантип түзө аласыңар?
4. Маалыматты аудиторияңар менен бөлүшүүдөн мурун фактыларды текшерүү үчүн кандай протоколдоруңар бар?
5. Так маалыматты жайылтуу үчүн жергиликтүү медиа же факт-текшерүү уюмдары менен кызматташуу мүмкүнчүлүктөрү барбы?
6. Интернеттеги туура эмес маалымат жана дезинформацияга каршы билдирүүлөрдү жана стратегияларды күчөтүү үчүн башка жаштар уюмдары менен кантип өнөктөштүк түзө аласыңар?

### Ыкмалар же **мүмкүн болгон аракеттер**

**А1. Уюмуңар үчүн факт-текшерүү протоколун иштеп чыккыла:** анда уюмдун бардык билдирүүлөрүн жарыялоодон мурда алардын ишенимдүүлүгүн текшерүү боюнча латералдык окуу ыкмаларын колдонгон этап-этабы менен көрсөтүлгөн баскычтуу нускама камтылсын.

---

**А2. Факт-текшерүү көндүмдөрү боюнча тренингдерди уюштургула:** уюмдун мүчөлөрүнүн онлайн контенттин тактыгын баалоо мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу максатта.

---

**А3. Жаштар жетектеген факт-текшерүү демилгелерин жана куралдарын иштеп чыгып, колдонууга киргизигле;** бул дезинформацияга каршы турууга жана факт-текшерүү процесстеринде жаштардын көз карашын жана активдүүлүгүн камсыздоого өбөлгө түзөт.

# Иш-аракетке өтүү: 5 – Миссия
# Гендердик негиздеги зыяндуу контент

Бул иш-аракет багыты гендердик негиздеги зыяндуу контент тууралуу маалымдуулукту жана түшүнүктү жогорулатууга, онлайн мейкиндикте урмат-сый менен өз ара аракеттенүүнү жайылтууга жана коопсуз санариптик чөйрөлөрдү түзүүгө өбөлгө түзүшү керек.

## Уюмуңар үчүн негизги суроолор:

1. Коомчулугуңарда гендерге байланышкан, айрыкча аялдарга жана кыздарга карата кандай социалдык-маданий бир жактуу көз караштарды байкайсыңар жана уюмуңар аларды өз программалары аркылуу кантип жоюуга салым кошо алат?
2. Жаштар арасында маалымдуулукту жогорулатуу үчүн гендердик бир жактуулук жөнүндөгү талкууларды иш-аракеттериңерге кантип киргизе аласыңар?
3. Контент жаратуу процессиңерде байкабай гендердик бир жактуулукту бекемдеп коюу коркунучу барбы?
4. Коомчулукта гендердик негиздеги дезинформация жана бир жактуулук тууралуу маалымдуулукту жогорулатуу үчүн кандай тренингдерди же семинарларды иштеп чыгууга болот?
5. Контент жаратуу процессине ар түрдүү көз караштарды, өзгөчө аялдардын жана ЛГБТК + адамдардын көз караштарын кантип камтый аласыңар?
6. Гендердик негиздеги кастык тилине жана дезинформацияга каршы күрөшүү үчүн, анын ичинде социалдык медиа платформаларынан, кандайча жакшыраак саясаттарды талап кыла аласыңар?

## Ыкмалар же мүмкүн болгон аракеттер

**А1. Онлайн кысымга жооп кайтаруу протоколу:** Онлайн кысымга/куугунтукка жооп берүү боюнча нускамаларды иштеп чыккыла; бул онлайн мониторингди жүргүзүүнү, тиешелүү платформаларга же органдарга билдирүүнү жана зарыл учурда укуктук чараларды көрүүнү камтысын. Протоколдун негизги максаты — коопсуздукту камсыз кылуу жана жабыркагандарга колдоо көрсөтүү.

**А2. Гендерге сезимтал контент жаратуу боюнча нускамалар:** Уюмдарды ар кандай гендердик көз караштарды чагылдырган жана зыяндуу гендердик стереотиптерге каршы турган контентти түзүүгө жана кеңейтүүгө үндөйт.

**А3. Семинарларды жана ресурстарды сунуштагыла:** Гендердик теңчилик негизги баалуулук катары баса белгиленген этикалык окуяларды баяндоо жана инклюзивдүү медиа өндүрүшүнө багытталсын.

# Иш-аракетке өтүү: 6 – Миссия
# Генеративдик жасалма интеллект

Бул иш-аракет багыты жаштардын ЖИ тарабынан түзүлгөн контентти жана ГЖИ куралдарын этикалык жактан багыттоо мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатууга салым кошушу керек.

## Уюмуңар үчүн негизги суроолор:

1. Коомчулугуңардагы жаштарды контент жаратууда генеративдик ЖИнин этикалык кесепеттери жана мүмкүн болгон бир жактуулуктары тууралуу кантип окута аласыңар?
2. Ата-энелерге ГЖИнин балдардын сынчыл ой жүгүртүүсүнө тийгизиши мүмкүн болгон терс таасирлерин түшүнүүгө жана азайтууга жардам берүү үчүн кандай иш-чараларды уюштурса болот?
3. Генеративдик ЖИни колдонууда адам укуктарынын принциптерине жана этикалык стандарттарга шайкештикти камсыз кылуу үчүн кандай конкреттүү аракеттерди көрө аласыңар?
4. Контент түзүүдө генеративдик ЖИ колдонулган учурда аудиторияга бул тууралуу ачык маалымат берүү үчүн ачык-айкындуулукту кантип камсыз кыласыңар?
5. Жаштарды ГЖИ тарабынан түзүлгөн контентти сынчыл баалоого жана чыныгы маалыматты бурмаланган маалыматтан ажырата билүүгө кантип күчтөндүрө аласыңар?
6. Коомчулугуңарда жаштар арасында ГЖИни этикалык колдонууну жайылтуу үчүн изилдей турган өнөктөштүктөр барбы?

## Ыкмалар же мүмкүн болгон аракеттер

**А1. ГЖИ боюнча базалык окутуу:** Генеративдик ЖИнин мүмкүнчүлүктөрү менен таанышкыла: макалаларды жазуу, жолугушуулардын кыскача жыйынтыктоо, контент түзүү, маалымат топтоо ж.б.

**А2. ЖИ боюнча комитет түзгүлө** Ал уюмдун ичинде жасалма интеллектти этикалык колдонууну көзөмөлдөө жана багыт берүү үчүн атайын комитет болот. Бул комитет саясатты аткаруу, этикалык көрсөтмөлөрдү карап чыгуу жана талаптардын сакталышын камсыздоого жооптуу болсун.

**А3. Ата-энелер жана жаштар үчүн семинарлар:** Билим берүү жана окуу процессинде генеративдик ЖИни этикалык колдонуу боюнча ата-энелерге жана жаштарга арналган семинарларды уюштургула.

## Иш-аракетке өтүү: 7 – Миссия
## **Этикалык контент түзүү**

Бул иш-аракет багыты жаштар арасында этикалык контент түзүү принциптерин калыптандырууга, аларды өз баалуулуктарына шайкеш келген жана позитивдүү катышууга түрткү берген контентти түзүүгө жана бөлүшүүгө үндөөнү көздөшү керек.

### ? **Уюмуңар үчүн** негизги суроолор:

1. Уюмуңар социалдык тармактарда негизинен кандай типтеги контентти бөлүшөт жана анын уюмдун баалуулуктарына шайкеш келишин кантип камсыздайбы?
2. Контент түзүүдө же бөлүшүүдө негизги максатыңар эмне жана аудиторияңардын көз карашын кандай жолдор менен эске аласыңар?
3. Бөлүшүлгөн же түзүлгөн контент аркылуу аудиторияңар менен диалогду жана активдүү катышууну кантип өнүктүрсө аласыңар?
4. Контентиңер бөлүнүүгө же туура эмес маалыматтын жайылышына алып келбеши үчүн кандай чараларды көрөсүңөр?
5. Онлайн контенттин этикалуулугун камсыз кылууда ата-энелерди, санарип контент жаратуучуларды жана инфлюенсерлерди тартуу мүмкүнчүлүгү барбы?

### Ыкмалар же **мүмкүн болгон аракеттер**

**А1. Талаштуу маселелер менен иштөө протоколун иштеп чыгуу:** Талаштуу темаларга качан жана кандайча кайрылуу керектигин, сын-пикирлерге кантип жооп берүү зарылдыгын жана айрым учурларда унчукпай коюу ылайыктуураак боло турган жагдайларды так аныктаган көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу.

**А2. Жаштарды этикалык санарип контент түзүүгө үйрөтүү:** Инфлюенсерлердин жана санарип контент жаратуучулардын онлайн контент түзүүдөгү жоопкерчилигин, ошондой эле контент түзүүдө этикалык принциптерди сактоонун маанисин түшүндүрүүгө багытталган семинарларды жана окутууларды уюштуруу.

## Иш-аракетке өтүү: 8 – Миссия
## **Санариптик платформалардагы колдонуучулардын**

Бул иш-аракет багыты жаштардын арасында онлайн активдүүлүк маданиятын калыптандырууга жана алардын санарип тажрыйбасына болгон көзөмөлүн, өз алдынчалуулугун күчөтүүгө багытталышы керек.

### ? **Уюмуңар үчүн** негизги суроолор:

1. Коомчулугуңардагы адамдар санарип платформалар алардын онлайн тажрыйбасын кандайча калыптандырарын түшүнөбү?
2. Жаштардын колдонуучу катары муктаждыктарын аныктоо үчүн кандай аракеттерди жасай аласыңар?
3. Уюмуңар социалдык тармактардын алгоритмдери жактоочу билдирүүлөрдүн көрүнүктүүлүгүнө тийгизген таасирин кандай баалайт?
4. Коомчулугуңарды алгоритмдик ачык-айкындуулук жана көмүскө тыюу салуунун кесепеттери жөнүндө окутуу үчүн кандай чараларды көрө аласыңар?
5. Уюмуңардын миссиясы менен кандай социалдык кызыкчылыктар дал келет жана аларды натыйжалуу жактоо үчүн санариптик платформаларды кантип колдоно аласыңар?
6. Санарип экосистемадагы кайсы негизги кызыкдар тараптар менен кызматташып, платформаларда жоопкерчиликти жана ачык-айкындуулукту илгерилете аласыңар?

### Ыкмалар же **мүмкүн болгон аракеттер**

**А1. Уюм мүчөлөрүн контентти модерациялоо жана ирген-тандоо саясаттарына үйрөтүү:** Бул жаштарга социалдык медиа динамикасы алардын санариптик платформалардагы тажрыйбаларына кандай таасир этерин, ошондой эле платформаларга контентти киргизүү жана зыяндуу контентти аныктоо жолдорун билүүгө үйрөтүү үчүн тренерлерди окутуп-даярдоону камтышы мүмкүн.

**А2. Жаштар менен талкууларды жана консультацияларды өткөрүү:** Контентти модерациялоо жана ирген-тандоо маселелери боюнча жаштар менен диалог жүргүзүү, технологиялар жаш колдонуучулардын мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылышы жана сынчыл ой жүгүртүүсүн колдошу үчүн кандайча ыңгайлашуусу керектигин талкуулоо.

**А3. Маалымдоочу куралдарды жана ресурстарды иштеп чыгуу:** Платформалардын контентти модерациялоо жана ирген-тандоо ыкмаларынан келип чыга турган көйгөйлөр тууралуу маалымдуулукту жогорулатуу үчүн.

## Иш-аракетке өтүү: 9 – Миссия
## **Тынчтыкты куруу жана конструктивдүү диалог**

Бул иш-аракет багыты маданий өз ара түшүнүүнү жана маданияттар аралык байланышты өнүктүрүүгө, жаштарга маданий ар түрдүүлүктү башкарууга мүмкүнчүлүк берип, ошол эле учурда сөз эркиндигин колдоого жана поляризация менен радикалдашууну чечүүгө багытталышы керек.

### ? **Уюмуңар үчүн** негизги суроолор:

1. Коомчулугуңардагы маданий ар түрдүүлүктү канчалык деңгээлде түшүнөсүңөр жана ар кандай маданий нормалар жана баалуулуктар жөнүндөгү маалымдуулугубузду кантип жогорулата аласыңар?
2. Уюмуңар мүчөлөрүнүн жана кеңири жаштардын арасында ар түрдүүлүккө болгон сый-урматты жана позитивдүү баяндоолорду активдүү түрдө жайылтуу үчүн кандай кадамдарды жасай алат?
3. Уюмуңар коомдук чыңалууларды, бөлүнүүлөрдү, поляризацияны же чыр-чатактарды чечүү үчүн программаларына же демилгелерине маданияттар аралык диалогду кандай жолдор менен киргизе алат?

### Ыкмалар же **мүмкүн болгон аракеттер**

**A1. Онлайн жана оффлайн режиминде конструктивдүү пикир келишпестиктер үчүн протокол.** Онлайн жана оффлайн режиминде пикир келишпестиктерди чечүүдө сый-урмат жана чыр-чатактарга сезимтал байланышты жайылткан уюм үчүн протоколдорду иштеп чыккыла.

# Уюмдун саясатына жана стратегияларына
## ММСти киргизүүнүн этаптары боюнча көрсөтмө


Буга чейин биз ММС ааламында олуттуу жолду басып өттүк! Бул бөлүмдө силерге жана кесиптештериңерге ММСти уюмуңардын ишмердүүлүгүнө, демилгелерине жана негизги баалуулуктарына интеграциялоо үчүн саясаттык идеяларды иштеп чыгууга жардам бере турган, колдонууга жеңил шаблондор (үлгүлөр) сунушталат.

Бул үлгүлөр көп тармактуу болуп, уюмдун ишмердүүлүгүнүн каалаган багытында колдонууга ылайыктуу.


**Саясат шаблону** ММСти комплекстүү түрдө интеграциялоону элестетүүгө жардам берип, уюмдун миссиясын ишке ашырууда жол картасы катары кызмат кылат.

Ар бир саясат аны ишке ашыруу үчүн стратегиялар топтомун талап кылат. **Стратегиялар шаблону** (Strategies Template) сиздерге SMART принциптерине негизделген стратегияларды иштеп чыгууга көмөктөшөт: так, өлчөнүүчү, ишке ашырууга мүмкүн, маанилүү жана белгиленген мөөнөткө байланган. Бул стратегиялар саясатты конкреттүү иш-аракеттерге айландырууга өбөлгө түзөт.

Төртүнчү бөлүмдө **Иш-аракеттер планынын шаблондору жана Кайтарым байланыш шаблону** аркылуу уюмуңарда ММС демилгелерин ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн зарыл болгон аракеттерди тактоого багытталган кошумча материалдар берилет.




1 САЯСАТ ШАБЛОНУ




СТРАТЕГИЯЛАР ШАБЛОНУ 2

# ММСти уюмдун ишмердүүлүгүнө киргизүү **боюнча практикалык колдонмо**


Силер уюмуңарга ММСти интеграциялоо боюнча саясат иштеп чыгууну чечип, бул максатка жетүүгө жардам берген стратегияларды аныктап алдыңар. Эми идеяларды ишке ашырууга убакыт келди!


**Иш-аракеттер планынын шаблону** ар бир стратегияны реалдуу ишке ашырууга багытталган так аракеттердин жыйындысына айландырууга багыт берет. Эске салабыз: ар бир саясаттын алкагындагы **ар бир стратегия үчүн өзүнчө иш-аракеттер планы** иштелип чыгышы керек.

Ал эми **Кайтарым байланыш шаблону** саясатты ишке ашыруунун жүрүшүн мезгил-мезгили менен баалоо үчүн иштелип чыккан. Ал спираль түрүндөгү модельге негизделет жана баалоо, кайтарым байланыш алуу жана алынган сабактарды интеграциялоо — үзгүлтүксүз процесс экенин чагылдырат. Бул ыкма ММСке байланышкан принциптерди, аракеттерди жана демилгелерди уюмдун өзөгүнө туруктуу киргизүүдө негизги роль ойнойт.

Мурунку бөлүмдөрдө берилген **Саясат жана Стратегиялар шаблондору** сыяктуу эле, бул материалдар да универсалдуу болуп, уюмдун ар кандай багытында колдонулушу мүмкүн.

ИШ-АРАКЕТТЕР ПЛАНЫНЫН ШАБЛОНУ 3




4 КАЙТАРЫМ БАЙЛАНЫШ ШАБЛОНУ

# ММС
# ААЛАМЫНА САЯКАТ

## муну менен аяктабайт

Ушуга чейин биз ММС ааламы аркылуу тайманбаган сапарга аттанып, медиа жана маалыматтык сабаттуулук боюнча жөндөмдөрүбүздү сынап көрдүк, жаңы түшүнүктөрдү өздөштүрдүк жана баарыбызды бириктирген санарип дүйнө тууралуу эң маанилүү суроолорду койдук. Ошону менен бирге, бардыгы үчүн коопсуз, адилеттүү жана этикалык санарип маалымат экосистемасын түзүү жолунда өзгөрүүнүн жактоочулары болуу чакырыгын кабыл алдык.

Бирок адилеттүү санарип чөйрөнү түзүү — бир гана топтун милдети эмес. **Бул бардык кызыкдар тараптардын** — өкмөттөрдүн, социалдык медиа платформаларынын, журналисттердин, контент жаратуучулардын, активисттердин, билим берүүчүлөрдүн жана жалпы жарандардын — **биргелешкен аракетин талап кылат.** Бүгүнкү санарип маалымат экосистемасын калыптандырууда ар бирибиздин өз ордубуз бар.

Эгер ММСке байланышкан темаларды тереңирээк изилдегиңер келсе, **ЮНЕСКОнун Медиа жана маалыматтык сабаттуулук боюнча расмий веб-сайтына** кирип, онлайн жана офлайн мейкиндиктердеги ресурстар жана идеялар менен таанышып тургула.

Биз силерди бул колдонмодон алган билимдерди жана тажрыйбаларды башкалар менен бөлүшүүгө чакырабыз. Бардык түшүнүктөр, компетенциялар, билимдер жана көндүмдөр бизди жаран катары сынчыл ой жүгүртүүгө, этикалык аракеттенүүгө жана адилеттүү, ачык-айкын санариптик дүйнөнүн активдүү жактоочусу болууга мүмкүнчүлүк берүү үчүн иштелип чыккан.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


× AI For Education. 2024. Мектеп үчүн ЖИ саясатын иштеп чыгуу боюнча нускамалык колдонмо [Веб-сайт]
https://www.aiforeducation.io/ai-resources/ai-policy-guide-school

× AIHR. 2024. Генеративдик жасалма интеллект (ChatGPT) саясатын кантип иштеп чыгуу керек + Акысыз шаблон [Веб-сайт]
https://www.aihr.com/blog/generative-ai-policy/

× Алкивиаду, Н., Мчангама, Дж. и Мендиратта, Р 2020. Кастык тилге байланыштуу мыйзамдар боюнча глобалдык колдонмо Сөз эркиндигинин келечеги, 7, 2.
https://futurefreespeech.org/wp-content/uploads/2020/11/Report_Global-Handbook-on-Hate-Speech-Laws.pdf

× Эл аралык амнистия (Amnesty International). 2021. Сөз эркиндигинин чектерин түшүнүү [Видео].
https://www.youtube.com/watch?v=zemBh2uoCdQ

× Анастапло Дж. 2024. Цензура. Encyclopedia Britannica. [Веб-сайт]
https://www.britannica.com/topic/censorship

× Beautiful Trouble. Harry Potter Alliance. [Веб-сайт]
https://beautifultrouble.org/toolbox/tool/harry-potter-alliance

× Жаңылыктар, технология жана инновациялар борбору. 2024. Алгоритмдик ачык-айкындуулукту жогорулатуу. [Веб-сайт]
https://innovating.news/article/enhancing-algorithmic-transparency/

× CIVIX. 2024. Өтүнмөнү текшер. [Видео].
https://youtu.be/a1dMpfCwbbQ

× CIVIX. 2024. CTRL-F: Фактыларды тап. [Веб-сайт]
https://ctrl-f.ca

× CIVIX. 2024. CTRL-F. Санариптик медиа сабаттуулук. [Веб-сайт]
https://ctrl-f.ca/en/login/

× CIVIX. 2024. CTRL-F. Факт же пикир. [Оюндаштыруу]
https://www.guidedtrack.com/programs/y7vbjdl/run

× CIVIX. 2024. CTRL-F. Жалган маалыматты тап [Оюндаштыруу]
https://ctrl-f.ca/en/fakeout/

× CIVIX. 2024. CTRL-F. Текшерүү көндүмдөрү 2024. [Видеосерия]
https://www.youtube.com/playlist?list=PLsSbsdukQ8Vb_xgdQOarM7YajJbO4o8Oz

× CIVIX. 2024. Politalks. Конструктивдүү талкуу адаттарын калыптандыруу. [Веб-сайт] https://politalks.ca/

× CIVIX. 2024. Көндүм: Жөн гана Wikipedia кош. [Видео].
https://youtu.be/1k3zr_vNRXM

× CIVIX. 2024. Көндүм: Сүрөттүн тарыхын издөө. [Видео].
https://youtu.be/-ZVXA0RSgAA

× CIVIX Colombia. 2023. Doble Click. Медиа, санарип жана маалыматтык билим берүү боюнча окуу программасы [Веб-сайт]. https://hazdobleclick.co/

× Коулмен, Теара. 2023. Контент жаратуучулар дискриминациялык алгоритмдер менен кантип күрөшөт. The Week. [Веб-сайт]
https://theweek.com/briefing/1023338/algorithm-ai-discrimination

× Digital Inquiry Group. 2020. Латералдык окуу аркылуу интернеттеги чындыкты жана жалганды айырмалоо. [Видео]
https://www.youtube.com/watch?v=SHNprb2hgzU

× Durán Becerra, T., Ortiz Rubio, J., Villada, J. D., Castañeda, J. G., Méndez, A. F., Hernández Vásquez, L. J., Acero Pulgarín, S., & González Gil, N. (2024). Jóvenes en línea: Ciudadanía Digital en niños, niñas y jóvenes de la generación Z en Colombia.
https://bit.ly/3XZrSZc

× Euro-Med Human Rights Monitor. 2020. Социалдык медиа компаниялары четтетилген топторду оозун басууну токтотушу керек. [Веб-сайт]
https://euromedmonitor.org/en/article/4061/Social-media-companies-must-stop-silencing-marginalized-groups

× Европалык Демократия Жаштар Тармагы (EDYN) жана Европалык Демократия боюнча Өнөктөштүк (EPD). 2023. Жаштардын катышуусу боюнча колдонмо.
https://youthdemocracycohort.com/the-youth-participation-handbook/?_gl=1*zr4an9*_up*MQ..*_ga*MTEyODIyOTI4OS4xNzI3NDk5NDM1*_ga_6ZNN7R1T56*MTcyNzQ5OTQzMy4xLjEuMTcyNzUwMDgxMC4wLjAuMA.

× Eye on Tech. 2023. Контентти модерациялоо деген эмне? Модерация vs. Цензура. [Видео] https://www.youtube.com/watch?v=WOlBEr-Ynr4

× FEComo. 2024. Кениялык социалдык медиа инфлюенсерлери жана контент жаратауучулар онлайндагы зыяндуу контент менен күрөшүү боюнча окуудан өтүштү. [Веб-сайт]
https://fecomo.org/fecomo-collaborates-with-acepis-to-build-capacities-of-social-media-influencers-and-content-creators-in-kenya-to-address-harmful-content-online/articles/

× FECoMo. 2024. Расмий веб-сайт. [Веб-сайт] https://fecomo.org/

× FEComo. 2024. Кениядагы социалдык медиа инфлюенсерлери жана контент жаратуучулар тарабынан санариптик платформаларда дезинформацияга жана кастык тилине каршы күрөшүү боюнча кабыл алынган РЕЗОЛЮЦИЯ.
https://fecomo.org/wp-content/uploads/2024/04/Social-Media-Influencer-Content-Creator-Resolution-March-2023-1-1.pdf

✖ FeedyRecip. 2023. 80 жаштагы чоң эне жана анын көөрүктөн жасалган буюму [Фейсбуктагы пост].
https://www.facebook.com/feedyrecip/posts/an-80-year-old-grandmother-and-her-crochet-finished-product-/673451594827419/

✖ ICFJ. 2024. Коммерциялык эмес уюмдар үчүн ЖИни этикалык колдонуу саясатын кантип иштеп чыгуу керек. [Веб-сайт]
https://www.icfj.org/news/how-develop-ethical-ai-use-policy-nonprofit

✖ Маданияттар аралык диалог институту. 2021. Кошунаң менен тааныш. [Веб-сайт] https://meetyourneighbour.ca/what-is-myn/

✖ Джейкобсон. Н. 2024. Дипфейктер жана алардын коомго тийгизген таасири. CPI OpenFox. [Веб-сайт]
https://www.openfox.com/deepfakes-and-their-impact-on-society/

✖ Дженкинс Х. 2016. Жаштардын үнү, медиа жана саясий катышуу: Негизги түшүнүктөрдү киришүү. Х. Дженкинс, С Шрестова, Л. Гамбер-Томпсон, Н. Клиглер-Виленчик, жана А. М. Циммерман (ред.) китебинде, Бардык маалымат каражаттары аркылуу: Жаңы жаштар активизми (1-60 беттер). NYU Press. https://www.jstor.org/stable/j.ctt180401m.4

✖ Джером Ханли. 1999. Айсбергдин чокусунан ары. Маданий компетенттүүлүккө карай беш этап. The community circle of caring journal. https://pdkmembers.org/members_online/academy/L08-BeyondtheTipOftheIceberg.pdf

✖ Kligler-Vilenchik, N. 2016. Дүйнөдөгү терс көрүнүштөрдү азайтуу. Күйөрмандардын активизми үчүн популярдуу маданиятты пайдалануу. Х. Дженкинс, С Шрестова, Л. Гамбер-Томпсон, Н. Клиглер-Виленчик, жана А. М. Циммерман (ред.) китебинде, Кандай гана медиа болбосун: Жаңы жаштар активизми (102-148 беттер).
https://www.jstor.org/stable/pdf/j.ctt180401m.6.pdf?refreqid=fastly-default%3Aa71ac3e9d5975bf8efc58fec708790b1&ab_segments=&origin=&initiator=&acceptTC=1

✖ Линтерна Верде. 2022. Bases de datos del monitoreo Social Media 4 Peace Colombia (Басылбаган).

✖ LIS - Лондон дисциплиналар аралык мектеби. 2023. ЖИдеги сүрөт генераторлор бейкалыстыкты кантип күчөтөт. [Видео]
https://www.youtube.com/watch?v=L2sQRrf1Cd8

✖ Макбрайд К., Махадеван А., жана Элкинс Т. 2024. Генеративдик жасалма интеллекттеги негизги редакциялык саясаттын шаблону. Poynter.
https://docs.google.com/document/d/15m3Bb1886HsVU2nPDQHG71r_aBqNdp6FBiG0AsZFuL0/edit

✖ Майкл Войц. 2012. Маданияттар аралык байланыш жана өз ара түшүнүшүү маанилүү [Видео]
https://www.youtube.com/watch?v=AmoYmcZCoiw

✖ MOR10 thinking out loud about the internet. 2024. Блоггерлер, социалдык медиа жана контент жаратуучулар үчүн этика кодекси [Веб-сайт]
https://mor10.com/code-of-ethics-for-bloggers-social-media-and-content-creators/

✖ Пойнтер. 2024. Жасалма интеллект, этика жана журналистика. [Веб-сайт]
https://www.poynter.org/ai-ethics-journalism/

✖ Пойнтер. 2024. MediaWise. Баары үчүн санариптик медиа сабаттуулугу. [Веб-сайт] https://www.poynter.org/mediawise/

✖ Пойнтер. 2024. MediaWiseTeen Факт текшерүү тармагы. [Веб-сайт]
https://www.poynter.org/mediawise/programs/tfcn/

✖ Пойнтер. 2024. Редакциялык командаңарга ЖИ этикасы боюнча саясат керек. Бул жерден баштагыла. [Веб-сайт]
https://www.poynter.org/ethics-trust/2024/how-to-create-newsroom-artificial-intelligence-ethics-policy/

✖ Роберт Арнольд. 2015 Ишараттар дүйнөсү SHORT 13 30 [Видео]
https://www.youtube.com/watch?v=GRo0gLWqKxI

✖ Südwind. 2020. Hate Busters проекти. [Веб-сайт]
https://hatebusters.erasmus.site/

✖ Südwind. 2020. Жалкоо адамдар үчүн кастык тилине каршы колдонмо.
https://neu.suedwind.at/bildungsmaterial/the-lazy-persons-guide-against-hate-speech/

✖ Sumsub. 2024. Sumsub изилдөөсү: 2022-жылдан 2023-жылга чейин глобалдык дипфейк окуялары он эсе көбөйгөн.
https://sumsub.com/newsroom/sumsub-research-global-deepfake-incidents-surge-tenfold-from-2022-to-2023/

✖ Такур, Д. жана Ханкерсон, Д. Л. 2021. Фактылар жана алардын жалган негиздери: Онлайн дезинформация, раса жана гендер боюнча изилдөө программасы. [Веб-сайт]
https://cdt.org/insights/facts-and-their-discontents-a-research-agenda-for-online-disinformation-race-and-gender/

✖ The Guardian. 2024. Канадалык жаран шайлоодо нөл добуш алып, тарых жаратты: 'Мен чыныгы биримдиктин талапкеримин. [Веб-сайт]
https://www.theguardian.com/world/article/2024/jun/27/zero-votes-canada-election

✖ The Washington Post. 2022. Көмүскө тыюу салуу реалдуу: Социалдык тармактар үнүңөрдү кантип өчүрөт. [Веб-сайт]
https://www.washingtonpost.com/technology/2022/12/27/shadowban/

✖ The World is Our Thing. 20217. Дүйнө жүзү боюнча ишараттар. [Видео]
https://www.youtube.com/watch?v=qCo3wSGYRbQ

✖ ЮНЕСКО & ЕККУ. 2018. Билим берүү аркылуу антисемитизмге каршы күрөшүү. Саясатчылар үчүн көрсөтмөлөр. Париж, ЮНЕСКО.
https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000263702

✖ ЮНЕСКО, ЖИ боюнча эл аралык изилдөө борбору (IRCAI). 2024. Системалык бир жактуулукка каршы күрөшүү: Улуу тил моделдериндеги гендердик бир жактуулукту изилдөө. Париж, ЮНЕСКО.
https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000388971/PDF/388971eng.pdf.multi

✖ ЮНЕСКО. 2005. Маданий көрүнүштөрдүн ар түрдүүлүгүн коргоо жана илгерилетүү жөнүндө конвенция. Париж, ЮНЕСКО.
https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000142919

✖ ЮНЕСКО. 2013. Сөз эркиндиги: Студенттер үчүн колдонмо. Париж, ЮНЕСКО.
https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000218618

✖ ЮНЕСКО. 2016. Маалыматка жетүү... Жалпыга таандык укук. [Видео]. https://www.youtube.com/watch?v=og-UNP1ZvPU

✖ ЮНЕСКО. 2020. Аял журналисттерге карата онлайн зомбулук: жайылышы жана таасирлери боюнча глобалдык көрүнүш. Париж, ЮНЕСКО. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000375136

✖ ЮНЕСКО. 2021. Жасалма интеллект этикасы боюнча сунуштама. Париж, ЮНЕСКО https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000381137

✖ ЮНЕСКО. 2021. Сөз эркиндигинин мыйзамдуу чектөөлөрү: үч бөлүктөн турган тест [Видео]. https://youtu.be/Wg8fVtHPDag

✖ ЮНЕСКО. 2021. Кастыкты козутууга каршы күрөшүү боюнча Рабат аракет планы [Видео]. https://youtu.be/ADrB32OSe3A

✖ ЮНЕСКО. 2021. Сынчыл ой жүгүртүп, акыл менен бас! Мугалимдер жана үйрөнүүчүлөр үчүн медиа жана маалыматтык сабаттуулук боюнча окуу программасы. Париж, ЮНЕСКО.
https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000377068

✖ ЮНЕСКО. 2022. Конспирация теорияларына кайрылуу: мугалимдер эмнени билиши керек. Париж, ЮНЕСКО.
https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000381958

✖ ЮНЕСКО. 2022. Адам укуктарына негизделген ыкма менен, интернетте кастык тилге кантип каршы туруу керек? [Видео].
https://youtu.be/JirA4suOdXI

✖ ЮНЕСКО. 2022. Журналистика – коомдук байлык: Сөз эркиндиги жана медианы өнүгүүсүндөгү дүйнөлүк тенденциялар, 2021/2022-жылдардагы глобалдык доклад. Париж, ЮНЕСКО.
https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000380618.locale=es

✖ ЮНЕСКО. 2023. Дүйнөдө прогрессти тездетүүнүн зарылдыгы: Жарандардын маалыматка жетүү укугу боюнча ЮНЕСКОнун 2023-жылга карата чыккан отчёту (ТӨМ 16.10.2). Париж, ЮНЕСКО.
https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000385479

✖ ЮНЕСКО. 2023. Санариптик платформаларды башкаруу боюнча колдонмолор: көп тараптуу ыкма аркылуу сөз эркиндигин жана маалыматка жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу. Париж, ЮНЕСКО.
https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000387339

✖ ЮНЕСКО. 2024. 2024-жылдагы Гендердик доклад. Технология — анын шарттары менен. Париж, ЮНЕСКО
https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000389406

✖ ЮНЕСКО. 2024. ЖИ жана Холокост: тарыхты кайра жазуу? Холокостту түшүнүүгө жасалма интеллекттин таасири. Париж, ЮНЕСКО.
https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000390211

✖ ЮНЕСКО. 2024. Генеративдик ЖИ көйгөйлөрүнө медиа жана маалыматтык сабаттуулук программаларынын жоопторун изилдөө: ЮНЕСКОнун саясий кыскача баяндамасы. [Веб-сайт]
https://www.unesco.org/en/articles/examining-media-and-information-literacy-responses-generative-ai-unesco-policy-brief

✖ ЮНЕСКО. 2024. Санарип доорундагы глобалдык жарандык билим берүү: мугалимдер үчүн көрсөтмөлөр. Париж, ЮНЕСКО.
https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000388812

✖ ЮНЕСКО. 2024 Глобалдык билим берүү мониторинги боюнча отчет: Гендердик отчет – Технология анын шарттарында. Париж, ЮНЕСКО. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000389406_eng

✖ ЮНЕСКО. 2024. Сөздөрдүн Күчү: Кастык тилге каршы туруу жана Сөз эркиндигин коргоо (Толук версия) [Видео].
https://youtu.be/LNW6GOsZo0M

✖ ЮНЕСКО. 2024. Бүткүл дүйнөлүк басма сөз эркиндиги күнү 2024. [Веб-сайт] https://www.unesco.org/en/youth-multimedia-room?hub=66704

✖ ЮНЕСКО. 2024. Жаш журналисттер 2024-жылдагы Бүткүл дүйнөлүк басма сөз эркиндиги күнүнө карата конференцияда жергиликтүү көз караштарды билдиришти. [Веб-сайт]
https://www.unesco.org/en/articles/young-journalists-bring-local-perspectives-world-press-freedom-day-conference-2024?hub=66704

✖ ЮНЕСКО. (датасы көрсөтүлгөн эмес). Маалыматка жетүү мыйзамдары. https://www.unesco.org/en/access-information-laws

✖ ЮНЕСКО. Эл аралык Медиа жана Маалыматтык Сабаттуулук боюнча электрондук платформага кош келиңиз. [Веб-сайт]
https://www.unesco.org/mil4teachers/en

✖ ЮНЕСКО. 2023. "Сенин пикириң баары бир мааниге ээ эмес": Генеративдик ЖИ доорунда технологиялык гендердик зомбулукту ачыкка чыгаруу. Париж, ЮНЕСКО.
https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000387483

✖ Бириккен Улуттар Уюму (Башкы Ассамблея). 1966-жыл. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык Пакт. Келишимдер сериясы, 999, 171. https://www.ohchr.org/sites/default/files/ccpr.pdf

✖ Бириккен Улуттар Уюму. 2022-жыл. Кастык тил жана анын кесепеттерин түшүндүрүү | Кийинки зомбулукту алдын алуу үчүн эмне кылса болот. [Видео]
https://www.youtube.com/watch?v=bQeoUQa3MiU

✖ Бириккен Улуттар Уюмунун Калк Фонду (UNFPA). (датасы көрсөтүлгөн эмес). Технология ишке ашырган гендердик зомбулук: өсүп жаткан коркунуч. https://www.unfpa.org/TFGBV

✖ The Verge. 2024. Генеративдик ЖИ маалымат алуу жолубузду кантип өзгөртө алат [Инстаграм посту]
https://www.instagram.com/reel/C-8IgiRJDRH/?igsh=Y2pza3J4YjVjODhl

✖ Дүйнөлүк Экономикалык Форум. 2023-жыл. Дипфейк контентинин тынчсыздандырган өсүшүнө кантип каршы тура алабыз?
https://www.weforum.org/agenda/2023/05/how-can-we-combat-the-worrying-rise-in-deepfake-content/

**Бул "ММС ааламына саякат" колдонмосу жаштар уюмдарына Медиа жана маалыматтык сабаттуулукту (ММС) уюмдун саясаттарына, стратегияларына жана ишмердүүлүгүнө интеграциялоого көмөк көрсөтүү үчүн иштелип чыккан. Анда кастык тилине жана дезинформацияга каршы туруу менен бирге сөз эркиндигин коргоо, этикалык контент жаратууну өнүктүрүү жана Интернет аркылуу тынчтыкты курууга өбөлгө түзүү сыяктуу негизги темалар камтылган.**

**Бул колдонмо жаштар уюмдарын жаштардын арасында сынчыл ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жана алардын санарип мейкиндиктеги активдүү, жоопкерчиликтүү катышуусун бекемдөөгө багыттайт.**

unesco
Бириккен Улуттар Уюмунун
Билим, Илим жана Маданият
боюнча Уюму

9 789230 002862